


# Жаңы дүбүрт



*Жыйнак Эл Аралык тоолор жылына жана акын Курбаналы САБЫРОВДУН 60 жылдык юбилейине арналып чыгарылды*



Тоолор, тоолор – жашыл тоолор,
көк тоолор,
Толкун болуп толкуп жатып катышкан.
Эпопея – жашыл томдор,көк томдор,
Кылымдардын сырын катып жатышкан.

Тоолорумдун ар бир бекем катмары,
Өмүрлөрдүн салып кеткен тактары.
Тоолорумдун үч бурчтанган учтары,
Өмүрлөрдүн жазган жабык каттары...



Баткен шаарында өткөн райондук «Төрт -Гүл-Кечеси-2001»
чыгармачыл жаштардын фестивалын уюштуруучулар
акын Жусуп Айдартеги, публицист Анара Ураимова,
райадминистрациянын башкы адиси Абдрашит Тагаев.



Жазуучулар (солдон оңго) Жалилов Абдыманап, Аскар
Ражабали, Тургунбай Жума жана журналист Зулпукар
Балтабаев кезектеги жолугушуудан кийин.

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР КОШУНУНУН
БАТКЕН ОБЛУСТУК БӨЛҮМҮ



# Жаңы дүбүрт

Жазуучулардын өмүр таржымалы
жана чыгармалары камтылган
жыйнак

«САБЫР»
БИШКЕК
2002

ББК 84. Ки 7
Ж–32

*Китептин жарык коруусуно Баткен облустунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатор Мамат Марипович Айбалаевдин колдоосу көрсөтүлдү. Мындай алгылыктуу ишке демоор корсотулгондугу учун Баткен облустунун жазуучулар жамааты терең ыраазычылык билдиришет.*

*Тузгон Т. Жумаев*
*Суротчусу Б. Жайчыбеков*

Ж–32 Жаңы дүбүрт: (Баткен жазуучуларынын өмүр таржымалы жана чыгармалары камтылган жыйнак) / Түз.Т.Жумаев; сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков – Б.: Сабыр, 2002 –144 б.

ISBN 9967–21–313–2

Бул жыйнакка Баткен облусунда жашап жана эмгектенип жаткан жазуучулардын өмүр таржымалы, чыгармачылыгы жөнүндө маалымат менен кошо көркөм чыгармалары да берилди. Жыйнак жалпы китеп окурмандарга аталып чыгарылды.

М 4702300600 – 02 ББК 84.Ки 7

ISBN 9967–21–313–2 © «Сабыр» басмасы, 2002

# ШАГДАМ КАДАМ

Адам баласынын ойгонуусу мезгилге байланыштуу. Мунун коштоп баруучусу агартуу маданияты. Мына ушу эки бирдик акыл-эстин жаралып-жараттуусунун башкы башаты.А жаралуу гендик тукум куучулукка, табият таасирлерине негизделген. Анын алып жүрүүчүсү шык, өнөр, талант. Мына ошо жылт эте көрүнүп калып, сезим дүбүртүн ой-жайына койбой бүлүк салган көркөм дүйнө бирде ээ-жаа бербей алоолосо, бирде басандап, көйгөй турмуштун ачуу-таттуусунда бышып жетип отурат. Бирок ал оргуштап турган орошон талантка бир көмөктөшөөр көзөмөл кетектиги, жол көрсөтөөр насаатчы керектиги илгертеден келаткан салт жөрөлгөсү. Устат, шакирт дегендей өнөрман адам устатсыз, коомдун таасирисиз узана албагандыр. Бул илгертеден келаткан турмуш көрөңгөсү, салт каадалары.

Мына ошо омоктуу орошон өнөр, талант, шык буулуп ээ-жаа бербей бууракандап турган чакта мурда алыскы делинген Баткен чөлкөмүнө да ырыстуу ыкыбалдын "кел-кел" ооматы бир келип турган чак. Жерге, элге ооматтын келиши ачыла албай басынган элдин рухий асыл дүйнөсүн дагы бир жолу көтөрдү, көкөлөттү. Баарынан да таланты басынган өнөрлүү адамдардын өрүшү кенен ачылды. Эркин сөздүн кудурети рухий асылдуулуктун ажарын ачты, бугуп жаткан талантка шык берди, ойготту. Кезинде өзүнө чөйрө табалбаган өнөрман адамдардын канчалары ачыла албай дак кетти. Мына ошо өткөн күндөр эсесин чыгара бул элдин түп көтөрүлө бир кайра жаралуусу, күн санап эмес, саат санап өсүүдө. "Аккан арыкта суу агат", муундар аралык кайра жолугуу дегендей байыркы Баткен жергесинин өнөр, талантка бай асыл дүйнөлүү адамдарынын ачылуусу өрүштүү кетип жатканына эч бир күмөн жок. Оо, Баткен чөлкөмү кезинде көөнө жердин көзү, айтса айтып бүткүс тамырлуу тарыхый сөзү бар куттуу жер эмес беле. Элдин түптүүлүгү, улуулугу өнөрман адамдарга, баатырларына, сулууларына байланыштуу. Башкасын коёлу, жазма-сызма адабият өнөрүнө кеч келсе да оозеки төкмөчүлүк өнөрүндө бир топ ат минип эл аралаган ак тандай акындары, жазып-сызган Молдо Ныязы өткөн бул Баткен чөл кыябанында, кермек жыттуу шыбактуу бепаянында.

Мына ошо аталар узанган сөз өнөрү менен муундар аралык кайра жолугуусу бул күндөрдө дагы жүз берди. Бул чөлкөмдүн жазма адабиятынын төл башындагы акын Молдо Нияз, ыраматылык акын агабыз Курбаналы Сабыровдор болсо, булардын артында таскагынан жазбаган жазмакер акын жазуучуларыбыз четтен. Илгергилер айткандай, «ыкыбалы келишсе ыргыткан ташы өйдө кулайт» демекчи, калем кармап далалаттана жазып эмгектенген алды төрт, беш китептердин автору болушкан жазмакерлерди айтып, мына бу алгачкы саамалык жыйнакчаны элдин элегине тартуулап отурабыз.

Оо, булар деле алды республикада ат салыша акын-жазуучулардын алдынкы көчүндө дүбүрт салган, эл ишенимине кирген кадырлуу акын жазуучулардан болушса, арты эртеңкисинен жылт эте үмүт эттирген, эми эле ойгонгон талантына кам көрө далалаттанган жаштарыбыз.

Ыраматылык көч башы акын агабыз Курбаналы Сабыровдун артынан келатышкан Эгемберди Эрмат, Нууман Саади, Атакул Жакып, Аскар Ражабали, Турабай Жоро, Абдилат Доор, Жусуп Айдартеги, Тургунбай Жума, Турдали Имат, Самидин Курмушу, Алтынай Баатыр кызы, Апызали Кочкоров, Айыпхан Акмат жана башкалар бар.

Айтор көч эрчиген куру калбайт дегендей жогорттогулардын акылнасаатында, чыгармачылык өнөрканасынан таалим, шык алган жаштарыбыз да алды бир китепче чыгарып, арты гезит-журналдардан көрүнө калып чоң үмүттө эмгек этип жүрүшөт.

Бул жыйнак албетте Баткен облусунун жазмакер акын-жазуучуларынын эң алгачкы арзуу саамалыктары. Кимдин кандай деңгээлде рухий асылдуулукту кастарлап жазып-сызып, элдин элегине тартуулай алгандыгы – ал ошол акын-жазуучунун мүмкүнчүлүгүнө, дараметине байаланыштуу. Аны күнөөлөштүн кереги барбы, жокпу – салават окурманда. Адабий жогорку чөйрөдөгү сын айтуучулар ал өз жолу менен.

Анда бул жаңы, баарыбыздын кан-тенибизден бүткөн арзуу саамалыктарыбыз неси болсо да алгачкы адабиятка бут койгон, жолдон кайтпас бут шилтеген шагдам кадамыбыз болсун. Элдин көптөн күткөн ак батасы тийген ак жолтой китебибиз болсун! Ак жол силерге, жаңы облабыздын жазмакерлери! Бизден эл көптү күтөт. Эл күткөн чыгармаларды жазалы!

*Мурзапар ҮСӨН,*
*Баткен облустук жазуучулар*
*Кошунунун төрагасы.*
*Жазуучу-драматург.*



## АБДИЛЛАБЕК АВАЗ

1964-жылдын 4-январында Лейлек районундагы Баул айылында малчынын үй бүлөсүндө туулган.

Орто мектепти 1982-жылы Сүлүктү шаарындагы Макаренко атындагы № 3 орто мектептен бүтүргөн. 2001-жылы ОшМУнун журналистика факультетин аяктаган. А. Аваз фотограф, куруучу, кенчи, Сүлүктү шаардык "Шахтер жолу" газетасында кабарчы, "Алга газетасында бөлүм башчы, жооптуу редактор болуп иштеген.

Алгачкы ырлары 1985-жылы "Жоокердин ыры" деген ат менен Лейлек райондун "Алга" газетасында жарык көргөн. Ырлары республикалык "Жаш ленинчи" жана "Кыргызстан пионери" басылмаларында жарыяланган.

1998-жылы Курбаналы Сабыров атындагы адабий сыйлыктын лауреаты болгон. "Таалантка таазим" аттуу конкурстун дипломанты.

"Кашка суу кайрыктары" жана "Арыбагын, жүрөгүм" аттуу ырлар жыйнактарын басмага өткөргөн.

Учурда "Атаян-баба" аттуу поэма-легенданын үстүндө изденип иштеп жүрөт.

* * *

Байкалбаган мурда түк
назик сезим эргитет.
Көптөн бери түшүмө
бейтааныш бир кыз кирет.

Бөбөк минип чырпык ат
көңүлүндө жок санаа.
А мен болсо кыздарды
карай берем уурдана.

Жыты келет жийденин
жумшак, эрке жел менен.
Карап туруп талааны
кыял кезем, термелеп.

Буккан ойлор көңүлдө
мына эми ачылар.
Жазып жатам кыз жана
жаз жөнүндө жаңы ырлар.

Делебемди шу бүгүн
экилентип жашыл жаз
жаш бүчүрдөй жаңы ырга
толуп кетти ак кагаз.

## КӨПҮРӨ

Жалган жашоо оргуган жээктерди,
жар жемирген толкунга көөдөн тосуп,
көпүрөлөр бар үчүн тирилик бар,
өмүр барат жалганда кетпей тозуп.

Көпүрөдөн өтүшөт жакшы, жаман,
көпүрөсүз өтүү тозок суудан аман.
Көкүрөгүн толкунга тосуп турган
көпүрөлөр бузулса өмүр тамам!

... Тигине көпүрөдөн барат өтүп,
таалай издеп кыз-жигит аркы жээктен.
Жетүү үчүн бакытка, бабалары
жетпей калып өмүрдөн өтүп кеткен.

Бу турмушта өзгөчө көпүрө бар –
бузбай жалган келаткан тириликти:
Жүрөктөргө салынган көпүрөлөр
бузулбасын! Бузулса – өмүр бүттү!

Көпүрөдөн өтүшөт жакшы, жаман,
көпүрөсүз дайрадан өтпөйт аман.
Көкүрөгүн толкунга тоскон дайым
көпүрөлөр, ылайым, болсун аман!

## ЖАРЫККА ЖЕТЕМИН ДЕП...

Өмүрдүн барат жолу тоого таяп,
өзүмдү-өзүм кээде кетем аяп.
Жашоодо жаңылыпмын эчен ирет
жарыкка жетемин деп жылаңаяк.

Кабылам элестерге калган тунуп,
көңүлдүн тереңинде унутулуп.
Жашоодо бир жарк этип алмайым бар
жеткенде, жетпегенде улутунуп.

Жаандай көктөмдөгү дабыраган,
жакшы күн өтөт кыйгач жамыраган.
Ай барат чечалбастан түн көйнөгүн,
а жарык узагандан-узайт улам.

Жашоонун бааламайын ызаат, сыйын
жашаганың бейпайда, сары тыйын.
Жүрөгүң бир булкунуп алмайынча
жарыкка, түшүнүп мен, жетүү кыйын...



ГЫЛАМИДИН АБДРАХМАН
1951-жылы 24-сентябрда Баткен районунун Сан-Сарай айылында туулган. Кесиби – математика мугалими. ОМПИнун физика-математика факультетин 1972-жылы бүтүргөн.

*Эмгек жолу:* Кызыл-Жол орто мектебинде математика мугалими. Аскер кызматы. Кара-Булак орто мектебинде математика мугалими. Бужум орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы.

Кызыл-Бел орто мектебинин директору. Райондук элге билим берүү бөлүмүнүн инспектору. Н.Крупская орто мектебинин директору. Агартуу кызматкерлеринин кесиптик кошунунун райондук комитетинин төрагасы. Райондук аткаруу комитетинин маданият бөлүмүнүн башчысы. Райондук мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары. Баткен шаар башчысы. Баткен областтык калкты иш менен камсыз кылуу башкармасынын башкы адиси.

*Чыгармачылык иштери:* Эли-жердин тарыхын иликтөөчү "Мурас" тобунун уюштуруучусу жана жетекчиси. "Сан-Сарай" тарыхый этнографиялык музей коругунун уюштуруучусу.

Баткен районунда өткөрүлгөн таштан скульптура жасоо боюнча скульпторлордун үч жолку симпозиумунун комиссары.

Академик Т.Садыковдун "Манас" айкелин Баткен жергесине орнотуунун демилгечиси жана анын курулушунун жетекчиси.

Эки томдук "Манас" энциклопедиясынын биргелешкен автору.

Москвадагы "Пик-Кондекс" басмасынан чыккан Мурад Аджинин кыпчактар тууралуу беш томдугунун биринчи "Полынь половецкого поля" аттуу китебин которуп басмага берди.

*Коомдук иштери:* Баткен облусттук Кеңешинин депутаты.

Коргоо Министрлигинин Баткен облусундагы 7-резервдик полкунун командиринин орун басары. Запастагы аскер майору.

## ТАЖИКТЕР БАЯНЫ
*(кыскартылып берилди)*

КИРИШҮҮ ОРДУНА. Баткен районун Тажик жана Өзбек Республикаларынын элдүү пункттары курчап турат. Баткен 0облусунун кадырлуу өкүлдөрү Тажикстандын Ходжент шаарындагы жолугушуусунда болгондо, тажик туугандар: "Кыргыздар Алтай, Эне-Сай тараптан келишкен, туурабы?" дешсе, биздин өкүлдөр "Туура" деп жооп беришет. Анда тигилер: "Көрдүнөрбү? Баткендин аймагындагы фарсы тилиндеги топонимикалык аттар – ал аймак тажиктердин жери экендигин көрсөтүп турат" дешет. Мындай ультраулуттук саясат тажиктер арасында тымызын келе

жатканы мурдатан эле белгилүү болучу. Коркунучтуу көз караш эмес бекен? Бул эмгек мына ошондой көз караштарга жооп катары, атуулдарыбызды тарыхый даректер менен кабардар кылып коюу үчүн жаралган. ("Баткен таңы" облустук гезитинде 2001-жыл 15-февралда баян этилген). " Кайсы бир элди жок кылуу үчүн аны кырып салбай эле, тарыхынан гана ажыратып коюу керек" деген Амир Темирдин акылманы Токтогул ырчынын айтканында калет жок. Ал эми Адольф Гитлердин жардамчысы Гиммлер да: "Кайсы бир элди кулга айлантуу үчүн анын тарыхын гана жок кылып коюу керек, тарыхсыз эл алсыз болот",– деген тура. Тарыхый даректерден кабардар болмоюн, адамдын рухунун күчтүү, патриот болушу мүмкүн эмес. Тарыхын билбеген адам эч качан элдик боло албайт, анда канчалык дөөлөт болсо деле, ал баари бир – бир байкуш, күн кечирген макулук сымал кала берет. " Миң кылычты бир акыл сөз кесет" – дейт. Айрыкча кошуна эл менен жанаша жашоодо – күчтүү эмес, а тарыхка бай акылды колдонгонубуз абзел.

СОГДЫЛАР ЖАНА САКТАР. Орто Азия түркий элдери тууралу маалыматтар биздин эрага чейинки XYI кылымдарда эле, же мындан 3600 жылдар мурда белгилүү. Биздин эрага чейинки II кылымда Азиянын дээрлик жарымына ээлик кылган, башында Алп-Тога (фарсылар аны Авросиеб деп аташкан) Турган түрк-кыпчактарды гректер "скифтер" деп аташкандыгы тарыхтан белгилүү. Ошол Алп-Тонгага, байыркы искусствонун туу чокусу эсептелинген Вавилон (азыркы Ирак, Иран) да баш ийип турган. Фарсы падышасы Йездигер III амал менен Алп-Тонганы коноктоп жатып өлтүрөт. Алп-Тонганын аскери үч топ менен жүргөн. Анын ортоңку тобу катуу кыргынга учурап, арткы тобу чегинүүгө мажбур болот. Ал эми алдыңкы тобу Ана-Дол тоолорун таянып кетишет, алар азыркы Турция түрктөрү. Кыпчактар өздөрүн "кубсак" (куб-өтө, мааниси "өтөсак") аташкандыктан, аларды фарсылар кастык менен "сак" (фарсча "ит") деп аташкан деген фактылар да жок эмес. Скифтер башка коңшулаш элдерге аскерий күч жагынан үстөмдүк кылып, мезгилинде Кытай императорлорун Улуу Кытай сепилин салууга мажбур кылды. Түрк-кыпчактары мекенин "Туран" деп аташкан. Байыртан бул эл найман, уйгур, кыачак, ават, нойгут, тейит, кесек, коңурат, канды, катаган, могол, огуз ж.б. тарыхый уруулардан тургандыгы айтылат. Уруу башчылары "хан" аталып, хандар каганды шайлашкан. "Согдылар скифтердин бир бөлүгү болушуп, бөтөндөрдүн бөлүп жаруусуна дуушар болушкан" деген ойду да четке кагып салууга болбойт. Түрк элинин бир өкүлү өзбектер өздөрүн согдылар урпактарыбыз дегени да бекеринен эмес. Фарсылар – скифтер менен, анын ичиндеги согдылар менен ар дайым тирешип турушкан. Бирок кийин эле, Искендер Зулкайнардын (Александр Македонский, Македониялык Искендер) тарыхтарын берүүдө, согдылар жана алардын баатырдык аракеттери фарсылар тарабынан "приватташып" кеткендей. Тажик элинин улуу ойчул акыны тарыхчысы Фирдоусинин 100 миң сап-

тан турган "Шахнаме" аттуу афсаанасы (поэмасы) – тажик элинин алгачкы тарыхы. Мына ошол "Щахнаме" тууралу, "Тажикон" ("Тажиктер") аттуу эки томдук тарыхтын автору, Тажик ССРинде көп жылдар биринчи секретарь болуп турган, таоых илимдеринин доктору, академик Бобожон Гафуров мындай дейт: "Поэма Рустам баатырдан түпкү теги тууралу согд-сак циклында айтылган легенда болуп саналат" ("Таджики" 2-том. 100-бет).

Байыркы тарыхтардан"Даван", азыр "Фергана" өрөөнү тууралу эки сөз... Манас баатырдын чоң аталары Тубөй, Ороздор Анжианды борбор кылып курушканда, эс алуучу багы-босттон болгон жерге аялдарын, перилерин жайгаштырышып, аны "Перикана" ("Перилер үйү") деп аташкан. Анын жанындагы, дүйнөнүн төрт бурчунан алдырылган айбанаттарды, ажыдаар, арстандарды карманган жерди "Маргулан" дешкен. Кийинчерээк Анжиан-Андижан, Перикана-Фергана, Маргулан-Маргалан, ал эми Даван-Фергана өрөөнү болуп өзгөрдү. Азыр Фергана "Фарк-Она" болуп, алгачкы маанисинен биротоло ажырап баратат. Биздин эрага чейинки II кылымда Даванга Македониялык Искендер басып кирет. Бирок, ал Сыр-Дарыя боюндагы согд элинен жеңилип дарыянын аркы өйүзүнөн атылган жаа огунан жарат алып артка чегинет. "Мына ошол Искендерди женген байыркы согдылар биз болобуз" дешкен "тажик" деген этнос ал мезгилде али бул жарык дүйнөгө жарала элек болучу. Кантип? Алгач Орто Азиянын исламдашуусу, "кожолор" деген кимдер болгон, ошолорго токтололу.

ИСЛАМДАШТЫРУУ ЖАНА КОЖОЛОР. Арабстанда ислам дини орногондон кийин, 640-жылдардан баштап анын аймагын кеңейтүү иштери кызуу башталат. Орто Азия аймагын арабдар Маверанахр (арабча "дарыянын аркы жагы", же Аму дарыясынын ар жагы маанисинде) деп аташкан. 654-жылдан баштап согдыга, же болбосо Маверанахрга кол салууга жана бул элди исламдаштырууга даярдык көрүлүп, Аравиянын Куф, Басра жерлеринен, азыркы Ирандын Хорасан аймагына 50 миң араб үй бүлөлөрү көчүрүлүп келинип, 5 горнизонго бөлүштүрүлүп жайгаштырылат. 673–74, 676, 680–704-жылдары Маверанахрга кол салуулар болот. Бирок бул салуулар дин үчүн эмес, а талап-тоноо менен көбүрөөк алектенген. Согуштук жеңүүлөр туруктуу болбой койду, анткени Араб халифаты бийлик талашуу астында калып, халифтер тез-тез алмашылып жаткан. Халифат башчылыгына Абл-ал-Малике ибн Марване (685–705) келгенде, мамлекет бир топ туруктуу болуп, анын саясий деңгээли көтөрүлө баштайт. Марване халифаттын Хорасандагы бийлик өкүлдүгүнө Кутейба-ибн-Муслиманы дайындайт. Кутейба 705-жылы Маверанахрды басып кирип, 725-жылга чейин исламдаштырууну бир топ ийгиликтүү алып барат. Динге киргендер налогдордон бошотулуп, динди үгүттөөчүлөргө кошумча жер-суу бөлүнүп, казынадан акы да төлөнөт. Халифатта кайрадан саясий абал өзгөрүп, Кутейба 725-жылы өз жар-

дамчыларынын колунан чыккынчылык менен өлтүрүлөт. Араб аскеринин башчысыз калгандыгынан, жергиликтүү согд эли арабдарды Мавеpанахрдан кууп чыгышып, өздөрүнүн көз карандысыздыгына жетишет. Араб халифат башчысы болуп Хишаме келгенде, анын Хорасандагы өкүлү болуп Наср-ал-Сейяр дайындалат. Ал 735-жылы Маверанахрга күчтүү кол менен кирет, согд элинин арасындагы ислам динин үгүттөөчүлөрдү жана атка минерлерди ордо кызматкерлери кылып алат, Маверанахрда бекем бийлигин орнотот, ислам динине кирбеген, мурдагы теңир дининен кайтпагандарды катуу кыргынга салат. Ислам динин Согды элине киргизүү үчүн ал Хорасандан 20 миң фарсы жоо аскерлерин алып келет. Жөө аскерлер 50-100 адамдан турган топторго бөлүнүп, ар бир топко бирден үй-бүлөлүү араб дин кызматкери жетекчи болуп бекитилген. Ар бир арабдын өзүнчө жабык арабалары, үй-бүлөлөрүнүн көчүп-конуусу жана жашоосу үчүн зарыл шаймандары болгон. Алар философия, тарых, табият таануу, математика, ал турсун физика жана химия илимдеринен да кабардар болушуп, ал илимдерин динди үгүттөөдө кеңири пайдаланышкан. Мусулман болуу үчүн жасалуучу 5 парздын бири – өмүрүндө бир жолу Аравияга (Каабага) барып сыйынган адам "хожи" боло тургандыгын түшүндүрүүдө, жергиликтүү эл, ал арабдар өздөрү тубаса "хожа" турбайбы деп кабыл алышат. Мына ошол алгач келген арабдар жана алардын ушул күнгө чейин сакталып калган урпактары "кожолор" деп аталышат.

Андан ары кыскача. Маверанахр исламдашкандан баштап, Орто Азия жана Иран региондору бир башкаруучулук аймак болуп, бул аймакты VII кылымдан алгач тахириддер, андан соң сафариддер, кийин самониддер, анан газневиддер, кийин караханиддер бийлеп келишти. Бийликке келген мамлекет башчылары элди ыкчамдуу башкаруунун диний жолун пайдаланышты. Ордодо дастандар, тарыхтар жазыла баштады. Караханиддер мезгилиде Жусуп Баласагундун "Кутатги билиг" эмгеги пайда болду. Эл отурукташа баштайт. XIII кылымдан чыңгызиддер, кийин тимуриддер бийликке келишти. Бул мезгилде Орто Азия менен Ирандын жалпы бийлениши ажырымга учурайт. Чыңгызиддер менен тимуриддердин тирешүүсүндө туркий элдеринин Туркистан мамлекети туруктуу болбой калды, ар түрдүү уруулардын өкүлдөрүнөн куралган "өзбек" эли пайда болду. Кыргыздар Бухарага көз карандысыз Кокон хандыгын жаратышты. Бирок хан тукумунан гана хан болушу керек деген түшүнүктөн улам, Кокон хандыгы кыргыз элинин ордосу боло албай, акырында ал кыргызды кыргынга учураткан күчкө айланып кетти. Орто Азияда кичи республикалар пайда болду. Турк уруулары булардын ар бирине, ал турсун Тажик республикасына бөлүнүп-бөлүнүп, өз ара жат болуп кала берди. Бир чоң, күчтүү Түркстан мамлекетин куруууну каалоочулар "пантуркизм" жардыгы менен репрессияга учурашып, өмүрлөрү кыйылды, айрымдары чет элдерге качып эли-жеринен ажырашып жан сакташты.

ТАЖИКТЕР КАНДАЙЧА ЖАРАЛДЫ? Тажиктердин пайда болуусун,

ошол эле тажиктердин улуу тарыхчыларынын эмгектеринен жолуктурууга болот. Атактуу Абу али ибн-Сина улуу дарыгер гана болбостон, ал улуу философ да, тарыхчы да болгон. Авицена, алгачкы Самония тарыхчысы Абу Бакир Наршахинин жазып калтыргандарын көп окуйт. Ал эми А. Солдатзе жетектеген, Авиценаны иликтеген окумуштуулар тобу тарабынан даярдалган, Ташкенттеги "Гаффур Гулям" басмасынан 1985-жылы жарык көргөн "Ибн-Сина" (Авицена) китептин 98-бетинде мындай делинет:

"...Ибн-Сина, 720–724-жылдары бийлик жүргүзгөн полководец Кутейба өлгөндөн кийин, Бухарада көтөрүлүш башталганын, Жетисуудан түргөштөр жардамдашканын Наршахиден окуйт. Мында арабдар жеңилип, согдылар бийликке келишет. Бирок 734-жылы, Бухара, Самарканд, Чач, Фергана эли кайрадан халифат өкүлү Наср-ибн-Сейяр жетектеген араб аскерлеринен женилишет. 725–735-жылдардагы согдылардын он жылдык боштондугу алар үчүн кымбатка турду.Согды аскерлери катуу кыргынга учурады. Бирок элди мусулманга киргизүүдө кошумча күч керектигин араб полководеци баамдады. Ал фарстардан жаңы аскер кураганы Хорасанга кетти. Курап келди.Бирок бул аскерлер согушуу үчүн келген жок, согуша турган эр калбай калган болучу. Аларды жаңы элди пайда кылуу, ал эл аркылуу исламды бекем орнотуу максатында алып келген болучу. Натыйжада, алынып келинген фарстар менен жесир согд аялдарынын ортосунан жаңы этнос тажиктер пайда болду".

"Биринчи тажик 736-жылы пайда болуптур" десек ката кетпечүдөйбүз.."Ал жаңы этнос кандайча "тажик" деген атка конуп калды?"- деген да суроо туулат. Назар кылыңыз.

"ТАЖИКТЕР". Дагын эле тажик булактарына кайрылалы. Бобожон Гафуровдун "Тожикон" эки томдугунун 2-томунун 92-бетинде мындайча айтылат:

"...IX-X кылымдарда тажик тилиндеги адабияттар кеңири өнүгө баштайт. Маверанахр жана Хорасанда чоң этнос түптөлүп, ал топ өзүнүн этникалык "тажик" деген атына X-XI кылымдарда ээ болот. Абул-Фазль-Бейхаки, 1043 – 44-жылдары султанга жакын адамдардын "...бизде, тазиктерде..." дегенинен, алгачкы жолу "тазик" деген сөздөрдүн оозго алынгандыгын айтат. Ал 1040-жылы Денданахандын алдындагы салгылашуусу баяндап, кытай менен болгон кармашууда индиялыктар, арабдар, курддар качышып, тазик аскерлери катуу кармашкандыгын эскерет".

Мына, жаңы этноско ат качан конду. Эмне үчүн "биз тазиктербиз" деп аташты? Фарсы элинде "таз" деген уруу жок. Ал эми жергиликтүү элдерлин негизи бөлүгү туркий "таз" уруулары болучу. Мына, согдылар кимдер!!!

КОШУМЧА. а) "Кыргыздын ат туягы баспаган жер кысыр" делинет эмеспи. Түрк-кыпчактары Кытайдан Балтика бойлоруна чейинки аралыкта жашашты. Алтай мекен борбору болгону ырас. Алардын бир бөлүгү кыргыздар Алтай, Ала-Тоо, Памир,Тян-Шан аралыгын мекендешти. Кыргыздар Эне-

Сайдан, дагын бир турагы болгон Ала-Тоосуна келишти, бул жактагы кыргыздарга келип кошулушту. Энесай тараптан келишкен кыргыздар "Бугу", "Бугу-Эне" деген уламыштарды кошо ала келишти. Ал эми бул тараптагы кыргыздарда "бугу" деген түшүнүк жок болучу. Арабдар келгенге чейин эле, али "тажик" деген этноним пайда болгонго чейин эле, бул жерлерде түптүү түрк эли, болгондо да кыргыздардын таз уруусу жашап келген.

б) Арабдар Маверанахрга киргенде Баткен чөлкөмүн ордо кылып, ал жерди "Кех" (сепил) деп аташат. Иордания королевасындагы китепканада Маверанахр окуялары, бул чөлкөмдөгү "Кех" сепили жана "Исама-бен-Абдаллах-аль-Бахили өрөөнү" жөнүндө жазылган китептер сакталып калган. Ал жер "Мурас" иликтөө уюму тарабынан, ЮНЕСКОнун Москвадагы окумуштуу-өкүлдөрү, "Миклуко-Маклай" институтунун профессорлору менен бирдикте аныкталып картага түшүрүлдү.Бул жерде арабдардын сепилинин, шаарчасынын жана мазарынын калдыктары даана сакталып турат, археологиялык изилденсе жакшы болмок. Кутейба-ибн-Муслима да Бахили уруусунан. Ушул күнгө чейин табылбай келген анын сөөгү балким ушул жерге коюлгандыр.

в) Кутейба өлгөндөн 10 жылдан кийин Маверанахр Наср-ал-Сейяр келгендигин, ал согд аскерлерин кыргынга салгандыгын, динди киргизүүдө кошумча күч катары Хорасандык фарсыларды алып келгендигин жогоруда айтып өттүк. Эгерде Кутейба негиздеген араб полководецинин ордосу Баткенде турса, хорасандыктарды кайсы жерлерге жайгаштырмак? Албетте ордого жакын, аны айланта. Мына ошондуктан, азыркы күндө Баткендин айланасын, тажиктер өтө жыш жашашкан Чорку, Сур, Исфара, Сох элдүү пункттары курчап турат. Тажиктер жергиликтүү түрктөрдүн жергиликтүү согд аялдарынан төрөлгөндүктөн, өздөрүн «согдона» балдарыбыз деп келишкен. "Согдиана" сөзү мына ошондон келип чыгат. Тажиктер эне журту катары кыргыздарды "тога" дешкени да ошондоң. Алар эне журтунда жашашкандыктан, мекенин "Она-Ватан" дешет.

г) Түрк элдерине египед, араб илимдери тажиктер аркылуу келгендигин биз да моюнга алууга кудуретибиз жетет. Курандын бардык аяттары арабча айтылганы менен, намаз, жаназа ниеттери, дубалары тажикче айтылып келет. Ислам динин башка ишенимдерди, ал турсун илимдерди, жазмаларды, тарыхты биротоло жоготуп, бардыгын исламдаштырганын билебиз, ал турсун санжыраны да арабтар айткандай гана айтып калдык. Чыгармалар фарсы тилинде жазылып, адабият, тарых илимдери мына ушул тилде чогула башталды. Жер-суулардын аттары, андан кийин фарсыча аталды. Фарсылар Азияда илимдүү, маданияты өскөн эл катары көрүнө баштады. Манас атабыз бекеринен ак-сөөк тажик кызы Санирабегимди алган эмес. Баткен чөлкөмүндө да хан тукумдары, атактуу баатырлар, атка минерлер ак-сөөк атыккан тажиктерден аял алып келген.

Демек, кыргыздар жана тажиктер каны бир тага-жээн экен. Ар кандай ультраулутчулдардын сөзүнө эрчибей, ынтымакта жашашканы оң.



## АБДИБАИТ АБДИВАЛИ

1956-жылы 15-августта Баткен районундагы Зарташ айылында туулган. 1973-жылы Токтогул атындагы орто мектепти аяктаган. Ушул элк жылы Ош мамлекеттик пединститутунун филология факультетине кирип, 1977-жылы кыргыз тил, адабият мугалими адистигине ээ болгон. Ошол эле жылы өзү окуган мектепте мугалим болуп иштеп өзүнүн эмгек жолун баштаган.

Анын алгачкы ыры 1973-жылы райондук "Кызыл Туу" газетасына чыккан. 1976-жылы республикалык "Ленинчил жаш" газетасынна "Журналисттин монологу" деген ыры жарык көргөн. Билим берүү системасындагы эмгеги бааланып, 1998-жылы "Кыргыз республикасынын эл агартуусунун мыктысы" төш белгиси менен сыйланган.

1998-жылы "Ырларым-менин сырларым" деген алгачкы ыр жыйнагы райондук басмадан ж арык көргөн. 2002- жылы Кыргызстан Жазуучулар Кошунунун мүчөлүгүнө өткөн.

*Жарык көргөн китептери:*

"Ырларым-менин сырларым" Баткен – 1998-жыл.

Айтмамбетов А. "Окугандан кийинки ой" "Ош жаңырыгы" газетасы. – 1998-ж. 17-сентябрь.

## УКТАП ЖАТКАН УУЛУМА

Укта уулум, мекениң тынч уктагын,
"Согуш!" деген жаман сөздү укпагын.
Элиң үчүн адал кызмат өтөсөн,
Ошол сенин бул жашоодо утканың.

Ойно балам, заманың тынч ойногун,
Оюндардын кызыгына тойбогун,
Жатып ичер жалкоолорго кошулуп,
Ата-энениди уят кылып койбогун.

Колуң берип жакшыларга жанашкын,
Мээриң тогуп, кыйналганга карашкын.
Азар бербе көңүлүнө бирөөнүн,
Намысчыл бол, эл мүдөөсүн талашкын.

Душманы бол, жаман кыял, адаттын,
Качкыны бол, кумар оюн арактын.

Азыр жашсың, келечегиң алдыда,
Досу болгун, китеп менен сабактын.

## ЖАКШЫ АКЫН

Ыр жазган көп, китеби кетпей турат,
Дүкөндөрдө чаң басып өтпөй турат,
Күңүгүн канча аракет кылган менен.
Баары бир Байдылдага жетпей турат.

Чыныгы элдик акын мага дайын,
Күтөмүн ыр жыйнагын ар жыл сайын.
Ош эмес Бишкекке че издеп барып,
Китебин таппай келем Байдылданын.

Булбулусуң ак калпакчан элимдин,
Сыймыгысың ырыскылуу жеримдин.
Басылат дейт ырыңызды окуса,
Күсөгөнү талак болгон келиндин.

Акынысың Ала-Тоолук кыргыздын,
Инисисиң абыройлуу Чыңгыздын.
Таланты бар элдик акын экенсиң,
Жакшы ыр менен өзүңө айкел тургуздуң.

## ДУШМАНДАРЫМА

Душмандарым барыңарга кубанам.
Силер барда мен да курчуп чыңалам,
Көралбастык, ичи тардык, бакылдык-
Жаман пейил, таштагыла суранам.

Бетке айтпай сүйлөйсүңөр аркамдан,
Кытмыр мүнөз күлкүңөргө таң калам.
Издейсиңер качан болсо жамандык,
Мен силерди кантип дос деп айталам.

Кол көтөрүп артымдан таш атпагын,
Гыйбат кылып, күнөөгө көп батпагын.
Душман болбой дос боломун десеңер,
Койнуңдагы котур ташың таштагын.

Кыл көрсөңөр айтасыңар пил кылып,
Жалган сөздү сүйлөйсүңөр чын кылып.
Болсоңор да мага душман элдешкис,
Пейлиңерди жазып койдум ыр кылып.

## АЙЫЛДАГЫ ТЕГИРМЕН

Тиктегенге жөп-жөнөкөй көрүнгөн,
Зарташта бар сууга жүрчү тегирмен.
Согуш жүргөн ачарчылык убакта,
Сактап калган көп адамды өлүмдөн.

Шар аккан суу параларын жүргүзүп,
Адамдарга көп пайдасын тийгизип.
Токтобостон жүрүп жатат тегирмен,
Айылымда токчулукту билгизип.

Кут ырыскы байырлаган жеримден,
Кетпесе экен мээр-акыбет элимден,
Буудай нанга балдар тоюп ойносун,
Токчулуктун символу бол тегирмен.

Ашар менен ондоп сени курушту,
Дубалыңды кесек менен урушту.
Аппак унга айылымды карк кылып,
Адамдарга бере бергин ырыскы!

## АТАГАНАТ, БОЛБОЙТ ЭЛЕ АРМАНЫМ...

Неге сүрдүү тиктей албай жалтанам,
Сулуулардын карагаттай көздөрү,
Бир кезиксең кеталбайсың тушалып,
Магниттей жипсиз байлап сөздөрү,
Аркар мүчө, турна моюн бото көз-
Жомоктогу периштенин өздөрү.

Чырай сурап пери кызга барганбы,
Көздүн нурун чагылгандан алганбы,
Эриндери күндүн нурун шимирип,
Алкымына айдын нуру тамганбы,
Суу ичкени "Муз булакка" келгенде.

## АКАК ТИШТИ АК МАРАЛДАР САЛГАНБЫ.

Жараткандан суранарым жалбаарып-
Кыргызыма сулууларды көп берсе.
Жаңыл Мырза, Каныкей эл үчүн,
Керек кезде кызмат кылсын деп берсе.
Атаганат, болбойт эле арманым,
Чырайына акыл-эси төп келсе.

## БАРГА ШҮГҮР КЫЛАЛЫ

Өткөн күнгө анча маани бербестен,
Кыялданып келечекти ойлойбуз!
Көп бир күндү пайдасы жок өткөрүп,
Үлпөт куруп, шарап ичип тойлойбуз.

Өмүрүбүз кетип жатса чекилик,
Пендебиз да, бирөөлөрдөн көрөбүз.
Убакытты бөөдө текке кетирип,
Аттиң! – кылып, өкүнөбүз кээде биз.

Бүгүнкү күн эртең арман болоорун,
Эмнегедир жакшы сезе бербейбиз.
Бул жашоонун эң кызыгы ушунда-
Дагы кайра биз жаралып келбейбиз.

Бир кем дүйнө,- деген сөз да чын окшойт,
Бул дүнүйө жаралганбы армандан.
Деген менен биз кудайдын кулубуз,
Качалбайбыз тагдыр башка салгандан.

Андан көрө жаратканга шүгүр деп,
Жокко-барга сабыр, канаат кылалы.
"Согуш!" – деген жаман сөздү укпастан,
Кылымдарга өмүр жибин улайлы!



## ЖУСУП АЙДАРТЕГИ

1951-жылы 24-январда Баткен районундагы Кыштут айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Шартка байланыштуу Кыштут, Таян, Ленин атындагы орто мектептерде окуган. 1968-жылы Ош мамлекеттик педагогика институтунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө кирип, аны 1972-жылы бүтүрөт.

1972-жылы Таян орто мектебинен кыргыз тил, адабияты мугалими катары эмгек жолун баштайт. 1973-74-жылдары аскер кызматын өтөп келген соң 1975-жылдан райондук "Кызыл Туу" гезитинин бөлүм башчысы, Ош облустук "Ленин жолу" гезитинин кабарчысы болуп иштеген. 2000-жылдын 18-февралынан райондук " Кызыл Туу" гезитинин редакторлугуна дайындалат.

Жусуп Айдартегинин алгачкы ыры 1966-жылы райондук "Кызыл Туу" гезитине жарыяланган. Андан кийин облусттук "Ленин жолу", республикалык "Кыргызстан маданияты", "Кыргызстан пионери"гезитине чыгып, радио жана телеберүүлөрдөн такай уктурулуп келет.

Республикалык "К. Сабыров-50", "Топ жылдыз" буклет альманахтарына ырлары жарыяланган. 1987-жылдан бери СССР журналисттер Кошунунун, 2001-жылдан Кыргыз Республикасынын жазуучулар Кошунунун мүчөсү, 1992-жылы "Баткен авазы" топтомуна анын ырлары атайын бөлүм болуп кирген. 2001-жылы "Романтикам" аттуу ырлар жыйнагын чыгарган.

*Жарык көргөн китептери жана жарыяланган чыгармалары:*

1. Ж. Айдартеги "Баткен авазы"- Баткен-1992-жыл.
2. М. Ааматов "К. Сабыровко 50 жыл" – Бишкек-1993-ж.
3. А. Ураимова "Эсте калган элестер" Баткен-2000-жыл.
4. М. Ааматов "Топ жылдыз"-Бишкек –2000-жыл.
5. Ж. Айдартеги "Романтикам"-Баткен-2001-жыл.

*Чыгармачылыгы жөнүндө:*

1. А. Урбаев "Баткен баяндары", "Ош шамы" гезити. 1993-жылы 20-26 март.
2. К. Ташбаев "Жаштардын ыйык талабы", "Ленин жолу". 1991-жыл, 5-январь.
3. Т. Жороев "Жүрөк толкуну"- Бишкек- 1991-жыл.
4. Д. Турдуев "Ата журт ышкысы" –Баткен –2000-жыл.
5. А. Ражабали "Көкүрөгү ырга, көөнү сырга толгон чак", "Баткен таңы" гезити. 2001-жыл, 17-январь.
6. Т.Закиров "Кечээ эле бала элең, боз бала, кайдан чыкты элүү деген зор аска"? "КызылТуу" гезити, 2001-ж. 28-январь.

7. А.Жанболотов "Ыр-дарыя", "Ош жаңырыгы". 2001-жыл, 10-ноябрь.
8. Н.Алымбеков "Кутман курак кут болсун, калемдеш", "Азия нуру". Бишкек 2001-жыл, январь.
9. Р.Жумабаев "Оттой жанган поэзия", "Баткен таңы". 2001-жыл, 15 ноябрь.
10. А.Ражабали "Ыр чабыттан бүткөн китеп", "Баткен таңы". 2002-жыл, 9-январь.
11. Б.Гапаров "Салмактуу ырлар", "Кызыл Туу" гезити. 2002-жыл, 11-август.
12. А.Ураимова "Жүрөк саптары", "Кызыл Туу" гезити. 2002-жыл 29-июль.
13. А.Даабеков "Доорумду ырга айлантып...", "Кызыл Туу". 2000-жыл, 5-апрель.

## КЫШТУТУМ

Туулган жерим-Кыштутум,
Түнүксүң да сулуусуң.
Бөтөнлөрдү билбеймин,
Бир мен үчүн улуусуң.

Турагымсын-Кыштутум,
Турат сенде бир бутум.
Тынбай аккан дайраңа,
Тунган менин турмушум.

## ЖЕЛГИРТПЕЧИ, КОШ-КЕЧҮҮ

Кош-Кечүүдө бир булак бар көрбөсөң,
Кайрылып да калаарың чын, өлбөсөң.
Замзам сууга деген жүрсөң зарыгып,
Кыштут менен дайра бойлоп, өрлө сен.

Кийик келет, бул булакка, ок жеген,
Койчу келет, короо толгон кой менен.
Каны катып, мерген келип жүз чайат,
Кимдир бирөө ичип кетет кол менен.

Кош-Кечүүдө бир булак бар арзыткан,
Кышын, жайын жаш баладай сагынткан.
Ушул булак болбогондо, Кош-Кечүү,
Арзып сага келбес элем алыстан.

## АСКАР РАЖАБАЛИГЕ

Аскар дос, Көк-Дайрага кетеличи?
Дайранын зор шоокумун сезеличи?
Айныбай жолго чыкчы саар менен,
Күрпүлдөп суу киргенче жетеличи?

Сүйлөшүп сууну бойлоп басалычы,
Бук болгон көңүлдөрдү жазалычы?
Өмүрлөр суудай узун болсун үчүн,
Жуктуруп калсак деймин тазалыкты.

Боюнда Көк-Дайранын туулганбыз,
Кызмат деп алыс калды турагыбыз.
Барбасак, эртең болбойт ойлонуп көр,
Ойлонгун бара турган убагыбыз.

Аскар дос, Көк-Дайрага баралычы,
Кирдеген көңүл кушун жазалычы?
Таркатып сагынычты денебиздин,
Кайрадан бала болуп албайлыбы?

## КЫШ СҮРӨТҮ

Кандай сонун кыш абасы таптаза,
Ак оронуп алганын көр көк арча.
Жаак сымал такырайган аскалар,
Аппак тумак кийип алган балдарча.

## КӨЗҮҢ ТОЙБОЙТ

Төшөктөй качаңкы бир унут калган,
Эскирип оңуп кеткен  ээн-талаа.
Булуттар батар күндүн айылында.
Кызарып кырмызыдай кызыл-ала.

Бетинен шамал өпкөн ак булутту,
Береги ак куулардан айрып болбойт.
Деңизби, көк асманбы-мынча окшош,
Көркүнө табигаттын көзүң тойбойт.

## АЗАБЫҢА КАЙЫЛМЫН

Ыр жазам деп кыйналдым көптөн бери,
Беш манжамдан чыпылдап колдун тери.
Оңой эмес, ыр жазуу, кыйналдым ов,
Азабыңа кайылмын, кыйна мени.

Болот менин жан дүйнөм уйгу-туйгу,
Эмненидир жүрөгүм энсеп-дегдеп.
Бир саамга суранам жымжырттыкты,
Бир саамга жөн койгун турсам меңдеп.

## КӨК ДАЙРАДАЙ МҮНӨЗҮМ

Күзүндө көк суу болуп шашып агат,
Кышында ак жалданып жагалданат.
Кыргыздын кыйла жерин чайып өтүп,
Күрпүлдөп каяккадыр сапар алат?

Бир учур киргилденет, ылайланат,
Быркырап, таш менен кум, топон агат.
Буркурап толкунданат,көшүп кайра,
Баладай тынымы жок, копол агат.

Кээ бирде Көк-Дайрадай кынга батпай,
Көңүлдү коёр жерди калам таппай.
Кыйналам кынай албай ыр саптарын,
Көп ойдон жалгыз сап ыр жараталбай.

Кээ бирде Көк-Дайрадай агып калам,
Көңүлсүз күлкүм качып, албуутганам.
Ошондо катуу кетсем, кечиргиле,
Кишини, жан-дүйнөсүн ыр даарыган.

Кокустан, катуу кетсем, ызаа кылсам,
Кечиргин жан дүйнөмдү ыр даарыган,
Күндөрдүн бир күнүндө күлкү чачып,
Куттүрбөй ырга айланып, мен жолугам.

## АЯЛЫМА ЖЕЛГИРҮҮ

Жытымды жыттап, өөп кой,
Жыпарың чачып,төгүп кой.
Жоодурап турба, нес болуп,
Жаркыным, сөзгө көнүп кой.

Колумду кысып, кармап кой,
Көздөрүң менен арбап кой!
Көөдөнгө салбай, дүрбөлөң,
Кел эми, мени жайлап кой.

## БАР БОЛГУЛА, АЯЛЗАТ

Жансыңар бир өзгөчө салыштыргыс,
Түрлөнүп көйнөк кийген, түрдүү мүнөз.
Түс-турпат, кылыктарың эркек үчүн,
Табылгыс, түгөнбөгөн миллион сөз.

Ширин деп тамшанабыз асел, балга,
Уйкуну таттуу дейбиз бардыгынан.
Анан не түн уйкумду бузамын да,
Аялга чырак болуп жанып турам?

Жансыңар жанып турган, эрип турган,
Жашоого жагымдуу жыт берип турган.
Жароокер аялзаты, көп желгирткен,
Жоодурап бар болгула, келип турам.

## ГЕНЕРАЛ АБЖАЛИЛ ЖАМАЛОВГО

Керектелбейт бул кызматта өчөгүш,
Кандай кыйын элдин жүгүн көтөрүш.
Кара кылды как жарам деп элүүгө,
Көрбөйсүнбү, кириптирбиз экөөбүз?

Көп ойлонуп, кабак ачпай элине,
Кандайа кыйын-сырды сактоо дилинде.
Коопсуздук болсун үчүн журтумда,
Кызматыңды арнай бергин жериңе.

Өмүр кыска, көз ирмемче бар окшойт,
Жашоо жаздын акыр жагы кар окшойт,
Октой учкан нойгуттардын күлүгү,
Чубак чапкан Көкалага пар окшойт...

## ТЕРРОР – АДАМЗАТ АЗАБЫ

Мемиреп жашаган адам ай,
Мээримди жоготпо андабай.
Мыйзамын бузбагын ааламдын,
Мээлебе, жер огун байкабай.

Жагымдуу садагам, адам ай,
Жылдызды өчүрбө байкабай.
Жайына тим койгун, дүйнөнү,
Жашасын, жароокер апамдай.

## ЖАЗУУЧУ АПЫЗАЛЫ КОЧКОРОВГО

Элүүдөбүз, биз, быйыл Апызалы,
Канча дагын жашайбыз, канча калды.
Көкүрөккө сыр багып, кыңылдабай,
Көп изденип, кел эми, көп жазалы.

Күн шооласы төгүлөт, күндө улам,
Ай чачырайт булуттун жыртыгынан.
Айтылбастан келетат бир жакындык,
Арабызды ширетип, ысып улам.

Тил киргизип "Булбулга капастагы"
Биз элүүгө чыгыппыз Апызалы,
Тамчысындай айнектин мөлтүрөгөн,
Качан жазар экенбиз чыгарманы?

## БААРЫ КЕРЕК:

Аптап керек денени куйкалаган,
Кыздар керек синтетик уйпаланган.
Сулуу жигит, ай чырай жубан керек;
Сулуулуктун дүйнөсүн туйбай келген.

Ырлар керек ышкынды козгой турган,
Сырлар керек сырдашың боздоп уккан.
Керек баары: таштын да – ooру жок,
Күндөй керек жашоодо ойлоп турсан.



## АЙИПХАН АКМАТ

1960-жылы Ош областынын Баткен районундагы Кара-Булак кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1976-жылы Кара-Булак орто мектебин анктап, ошол эле жылы Кыргыз Мамлекеттитк медицина институтуна тапшырган жана аны 1982-жылы аяктаган. 1982-84-жылдары Ош областтык борборлоштурулган ооруканада врач-хирург, 1986-жылдан райондук оорукананын кан куюу бөлүмүндө жетекчи болуп иштеген. 1999-жылдан бери Баткендеги областтык кан борборунун башкы дарыгери болуп эмгектенип келе жатат. Өз кесиби боюнча билимин Киев, Москва,Ташкент шаарларында атайын курстардан окуп өркүндөткөн.

1999-жылы Баткендеги басмаканада "Кечир мени, Назира» аттуу аңгемелер жыйнагы жарыкка чыккан. Ошол эле ж ылы мусулманчылыктын ыйык парзын аткарып Меккеге Ажылыкка барып келген.

2001-жылы Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

*Жарык көргөн китептери, чыгармалары:*

1. "Кечир мени, Назира(аңгемелер). Баткен, 1999-жылы.

## ЖАКШЫЛЫК

*(Аңгемеден үзүндү)*

Арадан бат эле эки жыл өттү. Мен баккан мал семиз, алдынкы чабан атыгып турган убагым. Турмуш оңоло баштады. Ичээрге тамак бар, эски болсо да кийим бүтүн. Үчүнчү жылы жайлоого жөнөп жатсам, уулум Болот ээрчип калды.

– Ата, мен да сени менен барам.

– Сен быйыл мектепке киресин, уулум. А мен кеч күздө, кышка карап келем.

Эртеси бир короо койду айдап жөнөп кеттим. Жайытка эки жумада келип жеттим. Ал кезде жайыт бөлүү деген жок, Өзбекстандыкы да Кыргызстандыкы да бар, бири-бирине тийбейт. Алардын малчылары менден пас жакта. Атчан жүргөндө эки сааттык жол. Жайлоо өтө оттуу болгондуктан, мал алыс кетпейт. Тек гана көзөмөл болуп турасың.

Бир күнү түш ченде алыстан бир атчан көрүндү. Бул жерде жат эч ким болбойт. Мага келетат го деп кол булгалап чакырдым.

– Ассалом алейкум Жамал ака!

– Алейкум салам!

Атчан келген 14–15 жаштардагы боз улан экен. Андан ары сөз айталбай ыйлап жиберди. Кадимкидей шолоктоп ыйлап жатат. Мен аны ат үстүнөн көтөрүп түшүрүп алдым.

– Кимдин баласысың, уулум?

– Турат аканын, – деп шолоктоп жатты бала, – атам бутун кокустатып алды. Ошого мумия керек экен. Ошон үчүн, сизге келдим. Кечээ кечке чейин малчыларды кыдырдым. Эч кимисинде жок экен. Сиздер бар деп ойлодук. Тапсаңыз да сиз таап бересиз.

– Менде жок эле. Бирок, табууга жардам берейин. Мумияны кайдан тапса болот экен?

– Бүркүт-Уяда бар дешти. Бирок, ага чыгууга эч ким көнбөдү. Анда аюу бар дешет.

– Ошол мумиянын жардамы тиет бекен?

– Ооба, ал өтө пайдалуу экен.

Мен ойлонуп калдым. Бүркүт-Уя алыс. Бирок, бала чоң үмүт менен мени күтүп турат.

– Атың жакшыбы?

– Ооба, тапталган.

– Анда малды топто да, ылдый карап жайа бер. Менин атымды да алып кал.

– Мына буларды алып алыңыз?

– Бул эмне?

Бала түйүнчөк сунду.

– Мында көмөч нан менен бир мүчө эт бар. Атайын сизге беришти.

– Өзүңө барбы?

Бар, куржунда. Ава, мылтыкты албайсызбы?

– Жок, мылтыкты көрсө аюу сөзсүз кол салат.

Ошентип мен он кулачтай келген арканды белиме байлап, түйүнчөктү көтөргөн бойдон жөнөп кеттим. Бүркүт-Уя жакындай көрүнгөнү менен алыс. Тынбай жүрүп отуруп, күүгүм ченде араң жеттим. Ыңгайлуу жер таап, азыраак шам-шум эттим. Эми таңдын атышын күтүш керек. Көзүм илинип бараткан экен, бир кезде баланын үнүндөй аянычтуу үн кулагыма угулду. Үндү ажырата албай кайра-кайра тыңшаймын. Мен ордумдан туруп чыга баштадым. Жогорулаган сайын үн даана угула баштады. Асты жагымдагы аскага карап көргөн көзүмө ишенбедим. Аюунун эки мамалагы асканын дал ортосунда жатат. Бирөөсү аскадан чыга албай тырмышат да, кайра-кайра түшөт. Бири ордунан козголо албай онтоп жатты. Бел жагы таш тийсе керек, кан агып калыптыр. Канча турганымды билбеймин, оюума уулум Болот, кызым Айгүл түштү. Эки мамалакты тең алып чыктым. Бирөөсү такыр баса албайт. Белин кармап көрсөм үзүлгөндөй эмес. Белбоомду чечип, жараатын бекем байладым. Мамалактардын алдына нан менен эттен таштадым.

Бирок мумия мага оңой-олтоң табыла койбоду. Издей берип суй жыгылдым. Таппасам болбойт. Тиякта бала мени зор үмүт менен күтүп отурат. Тескей тарап менен дагы өйдөлөй баштадым. Кантип болсо да та-

быш керек. Жанагы баланын жаштуу көзү көз алдымда. Оң жактагы бийик аскага карай келатып, алдымдан чыккан дабышты уктум. Бет маңдайымда аябагандай чоң аюу турат. Ал кадимки адамдай мени менен саламдашкансып, башын ийкегилеп жатты. Эки буту менен тик турду да, кайрадан башын ийкегилей баштады. Мен анын жүзүнөн терең ыраазычылыкты байкадым. “Сен менин балдарымды сактап калдың, сага ыраазымын”,– деп тургандай сыяктанат. Аюу мени бас дегенсип башын улам алды-артына буруп жатты. Мендеги коркуу сезим тарай баштады. Аюуну ээрчитип, эки-жүз кадамча өйдө-ылдый жүрүп отурдум. Аюу тык токтоду да, башын дагы жаңсады. Карасам чоң кемердин жанына келип калыптырбыз. Аюу өзү ылдый түшүп кетти.

Мен издеген мумияны ошол аюу көрсөткөн үңкүрдөн таптым. Муштумдай мумияны алдым да, баягы тааныш жол менен ылдый жөнөдүм. Баягы жерде мамалактар жок экен. Чамасы энеси аларды алып уясына кетсе керек.

Бир убакта мен баягы жабыр тарткан адамдын жанына жетип келдим. Ошондо ал кишиге мен таап келген даары алтындан да баалуу экенин сездим.

Ошентип жылдар өтүп жатты. Улуу Ата Мекендик согуш башталганын жайлоодо жүрүп уктук. Эрте кайтабыз деген күнү чатырдын арт жагынан күшүлдөгөн добуш угулуп калды. Жүгүрүп чыгып карасам, баягы аюу, оозуна бир нерсени тиштеп турат. Ал түз эле мени карап келатты. Мен артка кетенчиктей түштүм. Ал кайра-кайра башын ийкеди да, оозундагысын таштап басып кетти. Барып карасам, баягы мамалагын байлаган өзүмдүн белбоомо ороп бир килочо мумия алып келиптир! Жаныбардын акылдуулугун карачы!Мага ушул керек экенин түшүнгөнүн кара! Адамдай бел боого орогонун кара. Кең пейил, макулугум ай! Айкөлүм ай! Балдарына кылган кичинекей жардамымды унутпаганын кара!

Мен беш жыл бою согушта жүрдүм. Ошол согуш талаасында ок аралап жүргөн кезде, дайыма ак аюу мага кеңешин бергенсип, жаныма кубат болуп жүрдү. Согуш аяктагандан кийин бир жыл өтүп айылга кайтып келдим. Кудайга шүгүр, үй-бүлөм да аман-эсен. Жарым жыл өткөндөн кийин киндик кан тамган айылга көчүп келдик. Малды алып кайрадан жайлоого чыккым келди, баягы өзүмдүн аюумду көргүм келди. Бирок согушка жардам деп жүрүп, колхоздо мал калбаптыр. Ошентип, эски досумду көрүүгө мүмкүнчүлүк болбоду.

Андан бери далай жылдар өттү. Балдар чоңойду. Уул-үйлөп,кыз бердим. Небере-чеберелүү болдук. Колхоздун ар кыл жумушунда иштеп жүрүп, пенсияга чыктым. Бир күнү үйгө бир бейтааныш адам кирип келди да –“Сизди райкомдун секретары чакырып жатат”,– деди.

– Эмне үчүн?– деп тынчсыздана сурадым мен.

– Билбеймин, тез таап келгин деди.

– Качан барышым керек экен?

– Азыр.

Кандай каталык кетирдим экен деген ой келди. Тез эле райкомдун имаратынын жанына келип токтоду машина. Шофер жигит мени секретардын кабинетин көрсөтүп койду да "Кире бериңиз",– дегендей ишарат берди. Мен эшикти акырын ачып кирдим.

– Келиңиз, келиңиз, Жамал ака! Саламатсызбы? Кандай ден-соолук жакшыбы?

– Ырахмат, айланайын, жакшы!-деп жооп бердим. Бирок, бул жигитти такыр тааный албай койдум. А тиги болсо мени кудум эски таанышындай кабыл алып сүйлөп жатты.

– Жамал ака, сиз мени тааныган жок окшойсуз. Менин бул жерде иштегениме жыл айланып калды. Кечээ пенсияга чыккан эмгек алдынкыларын Ардак Тактага көрсөтүп жатып, сиздин атыңызды атаашты. Мына ошентип сизди чакырып отурам. Сиз мени дагы эле тааный албай турасызбы? Согуштан мурда мумия издеп Бүркүт-Уяга барганыңыз эсиңиздеби?

– Ооба.

– Ошондо мумия сурап барган бала менмин. Атам ошол сиз апкелип берген даарыдан тез эле сакайып кеткен. Азыр күүлү-күчтүү. Буюрса сизди атама алып барамын. Жамал ака, кандайдыр жардам керек болсо айтыңыз. Тартынбаңыз.

Жигиттин кичи пейилдигине, бир кездеги арзыбаган жакшылыкты унутпаганына ыраазы болдум. Эч кандай жардамдын кереги жок дегениме карабай, жардамын берип жүрдү. Биздин райондо көп жыл иштеп, районубузду алдынкы орунга чыгарды. Анан обулуска жогорку кызматка көтөрүлүп кетти.

Мына көрдүңбү уулум "Жакшылык жерде калбайт" деген ушул. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт дегендей айланып келип жүз көрүшүп отурабыз. Жакшылыкты адамдар эле эмес жан-жаныбарлар да билишет. Унутушпайт.

Аксакал баягы ырын дагы баштады:

– "Адам өтөт бакты өтөт,
Өмүр өтөт такты өтөт.
Эстесин десең эл сени,
Бир жакшылык кылып өт..."

Аксакалдын батасын алып үйдү карай жөнөдүм. Анын жанында бир саат убактым кудум дагы бир институтту бүтүргөндөй сезилди мага. Эң сонун турмуштук сабак алгансыдым. Өзүмчө чексиз кубанып, көңүлүм көтөрүлүп үйгө кайттым.

– ..."Адам өтөт, бакты өтөт
Өмүр өтөт, такты өтөт"...



## ХАЙИТАЛИ АТАБАЙ

1060-жылы Өзбек Республикасынын Сох районундагы Тул кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1977-жылы Кадамжай районундагы (мурдагы Фрунзе) № 26 КТОЖ ддо окуган. 1979-81жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин аткарып, Ооган согушуна катышып келген.

Андижандагы гидромелиорация техникумун сырттан окуп бүтүрүп, жыгач уста, гидротехник, суу инженери болуп иштеп жүргөн.

Алгачкы ырлары Баткен райондук "Кызыл Туу"гезитинде жарык көргөн. Кийин Ош облустук "Ош жаңырыгы", Баткен облустук "Баткен таңы" гезиттерине да ырлары жарыяланган.

1995-жылы "Кызыл Туу" гезитине "Ооган мүшкүлү" аттуу даректүү баянын жарыялоо менен элге таанылa баштаган. Ошондон бери көркөм чыгармачылык менен алектенет.

Азыркы күндө "Карамолдо" дыйкан чарбасын уюштуруп, дыйканчылык менен эмгектенип келет.

Коомдук башталыштагы милдет катары Баткен районундагы Ооган согушунун ардагерлеринин коомдук бирикмесинин милдетин аткарып келди. Азыркы учурда Ооган согушунун ардагерлеринин Баткен облустук комитетинин төрагалыгынын милдетин аткарат. Куралдуу Күчтөрдүн катарында кызмат көрсеткөндүгү үчүн СССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, "От благодарного Афганского народа"деген медаль жана Советтик Армиянын 70 жылдыгына карата юбилейлик медаль менен сыйланган.

2002-жылы Кыргызстан жазуучулар кошунунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

*Жарык көргөн китептери:*

1. "Ооган мүшкүлү", Баткен, 1997-жыл.

### ООГАН ЭЛИНЕ

Ооганстан, шоруң, сенин арылабы,
Курмандыгы саясаттын болдуң дагы.
Өчпөгөн жериңдеги согуш оту,
Жасап келет каргашалуу оюндарды.

Терроризм очогу деген доого,
Калгандыгың эшиттим жаңы жоого.
Суу ордуна кан жуткан шордуу элиң,
Төрөлгөнбү азапка бул жашоодо.

Ооган эли, турмушунду көргөн элем,
Мейман эмес, куралчан жоокер элем.
Мүнөзүң кайра тартпас кайсарлыгың
Таасир берген сезимиме өтө терең.

Жан кечтилер дүйнөнү титиретип,
Айбат кылды АКШ колу жетип.
Анда дагы бейкүнөө эл кырылды,
Адамзаттын жүрөгүн солк эттирип.

Миң жылдыктын босогосун аттаганда,
Кыяматтын учкундары жанды кайра.
Ядролук согуш, эгер, оту жанса
Жер шарынан не калат адамзатка!

## "УНУТУЛГУС ЖООКЕРГЕ"

Согуш уусу эстен эми кетээрде
Дүйнө эми бейкуттукка жетээрде
Эки коом тирешкен согуш оту
Тутанды кошуналаш Ооган элде.

Мекен берген милдетин өтөгөндөр,
Аскер шинель ийнине көтөргөндөр,
Өкүмдарлар буйругун аткарышып,
Аттанышты апаатка жылдыз өчөөр.

Адамзаттан агылган канды көрдү,
Ал жандарга уттурган жанды көрдү.
Снаряд, мина, ок бомбалардын
Уу чаңынан тутулган айды көрдү.

Достор куьу куоад мегег бирге жаткан,
Тамчы сууну чөлдөрдө бирге таткан.
Бийик сезим ойготуп жүрөктөрдү,
Күндү көрдү ысык, таштай күйүп жаткан.

Кат жазды үй жагына күлүп туруп,
Жүрбөсүн деп ата-энем жашын жутуп.
Сурап жүрдү, бири калбай жакындарын,
Сездирбеди турса да жүрөк күйүп.

Тагдырдын кыя жолу тайса турбас,
Кыяматтын уу сезими калды мурас.
Оогандан кайтпай калган алп жоокердин,
Элесин түбөлүккө эли унутпас.

Каректе калган Ooган сүрөттөрү
Атышуу, жылгаа ичинде жоокер онтойт,
“Апа”, деп жалынганын үнү коштойт,
Мерез тагдыр мыскыл карап табалайт,

## АЖАЛ БОЛСО ЖЕҢЕМИН ДЕП ЖАКАЛАЙТ.

Көз жумулду, бирок эрин шыбырайт,
Апа...А...деп үнү чыкпай шыбырайт.
Доктор жетип ийне камдап саярда,
Жоокер кетти “Апа деп кош айталбай”.

Ыйлап турду жылдыз таккан офицер
Апа..А деди, Акыркы сөз, уктуңарбы, эй силер?
Кантип эми угузамын кабарды,
Сактай албай жоготтум деп баланды!

Эртең менен бирге тамак ичишкен,
Азыр эле бирге басып келишкен.
Көкүрөктү удаа сабап камчылап
Мөлтүр жаштар жерге түштү тамчылап.

Кулак тунду жылга ичи тунжурап,
Кыйналгандар онтоо тартып, көз жумат.
Ажал болсо аңдыйт алыс кетпестен,
Шоруң катса кармаймын деп этектен.

## БАТКЕН КООГАЛАҢЫ

Дүйнө эли учкай билген Баткендин,
Атын укту бүткүл дүйнө таңыркап,
Кан жыттанган түшкө кирбес окуя,
Очок калды күйөмүн деп жалындап.

Аска-зоону мекен кылып жердеген,
Ырыскысын момун элдин тепсеген,
Кайдан келди курал-жарак асынып,
Сакалчандар тоо аралап төр менен.

Моджахеттер салган жерден торуну,
Дүбөлөнгө түшүп айыл тозуду.
Туман ойлор сайгак сайган элиме
Бүт Кыргызстан кайрат берип кол сунду.

Эл ичинде адеп, ахлак, ынтымак,
Керектиги далилденди. Бул –сабак.
Ыйык туткан динибизге коо сүркөп
Саясатта башталдыбы чоң чатак?

Жер өрттөнүп, элге мүшкүл болбостон,
Куралчандар кетти аппак тоолордон.
Өрүкзардын үшүк албай ак гүлүн,
Кылым келди ырыскысы мол болгон.

Өрүкзардын үшүк албай ак гүлүн,
Кубандырды быйыл берген түшүмү.
Коогаланды салам деген душмандар,
Келген менен үмүттөрү үзүлдү.


## АЗИЗДИН МАХАБАТЫ

Жылмайбагын, сулуу кыз, жүзүң менен,
Күлкүң чыксын жүрөктөн шыңгыр эткен.
Азиз болуп жүрсөм да бул дүйнөгө,
Көкүрөктө сезим күчтүү сүйүү деген.

Жарык дүйнө буюрбай тагдырыма,
Өтүп келет өмүрүм караңгыда.
Жок дегенде жашоодо үмүтүмдү
Сен бөлөчү, сулуу кыз, жарык нурга?

Жашоо ширин адамга, өмүр кыска,
Жаралаган жүрөгүм толгон ыйга.
Өмүр деген кербенде келатамын.
Кол сунарым билалбай кайсы кызга.

Аялзаттын баары сулуу мен үчүн,
Уккум келет шыңгыр эткен күлкүсүн.
Назик үнү жүрөгүмдү туйлатып
Күлкүсүнөн тартып келем сүрөтүн.



## СЫРАЖИДИН БУРХАН

1953-жылы 27-апрелде Кадамжай районундагы Сырт айылында туулган.

1969-жылы Пүлгөндө Ломоносов атындагы орто мектепти бүткөн. 1963–73-жылдары Ферганадагы элге кызмат көрсөтүү техникумунун "радио техник" деген бөлүмүн окуп бүтүргөн.

1977–78-жылдары Фрунзедеги Эл чыгармачылык үйүндө Сүрөтчүлүк курсту аяктагандан кийин, 1978-81-жылдары Айдаркен совхозунда сүрөтчү болуп иштейт.

Анын ырлары Кадамжай райондук "Эл жарчысы" гезитине үзгүлтүксүз жарыяланат.

Курсан Пахырдын "Өмүр асиреттери" деген ырлар жыйнагынын сүрөттөрүн Сыражидин тарткан.

Ал бош убактыларында ыр жазат.

С. Бурхан "Жалгыздык"-деген ырлар жыйнагын даярдап койду. Буюрса жакында окурмандардын колуна тийет.

### КӨРҮШҮП ТУРСАК ДАГЫ

Көрүшүп турсак дагы күндө эле,
Көз тойбойт мынча сенин элесиңе.
Жүрөктү деңиз сымал толкундаткан,
Сүйүүнүн сыйкыр күчү сенде беле?

Сүйлөшүп жүрсөк дагы күндө эле,
Кайрадан ынтызармын үнүң- не!
Кумары болсо керек бул сүйүүнүн,
Айла жок, сени эңсеп, дегдебеске.

Эстесин таң заарда, күүгүм кирсе,
Мандайга ысык күндүн нуру тийсе.
Баскан из, ойлогон ой сени менен,
Көлөкө болуп ээрчип дайым бирге.

Биргесин гүл сейилде, кыш чилдеде,
Түш болуп таппай калам көз ирмемде.
Сезилбей турса сага сүйүү дарты,
Арманын бул азаптын ачам кимге?..

## АХ, ЖАМГЫР

Жамгыр,сага мен жалындым канча ирет,
Сүйгөнүмдү күткөн кезде басыл деп.
Өчөшкөнсүп көл-шал кылып жаадың,
Кызгандыңбы менден аны, ким билет?

Күлгөнсүйсүң сен күткөн кыз келбейт деп,
Сага өчөшүп жүрдүм колчук кечмелеп.
Сүйүнбөгүн ортолоруң болдум деп,
Жүрөк кайра күткөн сайын эзилет.

Токто жамгыр! Айтканга көн, бир ирет,
Кыйналбасын, сулуу мени күттү деп.
Келди мына мен күткөнүм парпырап,
Ушул күндү сага бердим энчилеп.

Келди, гүлүм кирпигинен суу тамып,
Келди гүлүм жагыр сенден нур алып.
Кучагыма тарттым күчөп кызгануу,
Эмне жамгыр, көп өпкөнсүң мынчалык?

Борой-борой жаай бергин, жамгырым,
Боздоп ырдап тагдырына таарынгын.
Менден тартып алалбадың, алам кыл,
Чын сүйүүнүн алдында сен алсызсың!

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

## САЛАМАТ САДЫКОВАГА

Каймак үнүң кайталап уккум келет,
Көпөлөктөй кайрыгың туткум келет.
Ой тулпардын кайдагы жалын сылап,
Жолун тосуп, алдынан чыккым келет.

Обонунду бал чачкан уккум келет,
Суктук менен суу коштоп жуткум келет.
Өзгөрүлүп бараткан жаштыгыма,
"Балзам" кылып ырынды сүрткүм келет.

Сенин үнүң, элжиреп жүрөк ээлеп,
Кош жубайдай, тургансыйт бирге бийлеп.
Бал авазын эргитип уккан сайын,
Сыймыктанып каламын "жердешпиз"– деп.



## АБДИНАБИ ДААБЕК

1957-жылы 31-июлда Баткен районундагы Говсувар айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө.

1964–74-жылдары (мурдагы Ю.А. Гагарин) азыркы Ж.Момунов атындагы орто мектебинде окуган.

1964–74-жылдары Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинен билим алган. Адистиги боюнча кыргыз тили, адабияты мугалими. Баткен районундагы Ж.Момунов,Т. Садыков атындагы орто мектептерде мугалим болуп иштеген. 1972-жылы "Кыргызстан пионери" газетасында "Сүйүктүү мугалим", 1974-жылы райондук "Кызыл туу" гезитинде "Айыл маданияты" деген макалалары жарык көргөн.

Кийинчерээк 1978-жылдары "Мугалимдер газетасында" "Поэзия кечеси", "Эл агартуу" журналында "Сочинения жазууга даярдык" деген усулдук макалаларды жарыялаган. 1996-жылы "Билим булагы" газетасында "Эмиштин үйлөнүшү" аттуу дидактикалык жомогу, 2000-жылы "Баткен таңы" газетасында "Мен сага таарынгым келет" аттуу эссеси жарыяланган.

Азыркы учурларда Баткен акындары Т. Имат, Ж. Айдартеги, Т. Жумалардын ыр жыйнактарына арналган "Айгүл тоодогу арзуу", "Доорумду ырга айлантып", "Ырдалып бүтпөйт махабат" аттуу сын- пикирлери "Кызыл Туу" гезитинде жарыяланды.

Азыркы учурда Баткен райондук билим беруу бөлумунун тажрыйба жайылтуу борборунун башчысы болуп иштеп жатат.

1996-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы" деген төш белги менен сыйланган.

*Чыгармалары:*

1. "Мен сага таарынгым келет" (эссе), "Баткен таңы" гезити, 2001-жыл.
2. Мүрзөдөгү "Ш" тамга (эссе), "Баткен таңы" гезити, 2001-жыл.

## АСЫЛЫМ ТООЛОР...

(эссе)

Карааныңдан кагылайын тоолор, азыр да сени Ай менен Күн чагылышкан ак кардуу чокуларды, арча жыты буркураган керемет коктуларды, шылдырай былдырап мөлтүр суусу чуурган көк кашка тунук булактарынды, көпөлөк учуп конгон гүл жыттуу аңыздарынды сагынып отурам.

Геревшиндин Асан-Үсөн тоолорун самап турам,эңсеп турам, анткени дүйнөнүн керемет тоолорунан кем калышпаган баркың бар. Бир ирет, 1993-жылы жай мезгили Асан менен Абдимиталип инилеримди ээрчитип, эки жумадай Геревшиндин Жоопая, Аксуу менен Карасуу жайлоолорунда болуп келдик. Аксуунун төрүндөгү коктуда чет өлкөлүк альпинисттер бар дегенинен ошол жерге бардык.

Жол ката чытырман арчалуу токой. Тээ ылдыйда Аксуунун дарыясы күпүлдөйт, үйдөй таштарды айлана ийрелендеп, ак көбүк чачат. Наркы өйүздөгү Каройдон суюк түтүн булап, үй мөөрөп, бирин-экин кишинин карааны эрбендейт.

Жашыл ыраң көк майсада боортоктоп жатып, ажайып Асан-Үсөн чокуларына дүрбү салдым. Ак карлуу чокунун боорунан кез-кез кар тоңу көтөрүлөт, анткени улам күн жылып, кар ээриген сайын мөңгү ылдый карай көчүп турду. Ээриген кар суусу жалама тоо ылдый куюлуп, аскадан алыс буркурап, ийрелендеген ак боор жыланды элестетет.

Асылым тоолор, силердин ушул кайталангыс көркүңөр жан дүйнөмө сиңип, ички бугумду, кайгы-касиретимди аруулап турат көрүнөт. Күн чыгыш тараптагы Кызыл чокудан улар ышкырып, арча башынан парылдап учкан көк кептерлердин күүлдөгөнү угулат.

Бул аймак касиетинден айланайын, ата бабам өскөн жер,Таш коргон менен Чат, Актерек менен Калтажай аваатардын гүжөөн уруусу мекендеген жер экен.

Ар бир буйгадан арча торсун коюлуп жабылган таш кепелер кездешет, кадимки жомоктогудай сырдуу да, кооптуу да, сүйкүмдүү да...

Ичинде жоондугу буура санындай болгон арча торсун, бузулган очок, чачылган куу арча отундар...

Эгер тили болсо бул кепеде кайсы бабам түнөп, кайсы энем уул төрөп, кыз төрөп мандайы жарылганын айтып бермек, Санк-Петербургдун Эрмитажынан артык таш кепе көп сырды ичине катат.

Кызылкөрүмдүн этегиндеги жапалак арчалуу буйгадан 5–6 чатыр көрүндү, кешпири кытай же корей өңдөнгөн кыз тосуп алды да,

– Хеллоо, сдрастуйте, друся, мы американсы, бите... деп чатырларга жаңсады.

– Үчөөбүз "Саламатсыңарбы достор", деп майланышкан баш кийимибизди колго ала чатырга башбактык. Чатыр ичинде эки-үч жигит англис тилинде сүйлөшүп отуруптур. Бизди көрүштү да, орундарынан козголо:

– Пожалуста, суда,– деп орундук көргөзүштү. Аңгыча сырттан ак жуумал кыз кирип келип, жылмая карады да:

– Оо, гости пришли, нам очень приятно,– деп калды.

Биз да жооп кайтара:

– Силер кайдан келдиңер, ким болосуңар? – деп кыргызча суроо узаттык, Асан менен Абдимитал үчөөлөп.

Жанагы кыз:

– Извините, мы не поняли, если можно по русски? – деп калды.

– "Биз ушул тоолордун ээсибиз, ата-бабабыздын киндик каны тамган жер, шаар бедарбаза эмес" – дедик кыргызча.

Ансайын жанагылар бирин-бири чунайа карап, ак жуумал кыз сыртка карап, "принесите что нибудь" деди. Көрсө ал котормочулары экен. Сырттан кызыл жүздүү, болук, кашы көзү кара, жоон курсак жигит подноско бир бөтөлкө ром, "Вест" сигаретин көтөрүп кирди.

– Огайнилар. Ман Тошкенданман, Чилонзардан, повар, – деди.

– Хужжат? – дедик мостоё.

Ал ак жуумал кызга карап:

– “Они требует документы”,– деди кыз бизге жылмая кулуп:

– Ребята, подаждите, ладно? – деп тигилерге, америкалыктарга англисче бирдемелерди айтты. “Пашпоорт” дегенин гана түшүнүп калдык.

– Америкалыктар бирин-бири карап, спорт сумкаларын аңтарып киришти. Биринен сала, бири паспортторун алып келип сунуп жатышты.

Бүркүттүн элеси түшүрүлүп, астына “Унион штатес Американ” деп жазылган кара жашыл паспортторго үңүлдүк.

Эркектери – Паул Герд жана Уильямс Джек,

Кыздары – Дениссо Герд жана Дженифер Ли экен.

Вашингтонго жакын Сиетл шаарынан деп жазылып туррат.

Виза деген бөлүмүндө мамлекетке кирүү-чыгуу деген жеринде “Узбекистан тишки ишлар министрлиги” деген штамп кашкаят. Көрсө бул америкалыктар Вашингтон – Стамбул – Ташкент багыты боюнча самолёт менен учуп келип, Ташкенттен котормочу орус кызы Таняны, ашпоз Вахиджонду алып, Ташкент – Ленинабад – Геревшин багытында вертолет менен келишиптир.

– Кыргызстандын тышкы иштер минстрлигинин визасы жок го, -лелик сүзө карап.

Таня ар бирибитзге сигарет сунду да:

– Ребята, давайте по русски, – деди моймолжуп. Өзбек жигит сырттагы очокко от жага баштады бизди кылчак карап коюп.

Аңгыча нарытан самбреро шляпасын кийип, жонундагы мылтыгы булактай, ат менен өмгөктөтө чабан Абдыжапар келип түштү.

Дениссо менен Дженифер тынчсыздана кирип-чыгып, Таняга карай англисче бирдемелерди сүйлөп жатты.

Абдыжапар жаныбызга келип:

– Ээ, агайлар, а бу сиздер быякта, мектеп жабылдыбы? Ырасса зор убакта келипсиздер да, жайлоонун гүл убагын тандапсыздар да! Абдинави аба, сиз жылда келесиз а? – деп калды.

– Ребята, вы очень шутники, я с вами коллега же, я учительница английского языка деп калды.

– Жакшы, айым кыз, бизге кыргызча сүйлө, биз орус тилинен кыргыз тилин өйдө коёбуз, бизге да котормочуң барбы? – дедим бир аз күлүмсүрөп.

Кагылайын эне тилимдин англис, орус тили менен тең тайлашып турганына бир ичим жыргады дейсиң...

Жанагылар кыргызча сүйлөй албай, сумкасын эле аңтарат. Уильямс досум тынчсыздана сигарет күйгүзүп, ашпоздун жанына барат да, казанда кайнап жаткан тамакты тиктеп, ага колун жаңсагылай кайра-кайра эле “гоот, гоот” деп корсулдайт.

Касиетинден айланайын туулган жер, кабылан мекендеген ыйык төрлөр, сенин койнуңда кимдер тайраңдап турганына бир күйүп, бир жанып отурдум. Ата-бабам кан төгүп чоң кыргын, айла амал менен ээлеп калган көз мончоктой сулуу тоолорду береги көз айнекчен сары чачтардан, колтойгон жоодон кызганып турдум.

Тээ илгери Эшбер бабам Тодонун кырындагы коюу арчага от коюп, гужөөндүн Бекмурза, Датка, Досбол деген уулдары кол баштап, эл ичинде айтыла жүргөн бөрү Кармыш Кош-Мойноктон кол салып, сарттарга уруш ачкан экен. Капыстан кол салып, өрттой күйгөн кыргыздардан тажаган сарттар "гире-шин", ал, "э, отур" деп: Заравшанды көздөй таштап качкан экен.

Эми ошол аталар каны-жаны менен ээлеп калган бейиш сындуу тоолорумдкн койнундагы Өзбек тарап виза берип,Тажик тарап тейлеген жолбундарга жол болсун...

Бир кезде Абдимитал менен Асан, мага карап: "Аке, айтып коюң, үчөөбүздү фотоаппарат менен Көк зооңу кошо арчалардын арасынан сүрөткө тартсын:"– деп калышты.

Таня "фотоаппарат" дегенди иле салып, колун жаңсап сүйлөгөн Асандын кыймылынан байкады көрүнөт, тигил америкалыктарга былдырады.

Уильямс дароо чатырдан аппаратын алып чыгып, жаш арчанын артына үчөөбүздү тизди да:"друся, пано, пано" деп өзү көк майсаңга кырынан жата кала көк зооңу кошо чыкылдатып калды.

Таня: «Давайте ребята, учителя, коллеги, соотечественники, Садитесь, пообедаем», – деп чатырга сүйрөдү.

Чай үстүндө отуруп, Таня аркылуу америкалыктар менен баарлаштык. Көрсө, Паул – заводдо инженер, Уильямс – альплагерде машыктыруучу, Дениссо – ички иштерде антрополог (өлүк таануучу), Дженифер Ли сүрөтчү, корей тукумдагы америкалык кыз экен.

"Былтыр түндүк Индияда болгонбуз, андан мурда Канадада эс алдык, быйыл достордун сунушу менен Кавказга келмекчи болдук эле, Ташкенттен "ал жак тынч эмес", андан көрө бул жер Кыргызстанга карайт турбайбы, демек биз Кыргызстанда экенбиз да",– деп күлүшөт.

– Табиятыңар мыкты, тооңор таза, бекем турюайбы, айрыкча тиги сууңар укмуш даамдуу экен, ушундай жерди мекендеген силер бактылуу эмей, ким бактылуу болмок, "неповторимая экзотика, просто прелесть, красота",– деп Таня таңдайын такылдатты.

– Тфу! Тфу! Көз тийбесин! – дедим ырымдана күлүп.

Кагылайын тоолорум, сага чындап эле көз тийбесинчи, ата-бабам, умай энем өскөн Аксуу менен Карасуу, Жоопая менен Давансай, силер дайыма түшкө кирип, эңсетесиңер, куса болом...

Бир ирет баруууга чара жок, жолдо кыргыз жоокерлеринин блок-посту...

Америкадан Паул жөнөткөн түстүү сүрөттөн Көк зоого суктанам, калпакчан үч жигит...



## ТОКСЕЙИТ ДЫЙКАН

1956-жылдын 7-мартында Баткен районунун Токой кыштагында туулган. Билими жогорку, Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн. Алгач райондун борборундагы В.И. Ленин атындагы орто мектепте музыка мугалими, андан соң ошол эле мектепте окуу иштери боюнча директорго орун басар болуп иштеген. 1996-жылыКара-Токой орто мектебине директорлукка которулган. 1997-жылы Баткен рйондук билим берүү жана маданият бөлүмүнүн башчысынын маданият боюнча орун басары, 1999-жылдын 26-сентябрынан бери Баткен райондук балдардын билим борборунун директору болуп иштеп келе жатат.

1976-жылы "Кызыл туу" гезитине "Аялымдын базарлыгы" аттуу алгачкы сатирасы чыгып, ошондон бери мезгил-мезгили менен мезгилдүү басма сөздөргө ырлары жарыяланып келе жатат.

### КАЙБЕРЕН БОЛУП КЕТТИНБИ?

Сагыттың мени санаама түшүп күн сайын,
Садагам келчи, саамайдан сылап кысайын.
Бактылуу кезде кыялда бала жетелеп,
Баратсак деген үмүттү кантип бузайын.
Армандуу жанга аянбай тамчы суу тамыз,
Аруулап денди, буюрса ичип узайын.

Сабырым тутпөй баратсаң, нурдай төгүлүп,
Сагынам сени, санаалар санга бөлүнүп.
Жомоктон уккан периште болуп көзүмө,
Жоодурай күлсөң кабыргам каптай сөгүлүп.
Ишенсең жаным жүрөктүн дартын козгойсуң,
Ишиңе келип, кайтаарда кайра көрүнүп.

Жалп этип өчтү жалыны жанган кош чырак,
Жашоодо жалгыз айдалбай биздин кош турат.
Жароокер карап, узатчу элең жумушка,
Жакамды ондоп, көйнөктүн бүчүн топчулап.
Бактылуу күнгө барабыз деген жол азыр,
Баякы бойдон өзүңдү күтүп бош турат.

Ушакчы жандар, не десең ошо дегиле,
Ушуга чейин айланып келгем жемиңе.
Чыркырап турган чындыкты неге кошпойсуң,
Чымындай жанды чырмаган уулуу кебиңе.

Буулугуп ыйлап, эбедем бүтгү эзилип,
Бул азап күндөр түш болуп калса эмине.

## КАНИКУЛДА ТҮН УЗАК

Каникул.Азап болуп уктамагым,
Акырын терезеге ыкталамын.
Тээ көктө жылдыз кечип турган Айдын,
Телмирип таалайына суктанамын.

Карегиң карегиме жабыштырып,
Караба аягансып алыс туруп.
Балким мен балкып турган чагым чыгар,
Балдарды Ай, жылдызга салыштырып.

Сагынып бөбөктөрдүн сунар гүлүн,
Санаалар көтөрөалбай кумар жүгүн.
Сенчелик кучак толгон жылдызым жок,
Сезимим жетимсиреп турат бүгүн.

Жабыркап турган жаңга карабастан,
Жал-жал көз жаш балдарга аралашам.
Жашоодо агайлыгым кайсы менин,
Жагымдуу жылмаюуга жарабасам.

## КАНТИП СЕНИ УНУТАМ

Ажар төгө ай чыккансып булуттан,
Аста күлсөң жамалыңа сулуу таң.
Ууртуңа ууз сүйүү жашырып,
Унут дейсиң! Кантип сени унутам?

Муңдуу комуз үнүн уксаң мени эстеп,
Мажнун жүзүм көз алдыңа элестеп.
Жүрөгүңдү болк эттирсе махабат,
Жүрөм, демек, кыялымда сени энсеп.

Арча жыттуу алкымыңдан өптүрүп,
Азабы күч арман-зарга чөктүрүп.
Кош деп бир күн карып кылат окшойсуң,
Комузума көз жашымды төктүрүп.

Күндөн-күнгө санаа басып көңүлдү,
Күнөөлүүдөй жашап келем өмүрдү.
Күл сапырган коломтодой тоодогу,
Күлкүсү жок өткөн өмүр өмүрбү?

Айлар өтөөр аргымагын камчылап,
Аяп мени көздөн жашың тамчылап.
Махабаттан куса болсоң илип кой,
Маңдайыңа бүлбүл жанган шам чырак.

## "ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТТӨР"

Күзгү гүлдүн бүрүн колго кармалап,
Күдөр үзбөй жүрөк туйлап арданат.
Кыялымда эңсеп улам ал күндү,
Келе жатсам мөлтүр жүздөн аймалап.
Жаштык курак, жалын чачкан андагы,
Жайдак турат махабаттуу алма бак.

Анда сенин айдай толуп жамалың,
Алоолонгон арзуусу элең санаанын.
Кырандагы кызыл көйнөк кийинген.
Кызыктырып кызгалдактай карааның.
Күндө сенин кучагыңа гүл камдап,
Күтөөр элем күлкүсүндөй баланын.

Ууртуңдан ууз күлкүң угулбай,
Улутунуп узап кеттиң бурулбай.
Сүйкүм жүздүү карааныңды кыйбадым,
Сүтүн эңсеп сыздап калган кулуңдай.
Келээр жагың дале сүйкүм мен үчүн,
Кереметтүү таңдын сулуу нурундай.

Үзүлчүдөй үлбүрөгөн бир нерсем,
Үн жок, сөз жок, үргүлөгөн түндү эңсеп.
Канат байлап кайкып учкан сезимде,
Каркыралар кайткан ошол күндү эстеп.
Көңүл толкуп келсем күтүп өзүңдү,
Көк шиберде жатат кызыл гүлдестем.

## "КАРКЫРАЛАР КАЙТАР БИР КҮН"

Көздөн жашым мөлт-мөлт кулай,
Көкүрөгүм сыздай-сыздай.

Карап турдум баратканын
Каркыралар сабын бузбай.

Сарсанаага салып жанды,
Сабыры суз тосуп таңды.
Балапандын жытын эңсеп,
Бакта байкуш уя калды.

Кумарланып коюп узак.
Кубанчыма салып тузак.
Каркырадай сапар тарта,
Карайлатып кеттиң узап

Көздөн учуп жарым барак,
Кабарың жок ырбап жараат.
Кайра-кайра жалынычтуу,
Караан үзгөн жолуң карап.

Өзүң көргөн бая күнкү,
Өңүмдөгү кызыл тарап.
Саргайыңкы тартып улам,
Сагынычым артып барат.

Жүрөгүмдүн берекеси,
Жандай басып эркелетчи.
Зейнеби жок Күкүк кылып,
Зээнимди кейитпечи.

Кел, асылым, жол тарталы.
Кылчактабай колуң берчи,
Мени, сени күтүп турат.
Махабаттын бейпил кечи.

## "ПОЭЗИЯГА"

Кылычтай тик кулагы жапырылып.
Кызыган күлүк сымал атырылып,
Жанымдан кыйгач салып өтүп барат,
Жакшы ырдын жал куйругу сапырылып.

Азгырык коштоп турса колдон кармай,
Ансайын дегдөөм артып токтоно албай.

Чарт эткен жалын күтүп түтөп турам,
Чакмаксыз милте болуп октоло албай.

Ышкынын тандагам бейм катуурагын,
Ылгабай ызаланат акыл дайым.
Бүлбүлдөп жанган шамдын жарыгында.
Бир сап ыр таппай таңды атырамын.

## КЕЛЧИ МАГА

Сен жылмайсаң жамалыңа көз тойбой,
Сезимимди арнап турдум сөз койбой.
Менден бетер Ай суктанып өзүнө,
Мээрим төгө сайрап турду боз торгой.

Кошо жанган кош жылдыздай жаркырап,
Коштошоордо каректериң шам чырак.
Айдай жүзүң катарымда келатты,
Ак сүйүүнүн Аккуласын камчылап.

Жоогазындай желге чачын таратып,
Жоодураган көздөрүңдү каратып.
Эмне дейин, эси жоктук кылыптыр,
Эгем сени элден башка жаратып.

Алым куруп, ай жүзүнө зар болуп,
Аалам мага алакандай тар болуп.
Келесоодой кейип жүргөн кезимде,
Келсең келчи, өзүң мага жар болуп.

## СЫРЫН АЙТКАН СУЛУУГА

Байкуштай жүрсөм суз болуп,
Багыма өзүң туш болуп.
Баяндап турдуң сүйүүңдү,
Бал тилдүү булбул куш болуп.

Абайлап уксам кебинди,
Алдамчы сүйүү! – дединби?
Аттиң ай сен да кор белең,
Алдырып ийген теңинди.

Толтомдо жараам айыкпай,
Торунда жүрсөм балыктай.
Томсортуп кетти бир сөзүң,
Толкунга чөккөн кайыктай.

*

Мандайы жаркын түр менен,
Мажүрүм талдай бүрдөгөн,
Махабат үчүн жан кыйып,
Мактымдар өткөн дүйнөдөн.

Андыктан, сулуу, эзилбе,
Арзуулар толуп сезимге.
Ак сүйүү бир күн кол сунар,
Андоосуз жүргөн кезинде.

---



## АЙДАРАЛИ ЖАПАР

1956-жылы 12-ноябрда Лейлек районундагы Баул айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Кулунду айылындагы В.И. Ленин атындагы орто мектепти 1973-жылы бүтү-рүп, окуусун Кулундудагы КТОЖдогу 1жылдык курстан уланткан.

1974-жылы Кыргыз мамлекеттик Улуттук университетинин филология факультетине тапшырган. 1979-жылы аны бүтүрүп, Лейлек районундагы Ленин атындагы орто мектепте пионер вожатый болуп иштөө менен эмгек жолун баштайт. 1980-жылдын сентябрь айынан комсомолдук райондук комитетинде, райондук аткаруу комитетинде жооптуу кызматта иштеди. 1986-жылдын сентябрында Кулундудагы № 31- лицейге директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары болуп которулган.

1973 жылдан баштап ырлары райондук, областтык, республикалык гезиттерге үзгүлтүксүз жарыяланып турган. Республикалык жаш акындардын ыр жыйнактарында да чыгармалары кошулуп басылган.

1993-жылы Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. Республикалык чыгармачыл жаштардын бир нече жолку жыйындарынын катышуучусу Республикалык, облустук комсомол комитеттеринин "Ардак грамоталары" менен сыйланган.

1993-жылы "Белестеги ыр" деген ырлар жыйнагы жарык көргөн.

2000-жылдын 16-мартында Курбан айт күнү узакка созулган оорудан кийин дүйнөдөн кайткан. Таланттуу акындын талантын баалаган айылдаштары аны эскерип Кулунду айылындагы чоң көчөлөрдүн бирине анын ысмын ыйгарышты.

Экинчи "Өмүр жөнүндө сөз" деген ырлар жыйнагы жарык көрүүнүн алдында турат.

Үй-бүлөсү Кулунду кыштагында турат. Жубайы-Алымбекова Гүлнара Лейлек районундагы Ленин атындагы орто мектепте кыргыз тил жана адабияты боюнча мугалим болуп иштейт. Төрт перзентин тарбиялоодо. Улуу кызы Нурия мектепте тарых мугалими болуп эмгектенет. Кийинки уулу Нурбек – студент, Нурлан дыйкан чарбада иштейт. Эң кичүүсү 5-класста окуйт.

*Жарык көргөн китеби:*

1. "Белестеги ыр" 1993-жыл.

## БИЙИК ТУРУП...

Бийик туруп күнүмдүктүн чегинен
Ойлоп көрчү, жашоого сен келдиң не?
Кең талаадан чуркап өтүп кеттиңби?
Турасыңбы жетпей калып демиң же?

Жеттиң неге? Дагы эмнеге жетпедиң?
Көртирилик көлгө түшүп кетпегин.
Көкүрөктө али демөөр бар болсо,
Бийик дабан – ашууларды беттегин.

Кулу болбой жеңил желпи көңүлдүн
Сен асманда жарк деп жанып көрүнгүн.
Жарыгына зар болбосо бирөөлөр
Мааниси не бир өмүрдүн, өмүрдүн?

Бул турмуштун бак-кырсыгы бир келет
Андан качып кутулбайсың, Сен демек
Көккө кайкып учуп чыккын. Эмесе
Бир өмүрдү убал кылып не керек?

Өмүр деген бир келет да бир кетет,
Айгай айтып аргымагың чаап өт.
Бирөөлөрдүн эстеп жүр да көздөрүң,
Бирөөлөрдүн көздөрүндө калып кет...

## УЧАТ МЕЗГИЛ

Учат мезгил. Жаш кошулат жашыма,
Жылдар аста изин салып жүзүмө,
Жүрөгүмө, каруу-күчкө,ы чачыма,
Алып барат өмүрүмдүн күзүнө.

Өмүр канча... ойлорумду жазамын,
Октоулган азоо жылдар шашууда.
Татаал жолдун тартып жүрүп азабын
Эртең эле турган болом ашууда...

Эч пайда жок тамган ачуу жашымдан,
Кааласам да, каалабасам тагдырым-
Жолдор менин бешенеме жазылган
Өтө берет, тосуп нөшөр жамгырын...

Жаштык калды булбулдары сайраган.
Агат дайра.
Агат өмүр.
Агамын.
Көкүрөктү күүгө бөлөп кайрадан
Өчүп бара жаткан отту жагамын...

* * *

Жазамын деп жарык дүйнө казалын,
Тагдыр белем! Санаа чегем, азамын.
Күйүп-жанып бир сап издеп жүрөгүм-
Өмүрдөгү бактым дагы, азабым.

Сезимдерди башкаралбай ташыган,
Санаачыл да, кыялкечмин башынан.
Өкүнөм да өтүп кеткен өмүргө –
Алдымдагы ашууларга ашыгам.

Бир карасам өмүр кыркка кемиген,
Жаштык кайткан жалындаган деминен.
Үмүттөрүм көк жээкте бүлбүлдөйт,
Үмүттөргө жетеминби эми мен!

Бул сапардан кечиккендей сезилем,
Ушул ойдон ушаланып эзилем.
Жаркыраган Ыр болот дейт өмүрдө –
Ошол Ырга, билбейм качан кезигем.

Өмүр өргө алып барат жетелеп,
Бирде түшүп, бирде дагы көкөлөп,
Ушул жолдо ташпиш тартып өткүм бар –
Чөгөлөсөм,
Ыр алдында чөгөлөп...

* * *

Аттанып узак жолго чыккан элем,
Көөдөндө үлбүрөгөн үмүт менен.
Жашоо бул ушунчалык кызык окшойт,
Билбейм, дагы нени күтүп келем.

Сапардын теңин балким ашып алдым,
Карачы, канча жылды чачып алдым.
Өзүмдүн купулума өзүм тойбой –
Санааркап, өңдөн бир топ азып алдым.

Жоготуп ойлорумду көкөлөгөн,
Жер оокат ташпишинде жетеленем.
Ата Журт асманында "жарк"деп жанып,
Куйруктуу жылдыз болуп өтөмбү мен?...

Көк чалкып, көөшүйт дүйнө теңир берген,
Мага да көп ичинде өмүр берген,
Негедир чексиз жашай бергим келет –
Каякка алып учпайт көңүл деген?..

Сен жайнап, а балдарым күлүңдөгөн,
Бакытты мындан артык күтпөй келем,
Башканын көз арттпадым байлыгына ,
А бирок, жалган сөзгө түтпөй келем...

## АЙЛЫМА

Кулунду айылым,
Сенден нени жашырам,
Ыр дүйнөгө ашык болуп жашымдан,
Турмуш менин сылаган жок башымдан.

Таптап отко, ысыгына кучактын,
Жалын курак жаштыгымды узаттым.
Убайыма чөккөн менен кайрылбай—
Учат жылдар, учат жылдар, учат жыл..

Көкүрөктү өрттөп карап бир айым,
Нак дүргүтчү... каректерди милайим.
Тагдыр кезип издегенин таптыбы,
Эмне деймин, Багы ачылсын ылайым.

Ойлор эзет, жаш акырын өйдөлөп,
Дүйнө барат өз жолунда дөңгөлөп,
Кана, сезим, уч, оболоп, бар болсон,
Өткүм келбейт, өлбө жаным өлбөлөп...

Качкан менен кеталбай эч кутулуп,
Турам улам сарсанаага тутулуп,
Бул турмуштун өйдө-төмөн жолунда
Жүргөнүм көп утканымдан утулуп.

Ак-караны сенден таанып балдарым,
Өзүм ырга өмүрүмдү арнадым.
Балким ушул болсо керек тагдырым –
Сенден узап алыс кете албадым...

* * *

Өмүр да калды мына кыркты чапчып,
Деңиздей оодарылат түмөн санаа.
Көзүмдү от көздөрдөн ала качып,
Билбеймин, эңсегеним ээн талаа.

Өмүрдүн артта калган белестери,
Канчалык толгон менен өкүттөргө,
Өткөндүн жанга жагым элестери,
Купуя сырлар жатат чекиттерде...

Бaратат аласалып өмүр өтүп,
Үстүндө жүрүпмүн мен булуттардын.
"жарк" эткен жаштыгымдын жашыл өртү,
дагы бир келчи мага, унутпагын...

Өмүр да калды мына чапчып кыркты,
Деңиздер оодарылат,келет толкун.
Көөдөнүм, үмүттөргө толуп чыкты,
Мен али көп үмүткө жеткен жокмун...

# АТАКУЛ ЖАКЫП



1953-жылы 3-сентябрда Лейлек районунун Исфана айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1961–65-жылдары "Комсомол" башталгыч мектебинде, 1965 – 71-жылдары "Коргон" орто мектетебинде окуган. 1979-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетини сырттан окуп бүтүргөн.

1971-жылы эмгек жолун Лейлек райондук "Алга" гезитинде адабий кызматкер болуп иштөө менен баштаган. Аскер кызматын өтөп келгенден кийин кайрадан " Алга" гезитинин бөлүм башчысы, комсомолдук райондук комитетинин инструктору, бөлүм башчысы, райондук китеп сүйүүчүлөр коомунун жооптуу катчысы болуп иштеген. 1995-жылдан бери карай К. Сабыров атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп келе жатат.

Алгачкы ырлары 1969-жылы 15-февралда Баткен райондук "Кызыл Туу" газетасында басылып чыккан "Түнкү этюд" деген ырдан башталат. 1972-жылы "Кыргызстан" басмасынан чыккан "Темир канат" альманахына 3 ыры киргизилген. 1980-жылы"Учкун" ,1981-жылы "Жалын", 1982-жылы "Перевал" №2, 1986-жылы "Жалын", 1986-жылы "Перевал" №3 альманахтарына, "Литературный Киргизистан", "Вечерний Фрунзе"гезиттерине ырларынын көлөмдүү топтомдору басылып чыккан. Көп ырлары орус, өзбек, тажик тилдерине которулган.

1989-жылдан бери СССР жазуучулар Кошунунун, 1991-жылдан бери Кыргызчтан жазуучулар Кошунунун мүчөсү.

1995-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгиси менен сыйланган.

1977–1980-жылдары жаш акындардын республикалык "Ала Тоо поэзиясы" фестивалынын лауреаты болгон. 1977-жылы жазуучулардын Ош областтык бөлүмүнүн түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына карата Ош облустук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы" менен сыйланган.

*Жарык көргөн китептери, көркөм чыгармалары:*

1. "Жашыл арал", ырлар. Фрунзе "Мектеп" бамасы, 1982-жыл.
2. "Ички кайрыктар", ырлар. Фрунзе, "Кыргызстан" басмасы, 1986-ж.
3. "Айдың кеч", ырлар. Баткен, 1999-жыл.

*Чыгармачылыгы жөнүндө жазылган китептер, макалалар:*

1. Н. Сайдуллаев "Ыр-изленүүдөн жаралат" 1970-жыл.
2. А. Камалов "Жакшы ыр, жакшы адамдай", "Ленин жолу" 1972ж.
3. Э.Нурушев "Акын болсоң да-гражданин бол"."Ленинчил жаш", 1978-ж. 28 б.

4. С.Жусуев " Ак жол сага, Атакул". "Кыргызстан маданияты", №5, 1979-ж. 28.12.79ж.

5. Ж.Бекниязов "Ак жолуң ачылсын". "Ленинчил жаш", 28.04.1979ж.

6. "Изденүүнө ийгилик каалайбыз"."Алга" газетасынын редакциясы,15.12.1981ж.

7. А.Пазылов "Жалындын" табы. "Ала-Тоо", №9, 1982-ж., 134-139 б.

8. А.Урбаев. "Поэт из Ляйляка"."Ленинский путь", 02.05.1986г.

9. А.Урбаев "Лейлектик акын", "Алга", 1986-ж. Июнь.

10.К.Даутов. "Акындын ички кайрыктары". "Ленин жолу" 07.01.1988.

11.К.Даутов "Акындын ички кайрыктары"."Алга" 28.01.1988.

12.К.Даутов. "Талант таанылбай койбойт. "Кыргызстан маданияты" № 39 22.09.

13.А.Дооров "Жолуң шыдыр болсун". "Алга" 01.05.1989. "Алга газетасынын редакциясы "Куттуктайбыз". "Алга" 01.05.1989.

14.К.Таштанбаев "Сапарыңар олжолуу болсун". "Ала-Тоо", №2, 1990, 87 бет.

15.А.Акматов. "Руханий дүйнөбүз жакырданбасын, бул коркунучтуу...", "Алга",1933, 22.05.

16.Ш.Жапаров. "Алтын бешик", Бишкек, 1994-жыл. 102 бет.

17.Ж.Айдаров. "Чымчык арал жана Атакул Жакыпов". Бишкек. "Тоо жылдызы", 62-бет.

18.А.Авазов. "Поэзия – менин канатым". "Алга",18.07.1996 ж.

19.Г.Мадаминов. "Лейлек жана лейлектиктер тарыхы ". Бишкек.1998-ж. "Сабыр" басмасы 125 – 126 беттер.

20.А.Авазов. "Тун сүйүүгө туш келгенбиз ошондо...", "Кыргыз руху". 1999-ж. 19.03.

21."Ош жазуучулары", "Жазуучулардын таржымалы жана чыгармачылык жолу тууралуу маалыматнаама". Ош, 2000. 23 бет.

22.А.Авазов. "Тун сүйүүгө туш келгенбиз ошондо...", "Баткен таңы". 14.03.2000.

23.С.Мыктыбеков. "Лейлек кылым кыйырында", Бишкек. 2001-ж. "Сабыр" басмасы. 60 бет.

24.Г.Рахманова "Жан дүйнө жарыгы", китеп. (Акын Атакул Жакыповдун өмүр жана чыгармачылык жолу). Кол жазма түрүндө.

Муңумду ичип кесе толгон
Кайгымды жеп жашаймын.
Бүгүнкүлөр кечээ болгон
Күндөр окшош кашайгыр.

Шуулдабайт коңур күздө,
Катар өскөн кош терек,

Күндөр дайым көңүлсүз да,
Күндөр дайым бош келет.

Кеткен баары, Каркыралар
Бир туйгуну билеби,
Келчү жолдон кайтып алар,
Келет сууктун илеби.

Шуулдабайт жалбырагы,
Шуулдабай калышкан.
Туман эле алды жагы,
Арты күүгүм алыста.

Калган өмүр үлбүл жарык,
Шоокуму жок, шооласыз.
Арт жагында боз мунарык,
Алды, күүгүм. Шооласыз.

* * *

Боз чаңгыл асман булангыр,
Булуттар сууга конушкан.
Бул күндөр мынча тумандуу,
Бир мезгил кайткыс болушкан.

Көздөгү сансыз сүрөттөр,
Кусадан куурап оңушту.
Кеч күзгү алсыз күнөстө,
Күйүттүү күндөр тонушту.

Жалгыздык түнөйт талаада.
Боз чалып аңыз этегин.
Буулуккан ойду санаадан,
Бул күндөр алып кетеби?

Каректе талып кайгылар,
Кусалык онот көзүмдө,
Күз окшойт ушул айрылар,
Кез окшойт бөлөр өзүндөн.

* * *

Эски жол нугу чаң баскан
Шыбактын жыты бурр этет.

Тагдырдай жапыс туташкан
Бул жолдон эми ким өтөт?

Бул жолдон эми ким өтөт,
Өмүрдүн бойлоп көчөсүн?
Булуттар тоого түнөшөт,
Жалгыздык ырдайт кечеси.

* * *

Буудайы дандын азайып,
Буурулу чачтын кобойду.
Буластап өткөн жаз айы,
Булгаса колду келбейби?

Кундуздар түндө көчкөндөй,
Кызыл бир тоодон көч келет,
Кызыл бир чогу өчкөндө,
Кызыктуу жашоо кеч келет.

Жайлоонун жайы жагымдуу,
Жашартып барат денемди.
Жарымын берсем жанымдын,
Жашоого кайра келемби?

Аргымак минип, ат байлап,
Алысты беттеп капкайда,
Алты миң кылым жол басып,
Агылат өмүр – ак дайра.

## КАЙДАСЫҢ, БЕГИМАЙЫ МАХАБАТТЫН?

Көздөрүң күлмүндөгөн карагатпы?
Бир өзүң келген мага таалай-бакты.
Ыр толуп күтөт сени жан дүйнөмдө,
Кайдасың,Бегимайы махабаттын?

Кайдасың, кумар көзүм, кызгалдагым?
Күтөйүн жай саратан, ызгаардабы?
Күтөйүн жыл он эки ай күйүп-жанып,
Келсеңчи ак куу канат казга айланып.

Түндөрдө түштөр кирип ширин-таттуу,
Түгөнбөс түндөр кирип, таңдар атты.

Кайрылбай караан үзүп кеттиң бекен,
Кайдасың, кыранда өскөн жапжаш сүйүүм,
Бакытым, жашоомдогу бар байлыгым?

## КАТ КҮТКӨН КҮНДӨР

Шуудураган жаштыкты эске апкелет,
Шуулдаган жазгы желге ак терек.
Кабар күтүп жолду тосуп жатчу элек:
Кат келет деп, кат келет деп, кат келет.

Кат да келбей, кабар келбей ал кыздан,
Кайтар элек бөлүнүшүп, жалгыздап,
Буюктуруп жытын желге жалбыздар.

Канча кыздар жылдыз болуп жанышты,
Канча кечтер жалбыз жыттуу калышты.
Күтө берип биз экөөбүз талыкчу
Жаштык күндө ошол алыс, алыскы.

Кат келет деп, кат келет деп, кат келет
Кечке күтүп жол боюнда жатчу элек.
Кана ошол кат, кана ошол кыз, кана эми
Кайрып берчи жаштыгымды, Ак-Терек?

* * *

Боз аңыз талаа кай тарап,
Бороонбу соккон тынымсыз?
Буюккан куусун кайталап,
Боз иңгир кирет жылып суз.

Шамалбы, тытып чуудасын,
Мажүрүм талды кыйнаган,
Бейкутту бузуп чуулдашып,
Бейубак ким бул ыйлаган?

Терезе үнсүз кагылып,
Черткилеп жүрөк эшигин,
Арыкта суудай агылып
Жыбылжып кирет кеч күүгүм.

Жалгыздык келет түн катып,
Жайы жок сыртта жатышка.
Жатабыз каайгы, муң басып,
Жүрөккө бирге батышпай.

Келишти баары агылып,
Күтпөгөн эле эч бирин,
Көөдөнгө батып сагыныч,
Бейубак, шамал, кеч күүгүм.

## БАЛАЛЫКТЫН СҮРӨТҮНӨ

Тагдырың жааган жамгырбы,
Кыштагы аппак кар беле?
Моюндаш өскөн жан курбу,
Санаада, ойго бар белең.

---

## АБДЫМАННАН ЖАЛИЛ



1949-жылы азыркы Баткен дубанынын Лейлек районундагы Катырaң кыштагында туулган.

1963-жылы ВЛКСМ сегиз жылдык мектебин бүтүргөндөн кийин Жалал-Абад шаарындагы А.С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына өтөт, аны 1967-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, өз айылындагы Тельман атындагы сегиз жылдык мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган, 1968–1969-жылдарда Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп. 1968-жылдагы Чехословакия козголоңуна катышат.

1970-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине кирип, аны 1974-жылы артыкчылык дипломy менен аяктаган.

1974–1978-жылдарда Лейлек районундагы мектептерде кыргыз тили жана адабияты мугалими, мектептин директору болуп иштеген.

1978-жылы Ош мамлекеттитк педагогикалык институтуна (азыркы ОшМУга) окутуучулук кызматка чакырылат. Ошондон тартып 2001-жылга чейин аталган университеттин педагогика факультетиндеги кыргыз тилин жана адабиятын башталгыч класстарда окутуунун усулияты кафедрасында окутуучулук, ага окутуучулук, доценттик жана кафедра башчылык

кызматтарда иштеген. Учурда Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун профессору, гуманитардык факультетинин деканы.

А. Жалилов 1988-жылы Баку шаарында "Түгөлбай Сыдыкбековдун романдырандагы эскирген сөздөрдүн лексика-стилистикалык өзгөчөлүктөрү" деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. Окумуштуунун 100дөн ашык илимий методикалык эмгектери ар кандай басылмаларда жарыяланган. Алардын ондон ашыгы окуулук, методикалык колдонмо, сөздүк жана программа мүнөзүндөгү китептер.

Ал мамлекеттик тилди, мамтил мыйзамын ишке ашырууда, калайык-калкка жайылтуда жан үрөп эгектенген инсан. Бул жаатта "Тилиң-дилиң (1997), "Тил жөнүндөгү макал-лакаптар жана учкул сөздөр"(2000)деген жыйнактарды түзгөн.

*Жарык көргөн китептери:*

1. "Азыркы кыргыз тили" 1-бөлүк- Б: Кыргызстан 1996.
2. "Тилиң-дилиң: Расмий үжөттөр, даанышман ойлор, макал-лакаптар жана ырлар.- Ош, 1997.
3. "Кыргыз тилиндеги жаңы сөздөрдүн сөздүгү" 1-китеп.-Ош, 1998.
4. "Тил жөнүндөгү макал-лакаптар жана учкул сөздөр:-Ош, 2000 (авторлош).

## ЭНЕКЕ, ТОСПОДУҢ

Айылга баратам шашылып,
Көңүлдө энекем, досторум...
Жүрөктө сагыныч жашынып,
Кыялда сунулуп кош колум.

Келемин... тосушат досторум,
Сезимге шаттыкты уютуп,
Сен гана, энеке, тосподуң
Калгансып түбөлүк унутуп.

## КҮЗГҮ ЭТЮД

Алтын күз берекеси көңүл бийлеп,
Кубанып, Баба Дыйкан терин сүртөт.
Күзгү алмасын сандыкка бекем катып,
Энеке окуудагы уулун күтөт.

Каркыралар кербени катар, катар,
Шуру болуп асманга тагылышат.
Сүйүү жыттуу жай түнүн айылдагы,
Кыз-жигит куса болуп сагынышат.

Кечтерди кызыл, сары нурга бөлөп,
Өрүкзарлар кулпурат бир ажайып.
Кычыроон кыштан кабар берген өңдүү,
Күлмүңдөйт ак чокулар туман чалып.

* * *

Эсиңдеби ошол түн: Алма бакта
Үлбүрөгөн кызгалдак таажысындай,
Эриниңден өпкөнүм биринчи ирет.
Анда сенин тартылып кирпиктериң көшөгөдөй,
Далдалаган мен өпкөн көздөрүңдү.
Ууртуңда дирт деп ойноп жылмаюу,
Чайып кеткен кызгылтым жүзүңдү

АЛЫКУЛ МЕНЕН ЖОЛУГУУ

Алыкулдун ырларын окуп жаттым,
Көөдөнүмдө эргүүлөр толкун болуп.
Бүлөм дагы, аба эмес, Алыкулдун,
Ырларына тургандай ташып болуп.

Турдум да, терезеге келсем басып:
Таң жүрөт ак көйнөгү желге үлбүрөп.
Таң нуруна чайылган тээ чокуда,
Алыкул ырын окуйт ойлуу тартып...

* * *

Көздөрүмдүн отторунтүн шимирип,
Телмиремин буурул түн кучагына.
Булгалап ак нурларын терезеден
Ай ээрчийт ак жол тилеп сапарыма.

Ай ээрчийт ак жол тилеп сапарыма,
Ал окшойт сагынычы тарабастан
Мени узатып, поездди жандай чуркап,
Вокзалда калып калган жаш жарыма...



РАЗИЯ ЖОЛДОШ КЫЗЫ – бир сырдуу, сырын ырларына айткан келин. Кесиби боюнча металлург. Айдаркен сымап комбинатынын жумушчусу. Жакында жогорку билимге ээ болгону турат. Ал 1965-жылы Кадамжай районундагы Айдеркен шаарчасында туулган.

Кенчи кызыбыз Разия Жолдош кызы кыргыз адабиятына өз поэзиясы менен келип кошулду.

Р. Жолдош кызынын ырларын окуган адам теманын жаңылыгы, ойдун ачык айтылышы менен келечегинен үмүттөндүргөнүн дароо байкайт.

## АЙДЕРКЕНИМ

Салкындыгы абандын туулган жерим,
Бийик жоолуу, бийик жер Айдеркеним.
Арча, кайын керемет жыт аңкытып,
Гавианым-Мекени берекенин.

Тоолорумдун дегдеткен жашыл өңү,
Сууларымдын акактай мөлтүрөгү.
Жетим-Дөбө дөңсөөсү айлуу түнү,
Жуда сулуу көрүнөт байкап көрчү.

## КЫЗЫМА

Кызым да бой жетиптир, чийки десем,
Зымырап жыл өтүптүр, билинбестен.
Жалгыз бой жашоо менен алпурушуп,
Көп сөздү чечишбепмин, кызым менен.

Алоолоп он төрттөгү сүйүү сели,
Чүнчүтүп салган окшойт, кызым сени.
Он жети курагында сүйүү келет,
Турмуштун дарыясына кечиргени...

## АКРО ЫР ЖЕ АЛИМЖАН

Апаң уккан ыңаа деген үнүңдү,
Лекин, уул экенине сүйүндү.
Имерилип, туугандарың кубанып,
Мажрум тал шактарындай, сүйкүмдүү.
Жагалданган отуз жети жаш келди,
Ак калпакты классташка кийгизчи,
Назың менен жылуулукту билгизчи.



## ТУРГУНБАЙ ЖУМА

1954-жылы 1-январь Тажик Республикасынын Канибадамдагы Карангы-Кум айыл кеңешине караштуу Жийдели кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Үй-бүлөсүнүн шартына байланыштуу Баткен районундагы А.С. Макаренко атындагы башталгыч, Ю.А. Гагарин атындагы орто мектептерде окуган. Тажикстандагы Шураб шаарындагы № 11 орто мектептен билим алган. Ош пединститутунан филология факультетинин кыргыз тили адистиги бөлүмүндө окуп, аны аяктагандан кийин 1974-жылы Баткен районундагы Ю.А.Гагарин атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Андан кийин Баткен райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу, мектеп инспектору, усулкананын башчысы болуп иштеген, 1985-жылдан М. Салихов атындагы орто, 1994-жылдан Самаркандек гимназия мектептеринде директор болуп жүрүп, кайрадан 2000-жылы райондук билим берүү бөлүмүнө тажрыйба жайылтуу борборунун башчысы болуп, кийин бөлүмдүн башчысынын орун басарлыгына дайындалган. Азыркы учурда билим берүү кызматкерлеринин кесиптик кошунунун Баткен райондук комитетинин төрагасы.

Билим берүү тармагында жемиштүү эмгеги бааланып, Ош облустук билим берүү бөлүмүнүн, Кыргыз Республикасынын билим берүү Министрлигинин Ардак грамоталары менен, 1984-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгиси менен сыйланган.

Чыгармачылыгы жаш кезинен башталган. Алгачкы ыры Баткен райондук "Кызыл туу" гезитинин 1987-жылдын 21-июндагы санына "Жолугууну самаймын"деген ат менен жарыяланган. Ошондон бери Республикалвк, облустук, райондук газеталарда ырлары жарыяланып келе жатат. "Кумар көз" ырлар жыйнагы 2002-жылы жарык көргөн.

2001-жылы Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

*Жарык көргөн китептери:*

"Кумар көз", ырлар, 2002-жылы, Баткен, 78-бет.

*Анын чыгармачылыгы жөнүндө:*

1. А.Эрназарова. "Аруу махабат сырлары катылган арзуу ырлары", "Кызыл туу" гезити 17.07.2001-жыл.
2. А. Ражабалиев. "Тургунбайдын махабаты" "Баткен таңы" гезити,18.05. 2002-жыл.
3. З. Балтабаев. "Досумдун "Көкүрөктөгү дарты" , «Баткен таңы» гезити. 8.06. 2002-жыл.
4. А. Даабеков. "Ырдалып бүтпөйт махабат", "Кызыл туу" гезити. 22.05. 2002-жыл.

## МЕН ЖАНА БАКЫРАҢ КӨЗ БАЛДАР

Шашып келем түрс-түрс кагып жүрөгүм,
Илгери үмүт, тилектерге толтура.
Эртели-кеч баккан тунук ойлорду,
Бакыраң көз окуучума айтууга.

Бар тапканым балдар менен бөлүшүп,
Эртеңкиге болуп кайра карыздар,
Үйгө кайтам кайра эртең жанууга,
Көөдөй түнгө болуп өчпөс чырагдан.

Сергий түшөм, эргий түшөм мектептин,
Бала жыттуу абасынан жыттасам,
Өтүп жаткан өмүр өмүр эместей,
"Агай" деген бала сөзүн укпасам.

Балдар-менин бар байлыгым, мол бактым,
Балдар менен өткөн өмүр-гүл өмүр.
"Саламатпы, агай" деген сөз үчүн,
Мен мектептен кетким келбейт бир өмүр.

## БИРИНЧИ АПРЕЛЬ

Биринчи апрель. Пушту ыраң өрүкзар
Койнундагы чакан мектеп. Класска
Жеткире албай Даниярдын арманын.
Түйшүк тартып, тердеп, меңдеп отурам.

Класс тымтырс. Баары ойго чөмүлгөн,
Жамийланы актай албай баштар маң.
Ойду бузуп, али бышып быша элек,
Тырс-тырс этет каалга, бирок ачылбайт.

Аста ачам, а сыртында эч ким жок,
Болду күлкү. Класс шаңга толтура.
"Бүгүн бири-алдандыңыз агай",-дейт
Кызыл кемсел, ак көйнөкчөн Зулайка.

Даниярдын чатагы али басылбас,
Буга баары: жылдар күбө, күн күбө.
Түйшүктөнүп жүрө бербей түнт болуп,
Көрсө адамга керек тура күлкү да.

Андан бери нечен гүлдөп өрүкзар,
Мезгилдин да өң-келбети оңуптур.
Балдар менен бала болуп мен жүрсөм,
А Зулайка неберелүү болуптур

Аралашып Сейит, Дүйшөн, Илияска
Күндө сабак-күндө майрам. Күндө шу.
Балдар менен бала болуп тең жүрсөм,
Зулайка эми небересин үйлөсүн.

## ӨТКӨНДҮ ЭСТЕП

Булак этип майда өрүлгөн чачтарың,
Бир күн кызыл, бир күн аппак көйнөкчөн,
Сен келчүсүң китеп кабың колуңда.
А мен сени таанып тааныш көйнөктөн.

Сабактабы, танаписпи, жолдобу
Сенин барың мага болуп зор бакыт.
Жамалыңа, ажарыңа эч тойбой
Кылчак – кылчак карачуумун уурданып.

Сен билчүсүң, мен билчүмүн купуя,
Не сыр барын, не ыр барын жүрөктө,
Менин оюм-бирге болуу сени менин,
Арам ойду жүктөргө түнөтпөө.

Бар тапканым, бар билгеним сенг болуп,
Балалыктын нарк-насилин туйбапмын,
Сен "үч" алсаң сабагыңдан чейрекке
Эжекейге "беш" койгун деп ыйлапмын.

Көздөн кетпей кырк өрүм чач элесиң,
Бирде кызыл, бирде аппак көйнөкчөн.
Өткөндү эстеп ырлар жазып келемин.
Медер тутуп ал ырларды бир буктөм.

## ЫРГА АЙЛАНТЫП ӨЗҮНДҮ

Наз күлкүндү андыган мерген болуп,
Бул жашоого сен үчүн келген болуп,
Куру үмүткө ишенип жашап келем,
Сүйүү гүлүн сени менен терген болуп.

Куру кыял жолумду жарык кылып,
Зарыктырып жүрсөң да, зарыктырып,
Ырга кошуп өзүңдү жашагым бар,
Ак сүйүүмдөн жаралган тарых кылып.

Наз күлкүңө барымды төлөйүнбү?
Жакын жүрүп, оор жолдо жөлөйүнбү?
Канышам бол, жапжалгыз тагыма чык,
Жүрө бербей бук кылып жүрөгүмдү.

Экөөбүздү бул сезим ынак кылып,
Эки дилди бул сезим турак кылып,
Ырга айлантып өзүңдү жашасам дейм,
Ыйманымды ырыма ыргак кылып.

## СҮЙҮҮНҮН КЕЛИШИ

Ондоп, түзөп бала кыял, күлкүнү,
Таңкы желдей сергек жана сергилең,
Сезим козгоп, сүйүү келди бир күнү,
Кайдан-жайдан экендиги билинбей.

Жомоктогу пери болуп ай тунук,
Назы менен, сазы менен жүдөттү.
Көздөн кетпей кызгалдактай өрт элес,
Нак толтосун ээлеп алды жүрөктүн.

Башкаларга карап койсо күйүнттү,
Бир жарк этип, кайра дагы сүйүнттү.
Түшкө кирип, тынчымды алып, уйку жок,
Эртеңкиден үзүлтпөдү үмүттү.

Сездирбеди башкаларга, сыр катты,
Сөзмөр кылды, созолонтуп ырдатты.
Азоолукту, тентектикти качырып,
Жаралантып, жүрөктү да ырбатты.

Дене бойду титиретип, какшатып,
Ысык-суукка салып өңдөн аздырды.
Көкүрөктү тим койбостон кытыктап,
Кыялдантты, аппак ырлар жаздырды.

Аяр, назик, тунук сезим жык толгон,
Делбе кылган ырлар моокум кандырды.
Тартынуудан же бере албай ал катты,
Аппак кыздын китебине салдырды.

Арбап алып айдай тунук келбети,
Уурулукча кылчак-кылчак каратты.
Башка адамдар көзгө такыр илинбей,
Бүт бардыгын шол кыз үчүн жасатты.

Ондоп, түзөп бала кыял, мүнөздү,
Тоо желиндей сергек жана сергилең.
Сүйүү жашайт тыным билбес жүрөктө,
Канча жылдар өтсө дагы бүгүндөй.

## КУМАР КӨЗГӨ

Тоонун таза деми уруп, гүл жыттанган
Ырың кана, кана ширин сөздөрүң?
Чаңкап турган эриндериң нени эңсейт,
Нени боолгойт байкамаксан өзгөрүүң?
Сен айта албай жаткан сырды ката албай
Сүйлөп ийе жазгысы бар көздөрүң.

Бизге сейил бак болгон бул өрүкзар,
Санаркоону кучагына сиңирип.
Сезимдерди чакыргансыйт айдыңга,
Жеңил-желпи ой-кыялдан түңүлүп,
Муңга толо, жарааты көп, аялуу
Жүрөгүңө жете аламбы үңүлүп!?

Сенин барың кандай бакыт жарыкта,
Карегиңди кирпик менен сылаармын.
Кызгалдактай кыландаган өртүңө,
Жетээрмин же жетпей жолдо сынаармын.
Тынчы кеткен жүрөгүмдүн мүдөөсүн
Ишке ашырып, тынсам анан тынаармын.

Күтө берип чаалыккан максатымды,
Улантып, улук аян күндүн бири,
Башымды ийип туш келген бул бакытка.
Унутуп өтүп жаткан тирилигимди,
Кайыл болуп жазылган тагдырыма
Көтөрөрмүн азабың, бийлигиңди.

## ЖЫЛДЫЗЫН КАЧАН ЖАНАТ?

Ойлор учат байлоо бербес кулуктөй,
Жүрөк, байкуш, чыдайт кетпей үзүлүп.
Эсиндедир биз жолуккан күзгү кеч,
Оо, сен кандай сулуу, элең ал күнү!

Оо, сен кандай назик элең ал күнү,
Көөдөн жара жылуу, жумшак дем уруп.
Үмүттөрдү какмалаган бул тагдыр
Катаал чыкты, татаал чыкты кургуруң.

Өчөт, жанат улам-улам алыстап,
Карегимде түнөп жүргөн элесиң.
Мейли жашын менден, мейли калкалан,
Кыялымда а сен мени мененсиң.

Тартынасың, сезимге чаң жуктубу?
Киргилдикти ыраа көрбөйм өзүнө.
Кашка суудай тунуктугуң барк тутуп,
Келем, бирок томсоргонуң күйдүрөт.

Жүрөсүңбү таба албастан айла-амал,
Кусалыктан сезимдериң үлбүрөп?
Сезимталдык сага кандай жарашат,
Сен томсорбо, томсорбогун үргүлөп.

Канча далбас урсам дагы негедир,
Түпкүрдөгү сезимдериң ойгонбой.
Жаткандайсың. Жүрөгүндүн асманы
Жылдыздарың жанат качан Чолпондой?

## СЕНИН ЖЫЛУУ ЭЛЕСИН

Көзгө кантип түшө калдың түшүнбөйм,
Каран түндө бир жарк эткен жарыктай.
Назданганың назик, жыпар гүл сымак,
Кол жетпестей үнсүз гана жалынтты.

Ойго келбес, түшкө келбес бир иштей,
Көздөрүңдөн арзуу, кумар таптымбы?
Атайылап же балким түк сезбестен,
Ортого сен от, жалынды чачтыңбы?

Сенден келген от, жалынга эрээркеп,
Жан-дүйнөмдү кополураак ачтымбы?
Байкоос албай аяр, назик турпатың,
Таппай жатып качырдымбы бактымды?

Күтпөй-нетпей көзгө түшкөн бул элес,
Кандай гана сырдуу, аяр, аялуу!
Тагдырдын бул сыноосуна туш келип,
Жүрөк байкуш айыкпастай жаралуу.

Сен сезбеген, мен күтпөгөн ал күндөн
Сезимде бир жылуу элес, так калды:
Куйган сымал кооматыңа жарашкан,
Үстүңдөгү көйнөк кандай бактылуу!

## КАРАП КОЙ

Ай менен Күн күнү-түнү чарчабай
Бирин-бири кууп, алга умтула
Көздөгөнүн бербей келет түбөлүк
Мүңкүрөбөй, же калбастан умсуна.

Мен Күн болуп сага ырооолоп жылуулук,
Чарчабастан, ноюбастан бир өмүр.
Жашап келем, көздө жаныл элесиң,
Сен Ай болуп карап койчу мени бир.

Жетпедим деп жанշериктей сулууга,
Максат көздөй арууллукка умтула.
Сүйүүдөгү жалгыздыкты көтөрүп,
Жашоо дагы өзүнчө эрдик тура.



УРПИЯ БАЛТАБАЙ КЫЗЫ
1961-жылы 9-сентябрда Баткен районунун “Газ” айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1978-жылы “Газ” орто мектебин аяктап, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинин кыргыз тили, адабияты бөлүмүнө тапшырат. Аны 1982-жылы ийгиликтүү аяктагандан бери өзү окуган “Газ” орто мектебинде кыргыз тили, адабияты мугалими болуп эмгектенүүдө.

Чыгарма жаратуу шыгы бала кезден башталган. Алгачкы ыры 4-класста окуп жүргөндө жаралган. Ал “Ай нуру” деп аталат. Ал эми басма сөздө биринчи жолу 1974-жылы “Кыргызстан пионери” газетасында “Тиреги” деген ыры жарыяланган. Ошондон тартып анын ырлары, ар түрдүү кабарлары, этюддары, аңгемелери “Кыргызстан пионери”жана райондук “ Кызыл туу” газеталарына тез-тез жарыяланып келүүдө.

Биринчи китеби “Көз мончок” деп аталат, ага мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган жана жаңы жазылган ырлары топтолгон. Китеп 2001-жылдын март айында Баткен райондук басмаканасында жарык көргөн.

Жогорку категориядагы кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Республикалык, облустук билим берүүнүн жетекчи органдарынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Ү. Жусупованын “Көз мончок” ыр китепчесинин презентациясы “Газ” айылында чоң салтанат менен өткөрүлдү. Китептеги ырлар окурмандар тарабынан жылуу маанайда кабыл алынды.

ТИЛЕК

Көз мончоктой көзгө сүйкүм саптарды,
Издеп таап, ырдан сайма сайайын.
О, тууган жер, ак жол каала кызыңа,
Тирүүлүктө бир жылт этип жанайын.

Түйшүк тартып, мен да өңдөн азайын,
Сага арнаган ырларымды жазайын.
Бара турган багытымды аныктап,
Бул жашоодон өз жолумду табайын...

Көз мончоктой көзгө сүйкүм саптарды,
Кезиктирсең көңүлүнө тагып ал,
Жүрөк толкуп, эригенден жаралган,
О, ырларым, окуганга жагып кал...

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ

Алтын Бешик-ыйыгым, туулган жерим,
Улуу ишке умтултат сенин демиң.
Бул ааламда теңдеши жок мен үчүн,
Жан боорумсуң, кичинекей Мекеним.

Качан болсо медер тутуп келемин,
Күн нурундай мээриминди сеземин.
Бул ааламда теңдеши жок мен үчүн,
Жан боорумсуң, кичинекей Мекеним.

Алыс жүрсөм кире берчү түшүмө,
Энекемдей кайра-кайра сагынтып,
Түбөлүккө жашап калдым кеталбай,
Туулган жерим, кудуретиң багынтып.

## МӨЛТҮР БУЛАК

Мөлтүр булак ырдап агат,
Шылдырыңан ыр курап.
А жээгинде арча өсөт,
Аңкып жыты буркурап.

Татына кыз эрте туруп,
Күндө келип ыр угат.
А тунук суу бийлеп агат,
Боюн ташка ургулап.

## АПАМА

Апакем, сыр сандыгым, ачыла элек,
Кенимсиз, баа жеткис, казыла элек.
Канча жыл билинбестен өтүп жатат,
Ырларым сизге арналган жазыла элек.

Ардактап өз төрүмдөн орун берген,
Сиз менин сыйлуу жалгыз коногумсуз.
Чарчабай өмүр бою айта жүрчү,
Сиз менин түгөнбөгөн жомогумсуз.

## ЭНЕ БОЛУУ КАНДАЙ БАКЫТ!

Кубанычымды тең бөлүшчү,
Балдарым бар, көөнүм ток.
Тирүүлүктө арман кылып,
Кайгырууга акым жок!

Күндөй күлүп бек кучактап,
Беттеринди өбөмүн.
Эркелетем, чачтан сылап,
Кандай жакшы көрөмүн.

Эне болуу кандай бакыт,
Тендеши жок керемет!
Мээрим күчүн ырдаганга,
Жетээр бекен дарамет!

Эне болуу кандай бакыт,
Бакыт даамын бил татып.
Балдарындын бал тилине,
Магдырайсың бой балкып.

Бала жыты бул жашоого,
Кумарынды арттырат.
Ата-эне балдары үчүн,
Өмүр күчүн сарп кылат.

## КЫЗЫМА

Көзүмдүн нурусуң,
Көлдөгү куумсуң
Мактана көтөргөн,
Колдогу туумсуң!

Кыпкызыл гүлүмсүң,
Кыйкырсам, үнүмсүң.
Жаңылбас эч качан,
Жалындуу сүйүүмсүң.

Алдейлеп терметем,
Бешигиң күнү-түн.
Кызым,сен-эртеңки,
Үзүлбөс үмүтүм.

## УЛУУ СЕЗИМ

Сүйүү деген-улуу сезим,
Таазим кылып баш ийем.
Толуп-ташкан жаштык кезим,
Күтпөй ага кезиккем.

Сүйүү деген-кыпкызыл гүл,
Назиктиги жанда жок.
Табы күчтүү жалт караткан,
Алоолонуп күйгөн от.

Сүйү деген-түбөлүккө,
Кол кармашып жанашуу.
Жакшылыкты ыйык тутуп,
Жамандыктан адашуу.

## ЖАШООНУ СҮЙӨ БИЛГЕН АКЫН ЭЛЕ.

*"Курбаналы Сабыров менен кошо поэзияга биринси жолу өрүктүн гүлү, Козу-Баглан суусунун шары, Лейлек жергесинин керемет табияты, ичкилик журтунун дидары келип кошулду"*

Жаныш Алиев (сынчы)

Жигиттин оттуу көзүн карай албай,
Жалтана сулуу кыздар сүрдөгөндө.
Сезимге бир өзгөчө эргүү берип,
Өрүктөр ар жыл сайын гүлдөгөндө,
Акынды эстей берем, эстей берем.

Аздектеп ал жашоону сүйө билген,
Сүйүүнү ырдай билген акын эле.
Сүйүүсүн кирдетпеген таза тутуп,
Жүрөккө башкалардан жакын эле.

Окуганда сулуу тизмек ырларын,
Оттой жанчу оттуу кара көздөрү.
Жылмаюусу жоголбогон жүзүнөн,
Өрүктөрдөй ширин болчу сөздөрү.

Ыр жазып жүрүп эле арабыздан,
Күтүүсүз коштошпостон кетип калган.
А бүгүн күңгүрөнө үн чыгарып,

Акынын жоктоп агат Козу-Баглан.
Ах, аттиң! Мунун өзү бүтпөс арман!

Күн жылып, айлар агып, жылдар өттү.
Акынын эли билет, жери билет.
Анан да асылзаада гүл жигитин,
Ар дайым эстеп келет Илек-Илек.
Асманда канат кагып, кайкып учат,
Акындын ырларына өмүр тилеп.

## МУГАЛИМДЕР

Ата-энедей мээрим төгүшкөн,
Сан түйшүккө чыдап көнүшкөн.
Мугалимдер элди агартып,
Келечектин камын көрүшкөн.

Азгырылбай жеңил оокатка,
Ар-намысын бекем сактаган.
Мекен жүгүн артып моюнга,
Ишеничин элдин актаган.

Ал саяпкер кирпик какпаган,
Балапанды тапкан куш кылган.
Багыт берип өмүр жашоодо,
Зор бактыга бизди туш кылган.

Ызаат кылып, урмат көрсөтүп,
Ыр арнасын мейли акындар.
Чырпыктарым чынар болду деп,
Мактануууга акы, жолу бар!

## ЭЛДИН КЫЗЫ

Элдин жүгүн артып моюнга
Элдин кызы болуш оңойбу?
Эр мүнөзүн эгем жаратып,
Же аларды пирлер колдойбу?

Бүгүн жомок болуп айтылган,
Карача хан кызы – Эр Сайкал.
Урпактары унутпас укмуш,
Баатырдыгын угуп аң-таң кал!

Эл намысы бейгам уктатпай,
Колго алган жааны, найзаны.
Кас душмандын берген, сазайын,
Кимдер билбейт Жаңыл Мырзаны?!

Учурунда Курманжан датка,
Албан кызмат өтөгөн калкка.
Эмгегинен эли эскерип,
Бүгүн аны бөлөдүк даңкка.

Ошол салтты улап келатат,
Ачыл кызы эжем Ырахат.
Сыймыктанып калкы кадырлайт,
Жигерине айтып ырахмат.

Жети дубан кыргыз ичинде,
Элдин кызы деген барк алды.
Каныкейдей тунук акылы,
Таң калтырат эрки, кайраты.

Элдин жүгүн дайым аркалап.
Элдин болуш оңойбу?
Элдин мүнөзүн эгем жаратып,
Эмне аларды пирлер кол-дойбу?!...



МАХАММАТЖАН ИБРАГИМ

1958-жылы кенчилер шаары Сүлүктүдө туулган. Шаардагы №4-мектептен окуп, Ленинабаддагы (азыркы Хожент) С.М. Киров атындагы пед.институтту бүтүргөн. 1991-жылы Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук III жана республикалык "Ала-Тоо 92" фестивалдарынын лауреаты болгон.
Азыр Кош-булак айыл өкмөтүндө бөлүм башчы болуп иштөөдө.

## ЖААГАН КАРДЫ КАРАП ТУРДУМ

Жааган карды карап тургам,
Оюм онго бөлүнөт.
Адам адам болгон менен,
Арсыз, арам көрүнөт.

Жааган карды карап тургам,
Асман биздин уяттуу.
Биз жасаган арман ишти,
Жаап жаткан сыяктуу.

Жааган карды карап турам,
Бүркөп алган кабагын.
Ичтен күйүп,ичтен сызган.
Асманды мен аядым.

Жааган карды карап турам,
Жаап жатат, токтобойт.
Руху бийик, дили таза.
Бизге такыр окшобойт.

Жааган карды карап турам.
Сыртка чыгып баспадым
Ыйыктардын ыйыгы – сен.
Рахмат сага, Асманым.

## АСМАНДЫН КӨЗ КАРАШЫ

Түнү менен тынбай шолоктоп,
Жаңы жылда ыйлады асман.

Жакшылыктын жашы болдубу,
Же жүрөгүн эздиби арман?

Жакшы тилек тилеп адамдар,
Жаңы жылды жатышат тосуп.
Менин болсо оюм асманда,
Алып жүрөт өзүмдү кошуп.

Түнү менен жаады жамгыр –
Бул асмандын кандай белгиси?
Же келдиби бизге кайрылып
"Ач көзүндү, адам",-дегиси?

Кантсе дагы ыйлады асман,
Ичтен сызып, ичтен эзилип.
Бул биз үчүн, бизге төккөн жаш
Мага, досум, турат сезилип.
Бул биз үчүн, бизге төккөн жаш!

---



## ТУРДАЛИ ИМАТ

1957-жылы 4-мартта Баткен районунун Сан-Сарай кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1974-жылы В.И. Ленин атындагы орто мектепти бүтүрүп, Баткендеги автобазада слесарь, шопур болуп иштеген.

Аскерден келгенден кийин 1977-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун чет тилдер факультетине кирип, аны 1982-жылы аяктаган.

Алгачкы жолу 8-класста окуп жүргөндө "Кызыл туу" гезитинде "Чабан кыз", "Алоо болуп" деген ырлары жарыяланган. Андан кийин "Кыргызстан пионери", "Ленинчил жаш", "Ленин жолу", "Ош жаңырыгы", "Азия нуру" гезиттеринде да ырлары жарыяланып келди. 2001-жылы Бишкек шаарынан "Сабыр" басмасынан "Айгүл тоо кайрыктары"– деген ат менен ырлар жыйнагы басылып чыкты.

Азыркы учурда Баткен мамлекеттик университетинде проректордук кызматта иштейт.

Райондук билим берүү бөлүмүнүн, Ош областтык билим берүү башкармасынын жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана маданият министрлигинин Ардак грамоталарын жана баалуу сыйлыктарын алган.

1995-жылы “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы”, төш белгиси менен сыйланган.

Илим жаатында И. Абдивалиев менен биргеликте жазган “Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти окутуу”-деген китеби 2001-жылы “Сабыр” басмасынан жарыкка чыккан.

2001-жылы Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөсү болгон.

## КОЗУ БАГЛАН

*Маркум Курбаналы Сабыровдун*
*жаркын элесине арналат*

Токтобостон калбай сапардан,
Толкун кээде көбүк чачасың.
Тынч агымың бузуп булкунуп,
Тамчы жашты кошуп агасың.

Эстединби акын өмүрүн,
Эстелиги – ырлар сен үчүн,
Эркелетип ар жыл жазында.
Курбаналы жазчу жаңы ырын.

Ташкындабай тынып акырын,
Тыңшачусуң ырдын мазмунун.
Тыным алса акын эс алып,
Мажрүм тал тосчу күн нурун.

Мезгил тынбай жылып акырын,
Өмүр жолун ченеп акындан,
Минтип эми сен да азалуу,
Жаш кеткенин билип сагындың!..

Мажүрүм тал салып жоолугун,
Жазып салбай узун чачтарын.
Канаттуулар кайда кетишкен,
Токтотушуп мукам ырларын.

Кантем эми, билем абалың,
Кайгың сенин терең экенин.
Кайран жигит эрте кетиптир,
Кайрыбастан ырдын этегин.

## АЙГҮЛ ТООГО

Биз бараткан ээрчишип Айгүл тоого,
Ай тийиптир эми эле аркы зоого.
Ай алдында шамалга ыргалышат,
Айга тосуп жүздөрүн өйдө боло.

Айгүл гүлү өзүндөй ачылыптыр,
Ар бир сабы мончоктой гүлгө толо.
Ааламдагы гүлдөрдүн ханышасын,
Арнагым бар өзүнө ырга кошо.

Айгүл дагы бизге окшоп сагынгандыр,
Мээрим чачкан асманды, жылдыз толо,
Жоодураган көздөрүң гүлдөй жайнайт,
Менин колум белиңе оролгондо.

Биз өткөргөн кадыр түн Айгүл тоодо,
Биринчи элес миң ирээт дагы болсо.
Берээр элем өмүрүмдү өзүң үчүн,
Айгүлүмдөй тунугум, керек болсо.

## АППАК КАР

Шырт-шырт жааган сыртта аппак кар.
Шыр-шыр кетчү сенин түрүң бар.
Шамал чакыр, болсун бурганак.
Шашылбастан баштап тоого бар.

Кубатына кирсин көк муздар,
Толсун күчкө турган аскалар.
Тунгуюкка калсын кептелип,
Түндө келсе "сакал баскандар",

Тоодо, болсоң кокус жарадар,
Түй кабакты, келсин булуттар,
Бороон боздоп, шамал ышкырсын,
Басмачынын баарын талкалап.

Чагылгандуу кара булуттар,
Чартылдагың алып тоого бар.
Каракчынын күнү саналуу,
Качкан менен анын жолу тар.

Шырт-шырт жааган сыртта аппак кар,
Жолду тосоор сенде кубат бар.
Жер которбой тоого кайрылгын,
Жоокер болгон биздин балдар бар.

## МЕНДЕГИ МАХАБАТ

Ышкы отун тутандырып жүрөктө.
Ызаланттын бир көрүнбөй көчөдө.
Ысыгына саарaтандын куйсөм да,
Ысыктыгың мага кымбат дүйнөдө.

Марвет болуп көрүндүнбү көзүмө,
Махабаттын тунук таза көлүндө.
Мөлтүр булак суусунунан жутсам да.
Менин чаңкоом кандыраары өзүндө.

Гүлкайырдай сулуулук бар жүзүндө.
Гүлдөй назик сүйүү бердиң өзүмө.
Сага, жаным, жетпесимди билсем да,
Бекем катам элесинди жүрөктө.

## ТААРЫНБА

Койчу, жаным, кайдагыны сүйлөбө,
Жок нерсени теңебечи сүйүүгө.
Кеп кылгандын баары, балким ушактыр,
Канткен менен жалгыз өзүң жүрөктө.

Айтса айтсын, жамандасын өзүңө,
Аларды сен түйүп алба көңүлгө.
Арабызда адамдар көп адашкан,
Ар кайсыны алмаштырган сүйүүгө.

Сен адашпа, сырынды айтпа билбеске,
Сүйүү деген орун алса жүрөктө.
Сагынганда ачып көргүн барактап,
Сүйүүм дайым табында, өз күчүндө.

## ЫР ЖАРАТУУ

Ырга жаздым көргөнүмдү, билгенди,
Ыза менен азапты көп жегенди,
Махабатка арман болуп жеталбай,
Мажнун болуп, талаа безип кеткенди.

Ырга айланттым махабаттын аңызын,
Ырларымда сүйүү деген тамызгың.
Таразага тартып болбос рухумду,
Тунук сүйүү ээлеп калган баарысын.

## ЖҮРӨК ЖАЛЫНЫ

Жүрөгүмдө махабат, ыр, сен болуп,
Жашабасам бир өзүңө тең болуп,
Ыр өмүрүм ыргагынан бузулмак,
Катуу аккан кара ылай сел болуп.

Көздөрүңдү булак суудай мөлтүрөк,
Көргөнүмдө карегимде от күйөт.
Бир кочуштап жутсак суусун канбастыр,
Бирге соксун бир өмүргө кош жүрөк.

Мен да эш тутуп жүрөк менен сүйгөндү,
Махабат деп жалын болуп күйгөндү.
Жүрөк соолуп токтогончо көөдөндө,
Тапкым келет сүйүү деген түнөктү.

Сен дагы сүй, жалын болуп өрттөнгүн,
Махабаттын толуктайлы бөксөөсүн.
Жамандыктар бизди андып жүрүшкөн
Сарсанаада бүт өмүрүн өткөрсүн.

Кадырыңа канеткенде жетемин,
Кантем, билбейм, өзүң тапкын эсебин.
Күндөр өтүп, ай жылдарга алмашып,
Сүйүүгө өмүр чаңкап өтүп кетпесин.

Келем сенин күндө жолуң утурлап,
Көралбастар жүрсүн мейли шылдыңдап.
Кайсы жакта, кандай күндө болбойун,
Каным менен сен агасың зыркырап.

Махабатты пир тутушкан мендейлер,
Болсо керек жан дүйнөсү кеменгер.
Майда – барат нерселерге кол шилтеп,
Күндү энседим, тагдыр сага жеткирээр.

## ПОЭЗИЯ

Поэзия. Чалкыйт океан,
Тамчысымын ага кошулган.
Акындарчы-сүзгөн пароход,
А мен болсо кичи кайыкчан.

Поэзия, кээде толкусаң,
Толкунунда бирге агамын.
Ташкынына башым такшалып,
Талант жетсе сенде жашаармын.

Поэзия, жаткан мейкинсиң,
Кендигине куруп ыр шаарын.
Акын журту жашайт түйшүктүү,
А мен эми жазып жаңы ырым.

Акын журту анык гүлүстан,
Махабатты ыйык тутушкан.
Мендей канча жүрөт дүбүрттөп,
Ырды өзүнө жолдош кылышкан.

Поэзия, бүтпөс дастансың,
От дүйнөсү такыр өчпөгөн.
Бир болсок деп келдим өзүңө,
Бир тамчы ырым-алгач көч менен .

## СЕН НЕГЕ...

А сен, эмне, муз болуп калгансыңбы?
Сөздөрүң бороон болуп улуп турган?
Жылуулап жылуу тонго оросом да,
Жүрөктү аябадың араң турган.

Дуулдап добул болуп калгансыңбы,
Дамыгып бир заматта өтүп тынган?
Дайрадай кирген кезде ак сүйүүбүз,
Дабаасы жүрөгүмдүн болсоң кана!

Сен, эмне, кабак бүркөп алгансыңбы,
Сурмалуу көздөрүңө жарашпаган?
Сен үчүн бүт баарына макул элем,
Сагынычың, сүйүүң менен өрттөп турсаң.

Байланып бүткүл жашоом бир өзүнө,
Бактылуу өмүр сүрсөм тирүүлүктө.
Бул дүйнө ылдам өткөн ак жаандай,
Ак жаандай төгүлсөңчү турбай көпкө.

Сен дагы чаңкап турсаң мендей жалгыз,
Саамга чакырмакмын ыр багына.
Суктанып ырга канса жан дүйнөбүз,
Сүйүүңдү арнап өзүң мага гана!



## ГҮЛСҮН КИМСАН КЫЗЫ

1952-жылы 8-февралда Баткен оайонунун Кара-Булак кыштагында туулган. Кыргыз Мамлекеттик Университетинин кыргыз тил, адабият факультетин сырттан окуп бүтүргөн.

Кыштут орто мектебинде кыргыз бил, адабият мугалими болуп иштөө менен эмгек жолун 1972-жылы баштаган. Анда беш жыл иштеген. 1977-жылдан 1999-жылга чейин 22 жыл бою Баткен райондук “Кызыл туу” гезитинин редакциясында адабий кызматкер катары кызмат кылып келди.

1999-жылдан бери Баткен гимназия мектеп-интернатында кыргыз тил, адабият мугалими болуп иштеп келе жатат.

Алгачкы чыгармалары “Кызыл туу” газетасына жарыяланган. Мындан тышкары “Ленин жолу”, “Ленинчил жаш” газеталарына, “Кыргызстан маданияты” жумалыгына, “Кыргызстан аялдары” журналына аңгемелери, очерктери, сүрөттөмөлөрү жарыяланып, элге кеңири таанылган. “Өзөктөгү өрт” аттуу аңгемелер жыйнагы китеп болуп, Баткен басма канасынан 1998-жылы басылып чыккан.

### ӨМҮР КҮЗҮ

Эрте-кечте түпсүз ойлор сезимди,
Жөргөмүштүн желесиндей чырмаган.
Кутулалбай жандалбастап келемин,
Жан дүйнөмдү сар-санаадан кыйнаган.

Кайда калды, балалык кез, жаш чагым,
Дүйнө капар, аруу сезим, от жалын.
Эми издеп табаламбы жашоодон,
Кетти, кетти жүрөктөргө от салып.

Өттү өмүр, кетти кайран жашчылык,
Өксүк, арман, кайгы-капа арттырып.
Кайрылбайт ко башты ташка урбайын,
Өмүр кыйгап, жолдор калды азчылык...

## ЭМНЕ СЕБЕП?

Пенде эмесминби, мен деле,
Түшүнүксүз, кээде чөгөт көңүлүм.
Бул мага жедеп адат болуп,
Ушинтип өтүп барат өмүрүм.

Чын эле, башкача деги болалбай,
Жаркылдаган жакшы пейил күтө албай.
Кыйналып кетем өзүм да,
Себебин издеп табалбай.

Ырас, кудай мени кур койгон,
Жайдары мүнөз пейилден.
Кээде, он эки мүчөм сөгүлүп,
Азап тартам, түшүнүксүз кейүүдөн.

## КЕЗДЕШҮҮ

Турмуш кайнап, өйдө-ылдый агат эл,
Чоң жол менен ойго тунуп келем мен.
Мандайымда келатыпсың жай гана,
Көз отунду таштап коюп мага сен.

“Дүрт” дей түштү, өзөгүмдү өрт чалып,
Карай албайм өзүң жакка кылчайып.
Жүрөк дүк... дүк... өтүп кеттик аңгыча,
Көңүлдөрдө өкүнүчтүү ой калып.

## АПЫЗАЛИ КОЧКОРОВ



1951-жылы 7-июнда Баткен районундагы Кара-Бак айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1967-жылы Кара-Бак айылындагы Оржоникидзе атындагы орто мектепти бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик Медицина институтунун стоматология факультетине кирген. Аны аяктагандан кийин 2000-жылдын мартына чейин саламаттыкты сактоо тармагында дарыгер, стоматология бөлүмүнүн башчысы, башкы дарыгердин орун басары болуп эмгектенди. Азыркы учурда Баткен облустук кеңешинин жооптуу катчысы болуп иштейт.

Алгачкы чыгармалары 1965-жылдары райондук "Кызыл Туу" гезитине жарыяланган. "Капастагы булбул" аттуу көркөм публистикалык тарыхый чыгармасы Баткен шаардык басмаканасынан басылып чыккан.

*Жарык көргөн китептери:*

1. "Капастагы булбул". Аңгемелер. Ош, 1995-жыл.
2. "Самат район", Публицистика. Баткен, 1998-жыл.

## ЖАЗЫКСЫЗ ӨЛҮМ
*(Документалдуу ангеме)*

"Алтын-Бешик" аймагы саратанда мээ кайнаткан ысык болгону менен кечинде сыдырым жел жүрүп, салкын болот. Бүгүн демейдегиден башка, дарак башын кыймылдаткан шамал жок, боз түшүп, айлананы көзгө көрүнбөгөн кара туман каптагандай. Эл ортону элүүгө жакындап калган, элим деп ак эткенден так этип кызмат кылып, атасы Турдумаматтын: "Калкыңа өмүр өткөнчө кызмат кылсаң, мен ыраазы, кудай ыраазы. Жамгыр менен жер, дуба менен эр көгөрөт", -деген сөзүн туу тутуп, өмүр кечирген орто бойлуу толмоч келген кара каш, бакырайган чоң кара көздөрү келишимдүү жүзүнө жарашкан Курсанали түн ортосу ооп кетсе да уктай алган жок, негедир тынчы кетип, улам ары-бери оодарылып коёт. Уйку качкан адамга түн узарып, таң атпачудай сезилет. Жанында балышка башы тийгенде уйкуга кеткен суйкайган сулуу жары эч нерседен капарсыз былк этпей терең уйкуда.Үстүнө үңүлүп, акырын бетибашынан, алкымынан жыттап, айперисинин жытына канбай, ойготуп албайын дегенсип, саамайынан аяр сылады. Бишкектеги студент балдарын сагынып самады, көргүсү келди. Алар менен жолугушпай калуу коркунучу бүт денесин бийлеп алды. "Жок, жок...Кудай сактасын, балдарым жаш, биреөсүн да үйлөп-жайлай элекмин. Балдардын тагдыры эмне болот?" Мына ушу нерселер ан-сайын көңүлүн чөгөрдү. Бир нерсеге бук

болгондой. Ал бук көкүрөгүнө толуп, жарылчудай өйкөп турду. Акыркы айларда мындай уйкусуз түндөрдү көп өткөргөн. Эрте менен таң заарда кетип, көбүн эсе түн бир убакта келгендиктен, “Чарчагандыкы болсо керек. Ошолордун бири”,– деди өз оюнда. Таңга маал гана чырым этти.

...Каракчылар нар төөнү башы-көзгө койгулап, так жүрөгүнүн тушуна урган шамшао учу жарк этип, кыян-жаян кан кетти. Кайран жаныбар кимдир бирөөнүн жардамын күттүбү же ооруусуна чыдай албадыбы, айкырып барып гурс этип кулап, жан талпаста төрт бутун тайрандата теп-килеп жатып, көзү ачык кетти. Жалган дүйнөнүн ширindиги менен армандуу коштошту. Заматта топтолгон эл ботосун жоготкон боз ингендей боздоп турду, көздөрүнөн жашын кылгыртып. Арасында жубайы жүрөт бети-башын тыткылап, балдары жүрөт чыркырап. Чочуп ыргып турду, өз үйү, өлөң төшөгү. Түшү экен. “Ох!” терең улутунду. Үстөл үстүндөгү чыракты тамызды. Ойуна ар нерсе келди. Түбү жок ойлор басты. Жогу табылгыс санаалар эзди, ичи сыйрылды, кабагы бүркөлүп, тунжурап, олтуруп калды. Көпкө дулдуйуп отуруп, акыры түтпөй шалдырап, олтурган калыбында кайгылуу комуз ыргактары кулагына билинер-билинбес жаңырып, жүрөгүн эзгиледи. Мемиреп уйкуда жаткан келинчегине телмире тиктеп: “Силерден ажырайымбы? Башыма конгон бакыт кушум учуп кетеби?”,– деп ичинен сызылды. Тил учуна келген сөз айтылбады, жан тер келип жаткансып көл-шал болгон кийимдерин чечип жатып, өз ойуна өзү буулуп кетти. “Түш-түлкүнүн богу, түшкө ар нерсе кире берет. Кан жарыктык, жакшылыкка жоруйун, максатыма жетип, баламды үйлөп, той берет окшоймун”,– өзүн-өзү ушинтип алаксытты. Баары бир окшошподу, жүрөгүн өйкөгөн нерсе көңүлүн чөктүрүп, мууну бошошкон кезде таң куланөөк сүрүп калган экен. Челектен бир чыны муздак сууну тартып жиберип, кудайга шүгүрчүлүк келтире, тынбай ары-бери басып жүрүп, кайра жанбирге жарына кайрылып үнсүз үңүлүп, “Эгер мен билбестиктен кыянаттык жасасам, кечир, эркетайым, өмүр шеригим, көз ачып көргөн түгөйүм!”– деп сансыз ойлорго малынганда, көз кычыгына толгон ысык жаш бетин ылдый чайып кетти. “Эмне болуп баратам, тооба кылдым!”– деп кудайга тооба келтирди, эркектин ыйлагананы жакшы болбостугун эстеп жашын сүрдү, сезилбеген кандайдыр бир күч көңүлүнө өкүнүч аралатып, жанын жай алдырбады. Өткөнгө көз чаптырды. Бишкектеги үй-жай, кызмат, 200 долларлык айлык акыны министрлер да албайт. Жок, айылга, туулган жерге кеткиси келди. Өткөндө келгенде карандай чай, нанга жетишпей жүргөндөрдү көрүп, эки дүйнөсү караңгы болгон. Ошо кесиби мугалим болгону менен чарбада көп иштеп, көзү каныккан. Үрөөнчүлүк чарбаны колго алып, элин нанга тойгозсо, базарда жалдырап тилемчилик кылган балдар болбосо – максат мүдөөсү ишке ашмак.

Жакында жатындашы Нишанбай Бужумдан эки киши келип: "Акең: Чарбада көп адам иштейт экен. Бардыгы жалкоо болуп бүтүптүр. Көпчүлүк жалкоолорду жумуштан айдаймын, калган мээнеткеч эмгекчилери иштешсе болот. Кирешеден чыгаша көптүктөн чарба оңоло албай жатат,– дептир, анысы менен биздин ишибиз канча. Биз төрөлгөндөн бери ошондой, эми эле оңдоп жибергидей ал эмне, кудай бекен? Ар ким пешенеге жазганды көрөт, көпчүлүктү тойгозо албайсың, алар сага ыраазы да болбойт. Биз айткан болот, жок эле дегенде анаву кишилер ордунда калыш керек"– деп бирден санап, – "Калганын өзү билсин. Андай болбосо, биз көргүлүктү көрсөтөбүз, аман калбайт,"– деп ызырынып, колдорунун сөөмөйү менен гезеп кеткенин айткан. "Аларга эмне жамандык кылдым, эмне максаттары бар. Же жөн эле опузалап койгону келиштиби. Жок, бул иштин түпкүрүндө белгисиз өкүнүчтүү сыр бардай". Жүрөгү тизгин тарткан тулпардай тыбырчылап соккону өз кулагына угулуп жатты. Көп жылдан бери жогорку кызматтарда- совхоз директору, райКеңештин төрагасы, аким болуп иштеп жүрүп мындай карама-каршылыктардын далайын жөнгө салган. Ошентсе да бул жолу кандайдыр бир нерсе өзгөчө тынчын алды. Жакында болуп өткөн окуя көз алдынан чубуруп өтө баштады.

Орулган буудайдын саманын пресстеп Тажикстанга сатсак, жок дегенде орокко кеткен салярканын каражаты болот деп, пресстегенге саттырып келген жип рулон-рулону менен жер жутуп кеткендей тагытүгү менен жоголду. Эч ким көргөн да,билген да эмес. Баары эле жоктон башканы айтпайт. Ошондо бир күйдү, жанын койоорго жер таппай,ичинде ит өлүп жатса да, аны билгизбөөгө аракет жасап, өзүнө гана мүнөздүү токтоолук менен, комбайн, тракторлордо иштеген механизаторлор менен жыйын өткөрүп, иштин жөн-жайын жөнөкөй түшүндүрүүгө аракет жасап:"Элге шерменде болбой, алган адамдар жайына жеткирип берсин. Андай болбойт экен, органга тапшырам, таап алат. Ошондо ортого түшмөй жок болот. Кимдер алганын билемин",– деп билбесе да акыркы сөзүн кошуп опузалап басып кеткен. Ошол күнү жип да табылды, аны атайын жумушка тоскоолдук жасаш үчүн уюштургандардын да чекеси билинип калды. Ашыкча ташпишке салбаш үчүн анысын бир жанга билдирбеди.

Жакшы кароодон адам колтугуна урган буудайдын акыркы дан суусун текшерип жүрүп, кимдир бирөөлөрдүн шамалга теңселип турган буудайдын кыйла жеринин башын кыркып кеткенине заары бетине чыгып, ызаалуу наалып, күйбөгөн жери күл болуп, көпчүлүктүн мүлкүнө кол салгандарга наалат айтты. Ошол үчүн айлуу түндө күзөткө чыккан. Алыстан андып жүрүп, эгинзардан эки адамдын караанын көрдү. Бир топко буудай орушуп, каптарын араң көтөрүп баратканда, машина менен артынан кууп жетти. Курсанаалыны тааный койгон эки уурунун артына

көтөргөн каптары жерге түшүп, буудайлары чачылып, же качаарын, же бирдеме айтаарын билбей, нес басып туруп калышты. Төгүлгөнүн каптатып машинага жүктөп өздөрүн кошо салып жөнөгөндө, эки уурунун өлбөгөн эле төрт шыйрагы калды. Мурда кийин уурулук жасап колго түшпөгөн эргулдар окшойт. Курсанаалыга өпкө-боорун чабышып, жалынып-жалбарып жатышты. Канткен менен намыстарына келишип, абийирлери айрандай төгүлүшүнөн коркуп бутуна жыгылышты, сабырдуу, ары өткүр үн менен кырманга айдатты. Каптагы буудай баштарын төктүрүп, кызылдан толтура салдырып үйлөрүнө жеткирип:

– Эртеңден баштап кырманда иштеп, иштеген ишиңерге жараша буудай аласыңар,бүгүнкүсү соога,– деди.

Мындайды ким угуп, ким көрүптүр. Ууруга уурдаган нерсесинен көбүрөөк берип, аз келгенсип үйүнө жеткирип берет деген үч уктаса түштөрүнө кирбеген уурулар эмне айтаарын билишпей, рахматтан башка сөз айта алышпай кала беришти. Алардын үй-бүлөсүн жакшы билет, наар алганга эч нерсеси калбай калганда, түбүң түшкүр дүнүйө жетишпегендиктен,ооруу бала-чакасын дарылоого муктаж болуп, өлбөстүн күнүн көрүп жан сактоонун абалын издеп жасашты көрүнөт. Кантсе да жасаган ишине өз ичинен ыраазы болгон. Он эле жыл мурда ушундай бар беле, жок. Аттиңай, ал жашоо жомоктой өтүп кетпедиби! Өкмөттүн чөмүчтөп жыйганын ит бекер талап кетишпедиби! Ал үчүн ким күнөөлүү? Жооп таба албады. Турмуш кантkенде оңолот? Мындай эзме суроолор көкүрөгүн өйүп, дилинен сыздап, ичинен ыйлап баратты.

Быйылкы жылы түшүм көңүлдөгүдөй мол болду, ата-бабанын осуятын орундатып кан чыгарып, элди топтоп түшүм майрамын өткөрдү. Айылдагы бей-бечара, карагыдайы жокторго тойунсун деп каптап аштык буудай бердирди. Эл батасын алды. Эмки жылы бул жерге которуштуруп айдап, Чүйдөн эки жүз гектар жерге буудай себүүнү макулдашып, акылдаштырып койгон. Чүй бооруна барчу суучу, механиторлор дагы такталган. Бешиктей терметкен машинада бара жатып үргүлөп көз жумулуп кеткен окшойт, чарбанын ишин үйрөткөн раматылык устаты Жолдошбай Момунов кел берилеп кол ирмеп чакырып жаткан учурда, машинанын өйдө-ылдый булкканынан чочуп ойгонуп кетти. Айдоочуга кол жаңсап токтотуп, арбагына арнап куран окуду. Көптөн бери эстебей калганына, иш деп жүрүп, пендечилик кылып, бала-чакасынан кабар албаганына ичинен өкүндү. Машинанын шары менен күлүк ой 1975-жылдын кеч күзүнө алып барып салды. Берекелүү Баткен жергесинде ошондогу молчулукту, калайык калктын жүзүндөгү сүйкүмдүү албырууну эстеп кимдер гана тамшанып албайт. Ошо алтын күздө жан бирге жубайы эркек бала тартуулабады беле, батына албай сүйүнчүлөгөн мээрбан эжелерди, жанындагы элди, ал тургай энесин көзүнө албай чопулдатып өөп жибергенине көпкө уялып жүрдү. Оо, чиркин бала жыты, бала үнү, баланын күлкүсү там-тум басып, атакелеп мойнуна асылганы кандай сонун! Жашоонун рахаты бала

дегенин ата-эненин келиндүү кылаар алдында турат. Кубанычы кучагына батпай кубанаар убагында көңүл чөгүп, ар кандай ойлор шаштысын алып келет.

Анан эле кайра бир жумадан бери өзүн эки-үч караан көлөкөдөй ээрчип жүргөнү тынчын алды. " Эмне болуп баратат, көчөдө адам жүрбөйбү, коркконго кош көрүнөт болуп? Мынчалык эмне шексинип калганмын? Кой, аялым билсе уят эмеспи, эркек башым менен ушинтсем. Кайсы бетим менен уялбай караймын анын жүзүн, райондун акими болуп жүргөндө ээн талаада нечен жолу түнкүсүн сугат текшерип эгин аралагым. Ошондо да мындай болгон эмес". Өзүн-өзү эптеп жооткотуп ордуна жатты, уктай албады, Лейлектеги аким учурундагы окуяларды эстеп туруп алды. Союз бузулуп, курамындагы республикалар эгемендүүлүк алган менен экономикалык кризиске белинен батып турган учур. Райондун түштүк жак бөлүгүндөгү Кулунду, Коминтерн айылдык Кеңештеринин дыйкандары суунун жетишпегендигине карабастан, кандай гана кыйынчылыктар менен пахта өстүрүшкөн. Аны Аравандагы пахта тазалоочу завод сатып алмак. Андай алыс жерге ташуунун өзү көп каржылоону талап кылат. Жол азабын айта көрбө Тажик, Өзбек бажы постторунан өтүүнүн өзү эле бир тозок. Ошентсе да жогорттон көрсөтүлгөн планды аткаруу үчүн пахта айдалган. Какаганга-муштаган болуп тазаланган пахтага кардар жок. Аравандагы завод да пахтаны эптеп өткөрүп, пахтакерлердин эмгек акысын таап бериш керек. "Ишенген кожом сен болсоң, алды алдындан тал карма" дегендей айыл чарба министрлигине, облустун губернатору Жаныш Султанкулович Рустенбековго бир канча жолу аким катары эмгекчи элдин акын таап берүүнүн жолун издеп кайрылгандан натыйжа чыкпай, айласы куруп отуруп калган учурда "Халмурзаев Эшим аттуу бизнесмен элдердин пахтасын алат экен дегенден улам, аны чакырып, орган кызматкерлерине дайындап, текшерип, бардыгы мыйзам чегинде иш жүргүзүлүп жаткандыгын, Эшимдин Кытай Республикасындагы фирма менен эл аралык келишими бар экендигин билгенде жаны жай алгандай болгон. Жыл аягында Ленинабад облусундагы Пролетарск пахта тазалоочу заводдун директорунун атына райондук мамлекеттик администрациясынын атынан чарбалардын пахтасын тазалап берүү жөнүндө өтүнүч катка кол койуп берүү жөнүндө Эшим өзү кайрылган. "Эгер сизден андай өтүнүч болбосо, Тажикстандан тазаланган пахталарды чыгарбай коюшу ыктымал",– деп түшүндүргөн. Арадан айлар өтүп, жаз келип, үзүкчүлүк маалга туш келип, эгин айдаш үчүн дыйкандар мунай, жер семирткич үчүн акча керек болуп айласы кеткенден Курсаналыга кайрылганда, орун басары Хамраев Абдубали Набиевич баш болгон комиссияны заводго жиберишкен. Эшимдин Лейлекке караштуу 105 тонна, ал эле эмес 700 тоннадан ашыгыраак Тажикстандын пахтасын декабрда 10 күндө тазалатып Кытайга жөнөткөндүгү ошондо белгилүү болгон. Көрсө,

атайын адамдар Эшимдин артынан сая түшүп, көп жыл байкоо жүргүзүшкөн экен. Дайыма жөнөтүлгөн товардын акчасы өз учурунда келип турган.Бу сапар андай болбоду, акча кечендей бергенден чыдабай, өзү барды. Барганда өз көзүнө өзү ишенбей күйгөндөн чок болду. Көргөн-билген фирмасы, андагы иштеген адамдар түп тамыры менен жок. Баарысы ийин куушуруп билбейбизге чыкты. Кытайдан эч нерсе жасай албастыгына көзү жеткен Эшим Кыргызстанда Кытай элчилиги, эл аралык сот аркылуу бир мандем болоор деп Исфана га кайткан.

Кытайлар сунуштаган, ал үчүн канын-жанын аябаган сакчысынан шексинип калды. Бир жолу мас болуп сакчысынын шифанердеги курткасын масчылыктан адашып кийген жерден андагы катылган пистолетти байкап калган. Ал өзү да курал берип, аны кечинде кайра алып койчу, муну кайдан алган, көзү умачтай ачылып, мастыгы таркаган, ошондон бери ишенич кеткен. Сакчыга кечинде конокко бараар жерин атайын айтып, “Мага күндүзү кароолдун кереги жок, кечинде күзөтүп, алып кетесиң”,- деп кетирип жиберген. Айткан жерге Эшим келди, бир-эки саат мейманда болуп, үй ээси менен коштошуп, башка машинада кетип калган. Сакчы болжошкон жерде күтүп турду. Чынында эле бул жер кооптуу жер экен, бактын ичи, караңгы. Коноктон чыккандар эч нерседен капарсыз кобурашып келе жатканда, катардагы экинчи адам кулап түштү, сөзгө да келбеди. Аны жарыкка көтөрүп келишкенде, жан таслим болгон экен. Бычак так жүрөккө сайылган. Эшимдин “Бир болсо, менин сакчым болот”,– деп айтуусу боюнча беш күндө кылмышкер-сакчы интерпол аркылуу Ташкенден кармалды. Ошо күнү Эшим курмандыкка чалынмак, анын ордуна пешенесине кудай жазган конок күткөн үйдүн баласы келбетинин, басым-турумунун окшоштугунан жазыксыз өлүп кете берди. Анын баарын сакчы мойнуна алганда билинип жүрбөйбү. Эшим ага караштуу автобаза, ресторан, магазиндерин сатып элден кутулган. Өзү банкротко учурап отуруп калды. Акчаларын алганча аким, губернатор менен элдин пахтасын Кытайга сатып жеп койду деген ушак айың сөздөр көбөйүп кетти.

...Акпарали-врач-хирург, Курсанаалынын бир тууган иниси. Негедир көңүлү чөгүп, бүгүн кечке жумушка көңүлү барбай, ооруларга демейкиден башка көңүл кош мамиле жасап, оюн бир жерге токтобой, көөдөнүндө баткан бугу жарылчудай өзүнчө эле бушайман. Кең дүйнө заматта тарып кеткенсип, ары-бери, баса, эч жерге батпайт. Сыйагы , тулку бою кандайдыр бир жагымсыз кабарды сезгенсип, уйгу-туйгу алпурушкан ички кармашуу алек кылып турган. Күн кечкирген менен алдыда түн бою өткөрчү кезектеги, кечки жумуш бар эле. Каргашалуу кабарды жеткирген телефон шыңгырап, жандандыруу бөлүмүнө чакырышты. Жан алынын барынча чуркап жеткенде кызыл-ала канга боёлгон Курсаналы “кай-

ыр кош" дегенсип акыркы дем алуусу токтоп, мончоктой көз жашы төгүлбөй кала берди.

Курсанаалыны бир тууган инисинин үйүндө бычактап өлтүрүп кеткендиги жөнүндө суук кабар тарс этип бомба жарылгандай эле бүт чөлкөмгө тарап кетти. Анын сөөгүн жерге жашыра элек "Бир таксисти өлтүрүп, машинанын багажнигине салып жүрүп, Чарбакта бензин түгөнгөндө таштап салышыптыр. Райондун акимин, райондук коопсуздук комитетинин, аскердик контрразведканын башчыларын сакалчан боевиктер кармап кетиптир",– деген каншаар удаама-удаа угулуп, уккан ар бир адамдын жүрөгүнүн үшүн алды. Элдин тынчы кетип, калк үркүп калды. Кылмышкерлер кумга синген суудай жоголуп кетти.

Адам эмес жолбун тоок киргизбеген, эшиктей заар иттен кантип кирипти. Мончого жалгыз киргенин байкап, эшик ачылаары менен катуу нерсе менен көзгө уруп, жыгылганда так жүрөккө үч жолу бычак уруп өлтүргөнү атайын даярдалган, машыккан каракчылардын иши экендигин айгинелеп турду. Кайдан киргени да белгисиз, акыркы жолку эс-үчүн жыйып, жанталпаста "Маскачандар сойуп кетти!",– деген ач кыйкырыктан улам сыртка чуркап чыккан иниси менен баласы эки метр дубалдан мышыктай секирип өткөндөрдү көрбөй калды. Бул кезде кылмышкерлер көздөн кайым болгондой караңгылыкка сиңип кетишкен эле.

Кимдер өлтүрдү? Алардын артында кимдер бар? Эмне үчүн өлтүрдү? Мунун баары табышмак бойдон калды. Эл арасында Лейлекте аким болуп иштеп жүргөндө Кытайга сатылган пахтанын кесепети дешсе, дагы бирөөлөрү айыл чарба министрлигинде Австралиядан алынып келинген койлорго байланыштырды. Кимдир бирөөлөр "кирип келген сакалчандар" деди. Кээ бирөөлөр кандайдыр бир мафиянын иши дешип, билипбилбей эл арасы уу-дууга толуп кетти. Болгону дубалдан секирип кеткен жерде көзгө чача турган газ пистолети түшүп калыптыр.



## САМИДИН КУРМУШУ

1962-жылы Кадамжай районундагы Тамаша айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун, Кыргыз Мамлекеттик Университетин бүтүргөн.

Эмгек жолун Кадамжай совхозунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. Кадамжай сурма комбинатынын алдында чыгуучу "Металлург" газетасында кабарчы, редактор болгон. 2000-жылдан Баткен областтык "Баткен таңы" газетасында кабарчы болуп, 2001-жылы Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор М.М. Айбалаевдин пресс-катчысы кызматын өтөгөн. 2002-жылдын апрель айынан "Баткен Таңы" газетасынын редактору болуп иштеп жатат.

Самидин Мусаевич жаштайынан ыр жазууга ынтызар. Ырлары республикалык, областтык газеталарга жарыяланып жүрөт.

### МЕН

Бай эмесмин,
Элдин бири жардымын.
Көрдүм кордук,
Көрдүм пейил тардыгын.
Оош-кыйыш
Мийзамы экен турмуштун,
Жамандыкты
Жууп кетсин жакшы ырым.
Түгөнгөнчө
Ичер суум, аш-тузум,
Сүйөм сени,
Жашоо, өмүр-тагдырым!

Жаш өйдөлөп,
Толгон сайын акылым,
Байлык, акча,
Зыйнат, сыйдан жалкыдым.
Ыр көлүнө
Арзуу айттым, а бирок,
Кана менин Жан сергитер артыгым!
Эки күндүк
өмүр калса алдыда,
Анын теңин,
Сага берем, жакшы ырым!

## АЛТЫ САПТУУ АЛГЫ ЫР

Бүгүн ажал
душман болсо, эртең дос.
Өткөн өмүр
Өтмүшү чын, бар болбос.
Мейман болуп
Жаралган соң дүйнөгө,
Сыйлоо менен
Өтөлүчү, жан жолдош!
Биздин максат, тилектер,
Мээлеп, мээлеп,
Тарс атылган окко окшош.

* * *

Чарчадым. Оор жүктөн арып турам.
Мезгиден шашып эрте карып турам.
Үйүрүнөн ажыраган күлүк өңдүү,
Артымда изим калбай, алдым туман.
Дүйнөнүн
Жыртыгына
Жамаачы
Издейт...
Бул мезгил – биздин доор, биздин заман.

## ДОСУМА КАТ

*(ырлар циклинен)*

Жан досум "Бул жашоодон тойдум" дебе.
Өзүңдү бийик тут да, күнгө теңе.
Тагдырдын болор-болбос сыноосунда.
Сенден мен укчу сөзүм ушул беле!
Барына бардар болуп, ынсап кылсак,
Карачы: аалам-сүйүү, жыргал эле!

Тилиң уу, сөзүң канжар болгон кезде,
Жан досум , карма өзүңдү, өйдө сезбе!
Гүл көңүл, дал өзүңдөй бир пенденин,
Куурулуп, заманасы барат эсте!
Жүрөктү таштай каткан жылыта албас,
Чыккан күн, табы кайткан бешим кечте.

Toктой тур! Зор бийлигиң, сансыз байлык,
Бакыт болуп, бешенеңе жагылбас!
Куттуу үйүң тынч болбосо эч качан,
Бакыт кушу туурунa кайрылбас!
Күлкүсүндөй уул-кызындын, жарындын,
Чексиз бакыт жер үстүнөн табылбас.

"Бактысыз адаммын" деп наалыбачы,
Өмүрдүн гүл бутагын кайрыбачы?!.
Адамга бакыт болуп берген эмес.
Каректин деңиз болуп аккан жашы!
Тозоктон чоң бакыттын жолун табуу
Адамдын жаныбардан айырмасы!

Бакыттын эмне экенин билбей туруп,
Бактылуу болуу үчүн умтулабыз.
Унутуп, абийир, намыс, сый-урматты,
Бакыттын кушун колдон учурабыз.
Кошунаң кедей кезде бай болбойсуң,
Бактылуу болгон эмес, адам жалгыз!

Сөзүнө аралжы дос, укчу мени!
Бүтөлбөйт, биз өтсөк да дүйнө кеми!
Аманат бул жашоодон урпактарга-
Башкысы – бере алабыз эмнелерди!
Максаты акыл-эстүү адамзаттын,
Толуктоо эмес, билгин, кара жерди!

Бактылуу жашоо менен бактап, көктөп,
Кол жеткис бийиктерди энсеп, көксөп.
Мезгилди тизгиндөөгө шайы келбей,
Бул өмүр мени таштап, жылдызы өчөт.
Бүт баары унутканда "кыйбайбыз" деп,
Мүрзөмдө жашыл тулаң майса өсөт.

Тагдырдын таштак жолу эзип, кыйнап,
Кыянат ишке кейип, турдум сыздап.
Кечиргис күнөө жасап койгон өңдүү,
Дүркүрөп денем таштай калды муздап.
А балким, жамандык иш бир жүрбөсө,
Жашоонун жакшылыгы унутулмак.

## ЭЛЕГИЯ

Тынч айылды толук тартып сүрөткө,
Айдын нуру сууга жатат киринип.
Кылымдарды алмаштырбай мүнөткө,
Кош караан карек көзгө тигилип,
Суук көздөн далдаа кыла турууга,
Кош-Тал алган жашыл барик кийинип.

Тойбостон ажарыңа карайм улам
Мелүүн жел ойнойт, сылайт,саамайындан.
Чыгыштан агыштанып таң сүрүлдү,
Андан соң күнүбүз чыгат уясынан,
Сүйүүдөй улуу күчкө таазим кылам.

Жалбыз жыттуу Ничке-Сай муюп турат,
Дыбыраган жамгырдын музасына,
Күмүш сындуу тамчылар жерге кулайт,
Бариктердин чыдабай кусасына,
Май, курутун артынган бир жолоочу,
Ат теминет баласын учкаштыра.

## ОШОЛ МЕНМИН

Мезгил, сен дарыядай ага бердиң,
Жаңылбай эсебинди кага бердиң.
40 ашуу артта калды, чаң уюлгуйт,
Уттурган соодагердей кала бердим.

Сен кимсиң? “Бурадарым, кайдан келдиң?”-
Дебечи, көп жагынан элден кеммин.
“Колунан келбес ишке далбас урган,
Шордуу ким?”-дей көрбөгүн, ошол менмин!

“Достордон, курбулардан, тааныштардан,
Бир жүрүп, көп жагынан алыс калган.
“Өмүрү газаң болгон. Ким?”,-. дебечи,
Ошол мен. Туу тутканы – ырлар, ыйман!

“Ыр жазып, аны жөндүү окуй албай,
Катарга уяндыктан кошула албай.
Жүргөн жан ким?”,- дебегин, ошол менмин,
Сырдашкан ырлар менен сүйгөн жардай.

## КАЙРЫЛУУ

А балким, мынча эрте жолукпасак,
Ким билет, биз бактылуу болор белек.
Ал кезде байоо сезим кучагында,
Бактылуу эгиздерге окшоор элек.

Мен чөксөм күлкү болуп туруучу элең,
Сырымды жанга айтпаган угуучу элең,
Тажачу эмесмин мен такыр анда,
Айтуудан "Бактылуумун сени менен".

А кийин... жакын жүрүп ыраак болдум,
Бүлөмө, уул-кызыма чырак болдум.
Мен чөгүп, жолукканда жашымды аарчып,
Сен болсо, дил тазарткан булак болдуң.

"Кош" дедим, "Бүттү"дедим, "Келбейм" дедим,
Сен болсо, мээримиңди төгө бердиң.
Жолукпай көпкө-көпкө калганымда
Ырларым,сагындым да кайра келдим.

## ТАЛАНТ ӨКСҮГҮ

Сөздүн гүлүн тандап терип, зам-замдай,
"Жазсаң ырды, жазгын,– дешчү,– Аззамдай"
Назик эле, ыр саптары шок эле,
18ге жаңы толгон кыздардай!
Эне сымал ырга төкчү мээримин,
Мээнетиң да, убактысын да кызганбай.

Том-том болуп китептери чыккан жок,
Тоолор дымып булбул үнүн уккан жок.
Аалам үстүн ажарына чыгарчу,
Талант кушун Ак-Суу бою туткан жок.
Күйүтүнө шарап ичет бир инсан,
Шашат мезгил: Биздин өмүр – аткан ок.

Өтөөр турмуш бирөө койсо ыр жазбай,
Дүйнө андан кемибестир, же аздай.
Өкүттөбүз тагдырына тагдырдын,

Өткүр талант чыкпады,– деп, ак таңдай".
Касиеттүү Ак-Суу жерин ким ырдайт,
Миң кубултуп, түргө боёп, Аззамдай!

* * *

Кайдасың, арык тармал чач,
Аланкөз, байоо досум ай,
Мезгилдин колго кармалбас,
Ырларың калдык окубай.

Сүйүүгө тунгуч кабылган,
Тотуккан жүзүң, көздөрүң,
Карайт не капыс табылган,
Сүрөтү сынар өзгөнүн.

Кучактап өскөн мойнунан
Балалык байоо досум ай,
Жылдардын жылас койнунан.
Карайсың эми чочулай.

Бир түндө жаап унутулган
Тагдырың карбы, жамгырбы?
Умсунба, эми умсунба,
Балалык байоо жан курбу.

# МАНСУР ПАРПИ



1956-жылы Баткен районунун Кара-Булак айылында төрөлгөн.

Кара-Булак орто мектебин аяктагандан кийин, 1973-жылы Фрунзедеги кыргыз мамлекеттик Академиялык драма театрынын алдындагы театралдык студиядан окуган. Аны ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин, 1977-жылы Ош Кыргыз драма театрында актер болуп иштеген.

Андан кийин Баткен райондук маданият үйүнө методист болуп орношот. Бүгүнкү күндө райондук маданият бөлүмүндө "Элдик театрдын" режиссеру болуп эмгектенип, чыгармачылык менен алектенип келет.

Бош убактысында сатира-юмор жанрында өз калемин сынап жүрөт.

## ТААЛАЙ ИЗДЕГЕН ИНДУСТАР
*(сатиралык интермедия)*

Үч адам "необытаемый островдо" чоң пальма дарагынын түбүндө отурат. Биринчиси труса, майкачан, экинчиси шортачан, үчүнчүсү калың кийимчен. Өз ара аңгемелешип отурат.

1-киши: Мына , достор, максатыбызга жеттик, каалаган жерибизге да келдик-деп, көтөргөн баштыктарын жазданып жата кетет, чегип жаткан тамекисин ыргытып, наспай чегип, суу ичет.

2-киши: (ордунан туруп) Достор, үчөөбүздүн тең тагдырыбыз окшош экен. Базар экономикасында жашаганыбыздан бери барга-бар дүйнө, тарга-тар дүйнө болуп калбадыбы. Мал ордуна эсеп тапкандардын күнү тууду, эсебин жоготкондордун бизге окшош шору катты. Кайран гана социализм!!!

3-киши: Эй, достор, айтып отурсак, үчөөбүз тең ортосаар жашаган адамдар экенбиз. Мына мен, бир иш жасап, эл катары оокат кылайын десем эле, налоговый, таможенный, экология, милиция жана башкалар колду суутат да, турат. Ошолордон безер болуп, жашагым келбей калды.

1-киши: Эй, достор! Мага жада калса жер үлүшү да тийген эмес. Пул таппасаң катын эмес, балдарыңа да жакпайт экенсиң. Ошондон безер болуп үйдөн келе бердим.

3-киши: Кыскасы, үчөөбүз тең жанкечти эмес экенбиз. Жашоодон түңүлбөй "бакыт издеген индустай" мында келдик. (тыныгуу).

1-киши: - Эй, достор! Карын ачты. Курсактын айласын кандай кылабыз? – деп баштыктарын аңтарат,– жол азыгыбыз түгөнүп бүттү. Эсебин табалы…

2-киши: Менде кайырмак бар, балык кармап жейбиз. Кам жеген бөрү да өлбөй эле жашайт го.

3-киши: Келе кайырмагыңды мага, мен азыр ... Эй, кудай!! Бандам десең кур койбо?! Берем десең кулуңдун, белен кылыгын жолуна – деп кайырмагын салат. (Кайырмакка илинген алтын балык чыга келет. Алтын балыкты шашып-бушуп кармап алат.) Алтын балыкка тил бүтүп сүйлөй баштайт.

Балык: – Эй, адамдар?! Ырайым кылгыла? Мен жөнөкөй балык эмесмин, алтын балыкмын, мени коё бергиле. Мен силердин тилегиңерди орундатам. Бирок, Пушкиндин убагындагы эмес, бүгүнкү күндүн алтын балыгымын. Тилегиңерди айткыла?! Орундатам!

1-киши: – Ураа! Достор, үнүбүз кудайга жетти окшойт. Кудай тилегибизди бере турган болду! Эй, алтын балык! Мага бир кап доллар берсең болот, бирок майда купур болсун?!

Балык: – Маакул, алыңа жараша крупный эле купур сурабайсыңбы бир өмүргө жете турган.

1-киши: Жоок, алтын балык, мага майдасы эле болот. Мени менттер тажатып бүттү. Майда доллар болсо ошолорго берип турам. А, аларга крупный доллар жалько.

Балык: – Сенин тилегиң орундалды. Тиги жээктеги бир кап долларды алып ал. (Көтөрүп келет.Кубанычы койнуна батпай, калпагын көккө ыргытып сүйүнөт). Эми силер, каалооңорду айткыла. Силердин да тилегиңерди орундатам. (Экөө унчукпайт). Балык кайрадан:Эй, кудайдын пенделери, сурагыла, тилегиңерди аткарам,– дейт. (экөө дагы эле сүйлөбөйт).

Балык: – Мейли, тилегиңер жок болсо, мен мобу кичинекей чычканды сага белек кылам. Сен жашаган жерде чычкан менен калар барбы?

2-киши: – Ой-боой, айта көрбө.Чычкан менен калар аябай көбөйдү. Мышьяк берсең да өлбөйт. Жеп алган дарысын куйругун оозуна салып кусуп таштап, өлбөй жатат.

Балык: – Бул кичинекей чычкан ошол чычкан менен келемиштерди кырып жок кылат.

2-киши: – Кокуй! Анда бере көр мага, – деп чычканды колуна алат.

Балык – Үчүнчү кишиге: – Силер жакта таракан барбы? – деп сурайт.

3-киши: Сурайсың да, жөн эле, жамырайт. Таракандан кутулуп болбой калды. Үйүм жөн эле зоопарк болуп кетти.

Балык: – Ме, мынабу кичинекей тараканды, калган таракандарды жеп жок кылат.

3-киши: Ырас болбодубу! Алтын балык, чоң рахмат!

1-киши: – Алтын балык! Мага да долларың керек эмес, мага кичинекей мент берчи! Чоң менттерди жеп койсун.

Балык: – Ойлондуңбу? Маакул, тиги жээкке барсаң, бир кичинекей мент отурат. Ошону алып ал. Бирок, долларды кайра бер.

Үчөө бирге: – Ырахмат! Алтын балык! Сага биз ыраазыбыз"– дешет.

1-киши:– Сени кое беребиз!

2- киши:– Сени жебейбиз!

3-киши:– Сен көп жаша!

Үчөө бирге : Жүргүлө, алтын балыкты сууга кое берели,– Кош, Алтын балык – деп коштошуп чыгып кетишет.



## КУРСАН ПАХЫР (ЧАҢДЕКИ)

1951-жылы азыркы Баткен областынын Кадамжай районуна караштуу Котормо айыл өкмөтүнүн аймагындагы Чандеки айылында туулган.
Кесиби педагог, ыр жыйнактарынын автору.
Азыркы учурда Баткен мамлекеттик Университетинин алдындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунда кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы болуп эмгектенет.

### ТАГДЫРЛАР

Дагы бир күн кетти өмүрдөн нарылап,
Кылчайбастан көңүлүмдү жайдактап.
Чабандесин таштай качкан жүгөнсүз,
Өткөн күндөр каййрылбаган аргымак.

Мүрзөлөрдө тыптынч жатат адамдар,
Шыбыр айтып жер көшүлтөт аппак кар.
Боз чалгындуу ушул кечте ашыгып,
Насип издейт желе жортуп тагдырлар.

Ушул бир күн, ушул ирмем азыраак,
Чексиздиктер кайып дилдеп ыраактан.
Токтой турчу, өткөн жазды эстейли,
Иңир жутуп, шыбыр айтат шыбыргак.

Дагы бир кун кетти өмүрдөн нарылап,
Бопбош кайттым өткөн күндөн алыстап.
Дүйнө бир кун ушул аппак сезимде,
Өмүр ушул-көчсө кайтып аргымак.

Куран окуйм, жол боюнда мүрзө бар,
Жатат мында, тынч уйкуда апам ал.
Шыбыргактуу ушул кечте ашыгып,
Буйрук издейт желе-жортуп тагдырлар...

### ЖОК ДЕБЕ

Көр дүйнөнү, туйгун, сүйгүн жыргап өт,
Бар-жогуна кайыл бол да, бош калба.

Келер кетер бул ташканак дүнүйө,
Бийик бол да, кетериңер гам жебе…

Бирдей болбос тагдыр, өмүр ар кимде,
Тирүүлүктө келер башка ар нерсе.
Мүшкүл түшсө мундуу болор көңүлүң,
Бардар болуп бечараны зар дебе…

Байлык кетер, барлык жеңер өмүрдө,
Канаат кыл, жоктон барга элирбе.
Баш-аягы чексиз мухит бул аалам,
Туюп-туйбай, кең дүйнөнүү тар дебе…

Келди заман, шылуун жаштар жыргады,
Ач дүйнөгө сугун артып теңелбе,
Момунчулук, улуулуктар дүйнөдө,
Ишен уулум, акыйкатка, жок дебе…

## ЭЛЕСИМ

Жылып өтүп жетпес болуп көрүнгөн,
Жылдар калды кайрышып өмүрдөн.
Куйчу арактан, аралыкта ичели,
Өмүр өчпөс, өткөн кетпес көңүлдөн.

Кар баскандыр гүлкайырлар көмүлүп,
Капчыгайлар жатса керек көшүлүп.
Өмүр болуп кетти менин көңүлүм,
Жашоо болуп жер жүзүнө төгүлүп.

Алыс калды сагындырып добушу,
Капчыгайда дайралардын шоокуму.
Кайык болуп сууп кетти көңүлүм,
Калак болуп деңиздердин толкуну.

Арчалардын бутактары аппак кар,
Ошол карда мен жараткан өмүр бар.
Эргип кетсем булактарга кошулуп,
Деңиз болуп тамчыларым кошуп ал.

Көз жетпеген мухиттерге чөмүлүп,
Кайтып келдим бул ааламдан бөлүнүп,
Дидарыңа сүртүп өтчү рухумду,
Бар элесим сенден турсун көрүнүп…



## АСКАР РАЖАБАЛИ

1948-жылы Баткен районунун Зарташ айылында төрөлгөн. Орто мектепти бүткөндөн кийин 1968-жылы Оштогу педагогикалык институттун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнд- окуган. Андан соң аскерде кызмат өтөп, бир аз жыл мугалим болуп иштеген. 1975-жылы Баткен райондук "КызылТуу" газетасына жумушка кирип кызматкер, бөлүм башчы, редактордун орун басары, редактор болуп иштеп келди. 2000-жылдан баштап Баткен облустук "Баткен Таңы" газетасында редактордун орун басары, ушул күндө бөлүм башчы болуп иштеп жатат.

Дээрлик 30 жылдык жаштыгын,күлгүн чагын журналистикага арнаган Аскар Ражабали адабий өнөргө жаштайынан ык койгон. Окуучулук кезинде,студенттик чактарында ырлар жазып, анын поэзия саптарында жылт эткен жылуу жышаан бар экенин таланттуу акын Жолон Мамытов баамдап, басма сөздө сөз кылган.

Кийинчерээк кара сөзгө боор тартып, аңгеме-новеллаларды жаза баштаган. Чакан чыгармалардын дөө-шаалары А.П.Чехов, О. Генри, П.Мериме, Ю.Казаковдон Мурза Гапаровко чейинки ажайып жазуучулардын чыгармачылык купуя ааламына үңүлгөн.

Анын чыгармачылык тушоосун маркум таланттуу жазуучу Мурза Гапаров кесип, "Өкүм" аттуу аңгемесин 1984-жылы "Кыргызстан маданияты" жумалыгына баш сөзүн арноо менен сунуш кылган. Андан соң "Үч тагдыр" аттуу аңгемеси "Көктөм" альманахына киргизилген. Бир кече аңгемелери "Ала-Тоо", "Кыргыз Туусу", "Кыргыз руху", "Ленин жолу" гезит – журналдарына, адабий альманахтарга басылган.

Лиризм менен романтиканы чыгармаларынын өөнө боюна сиңирүүгө далалат жасаган Аскар Ражабалинин аңгемелеринин каармандары кыялкеч, көкүрөктөрү жаштар романтикадан алыс калууда, Романтика жаш адамдарды жакшылыкка, тунуктукка, жашоону таза сезим менен чексиз сүйүүгө чакырган ажайып күч. «Мен эпопея жазсам да, аны романтикага сугармакмын» – дейт ал.

Аскар Ражабалинин 1996-жылы "Ай түшкө кирет" аттуу аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. "Сагыныч кушу" аттуу жыйнагын "Кыргызстан" басмасына тапшырган. Мындан тышкары көптөгөн публицистикалык макалаларды, очерктерди жазган. Жаңы китептерди басмага даярдаган. Өз чыгармаларына өтө сынчыл көз караш менен мамиле жасайт.

***Жарыяланган чыгармалары, китептери:***

1. "Өкүм", аңгеме "Кыргызстан маданияты" жумалыгы, 1984-жыл.

2. "Үч тагдыр" аңгеме "Көктөм" альманахында,1987-жыл.

3. "Ай түшкө кирет"аңгемелер жыйнагы. Баткен, 1996-жыл.

*Чыгармалары жөнүндө:*

1. "Мамытов Ж. "Ырлар келет", "Ленин жолу" гезити, 1970-жыл.

2. Гапаров М. "Ак жол каалайм", "Кыргызстан маданияты" гезити 1984-жыл.

3. Кушубаков К. "Көктөм" альманахы. Бишкек, 1986-жыл.

## САГЫНЫЧ КУШУ

Төртүнчү классты бүтүргөндөн кийин биз окууну кошуна айылдагы сегиз жылдык мектепте улантчубуз. Эки айылдын аралыгы тогуз-он чакырымдай.Чынын айтыш керек, жол азабын кыйла эле тартканбыз. Бөтөнчө кыздар. Уландар бирден эшекке минип, догдондоп кете берчүбүз. Бечара кыздар. Аларга боору ооруган уландар бирден эшекке учкаштырып алаар элек. Кай бир балдар минтчү эмес. Тогуз ай ушинтип жол каттап окуп, балалык өмүрүбүздүн жарымы жолдо өтчү. Дагы биздин жолубузду кыскарткан узундан узун өрүкзарлар болбосочу!

О, анда кандай болоорун билбеймин. Өрүкзар гүлдөгөндөн тартып, кеч күзгө чейин бир чети алыс жол бизге жыргал эле. Сабактан чыккандан жол ката өрүкзарды аралап, желим жыйып, өрүк жеп, кеч калсак жылдыздуу түндөрдө өрүктүн куу шактарын чатырата жагып, алоо отту тегеренип шоктоно ойночубуз. Көөдөй кара түн каптаган өрүкзарды алоо от бүт жарытып, шатыра-шатман, ызы-чуууга батканыбызлы айтпа. Асман жылдызга толуп, адыр үстүнөн тептегерек Ай кылак эткенде эшектерибизди жарыштыра Зарташка (туулган айылыбыз) кирип келчүбүз. Жол ката жан үрөп, оюн кызыгына баткан боюбуз талыкшып, тырп этпей уктап, эртеси таң азанда дагы жолго чыгабыз...

Кийинчерээк балдар четтен велосипеддүү болдук. Эми мурдагыдай эшек минип, көп кечикпей калганбыз сабактардан. Дале кыздарды бирден учкаштырып алмай. Балдар кыздарды бирден "ээлеп" алышкан. Менин "энчиме" сен тийгенсиң...

* * *

Сен тогузунчу, мен онунчу класста. Аппак булуттар өрүкзарга бөгүп, мекендеп калгандай. Мектепке жеткенче гүл аралап, гүл кечип барабыз. Кыздар бөтөнчө сулуу болуп кетишет, мындайда! Он беш велосипед гүл туманда каалгый учуп, кыздардын күлкүсүнө толуп чыгат өрүкзар. Биз уландардын каны дүрбүп, учкаштырган кыздарыбыздын жылуу деми уруп, көл-шал терге бата "күлүктөрүбүздү"жарыштырабыз.

Бир жолу мен класска кезекчи болуп, велосипедчендер "үйүрүнөн" калып кеттим. Сени да кимдир бирөөлөргө илээшип кетип калса керек деп ойлодум. Минтип ойлогонум, мектептин короосунда көрүнбөдүң. Сени башкалардан кызганып кеттим ошондо. Тынчтык бербеди "ким менен кетти экен?"– деген түпөйүл ой. Анан ары-бери класстты иретке келтире, велосипедимди зымырата өрүкзарга чу койдум. Сага жетип бардым айылдан чыга бериште. Сен эч кимге учкашпапсың, Гүлү! Учкашып алдың экөөбүздүн күлүгүбүзгө.

Белимден кармап алдың, ээрден кармап алуунун ордуна, мурун минтчү эмессиң да. Эркелеп чыгат үнүң:

– Акпар, секинирээк айдасаң, чарчап каласың!

– Балдар кетип калышат, ойной албай калабыз!

– Майли, шашпачы, Акпар!

Кичине секиндеттим экөөбүздүн "күлүгүбүздү". Жете келдик күндө балдар-кыздар ойноочу чоң өрүктүн түбүнө. Азыр эле кетишкени сезилип турат балдар-кыздардын. Алардын ызуу-чуулары, шаттуу күлкүлөрү бакка сиңип кетелектей. Велосипедимди өрүккө сүйөп, көк майсанга жата кеттим. Алка-шалка тер баскан бүт-денемди.

– Ой-и-ий, Акпар! Мынчалык күйүгүп айдайсың! Карачы тердегениңди!

– Ич нерсе эмес.

Унчукпай туруп калдык бир азга. Ээндей түштү өрүкзар. Ак туман баскан өрүкзар. Күн батаарда сырдуу. Негедир кечки салкында бакты баштарына кийип алчуудай безелене сайраган куштар да бу сапар тынчый түшкөндөй. Күндүн кыпкызыл нурлары өрүкзардан анчалык алыс эмес жалама асканын жарымын ток кызыл ыраңга боёду, ылдый жагы чылк кара.

– Вай-вай, Акпар! Шундай да керемет кеч болову өрүкзарда, турсаң! Сен мага таза жакындадың. Уруп турду ыпысык табың. Анан башыңдан оромолуңду чечип алып, тер баскан жүзүмдү аарчыдың. Мандайыма койдуң алаканыңды. Алаканың өрүк чогу мисал денемди дүрбүттү.

– Ысып чыгыпсың. Минтип күйүгүп айдасаң, экинчи велосипедиңе минбеймин, Акпар. Угуп койгун!– дедиң наздана.

Карап турдум тигиле, мээрим чача, наздык менен эркеликтен сүзүлгөн көздөрүңө. Чачымды сыладың акырын. Көкүрөгүмө бастың колдоруңду. Мынчалык чырайлуу экениңди шу сапар туйгандай болдум. Күнүгө сени учкаштырып жүрүп, анчейин назар салбаптырмын сенин мынчалык келишимдүү экениңе, напназик гүлдөр майда өрүлгөн чачтарыңды каптап калды. Апапак көпөлөктөй каалгыйт ак гүлдөр. Гүлгө чулгана, ууртуңа өрүк гүлүндөй кипкичине, шуудурумдөй таптаза күлкү уялады, Гүлүм! Кол кармаша чуркадык экөбүз. Күлкүң жаңыра, бак ичине сиңип кетип атты. Гүл деңиздин, гүл толкундардын арасында чабак балыктай туйладың, гүлгө айланып-айланып кете жаздап аттың, Гүлүм!

– Кызгылтым, кечтин пардасы түрүлө, коюу түн секин жылып келди өрүкзарга.

– Акпар, кеттик! – Колумдан тарттың чоң өрүк тарапка жетелей. Колдорунду койё бербей, өрүкзарды кыйбай ээрчидим сени.

Өрүкзарга түн түшүп,асман толо жылдыздар. Толгон Ай. Сүттөй жарык түн. Көкүрөгүмө башың жөлөп, кыймылсыз турабыз. Назик көлөкөң өзүмкү, колумдан чыкпас кушум деп ойлогом! Аттиң!

– Гүлү!

– ...

– Гүлү дейм!

– Жым, Акпар! Жүрөгүндүн сокконун угуп атам. Жүрөгүң:

"Гүлүм! Гүлүм! Жаным!" деп согуп атат!

Сенин бакырайган көздөрүңдөн секин өөп койдум. Үшүгөн бөбөгүмдөй башың каттың көкүрөгүмө, табактагы чабактай туйлап аткан жүрөгүмдүн үстүнө койдуң өрүк гүлү төгүлгөн жыланбаш башыңды.

Бу кечте өрүкзарды Гүлү экөөбүздөн эч ким талашкан жок. Бир аздан соң өрүкзардын түнкү кожоюну сүттак муңкана сайрап кирди:

– "Сүт-так!", "Сүт-так!", "Сүт-так!"...

Деги ушундай толгон айлуу, тыптынч бактылуу түндө да арман-муңу бүтпөгөн куш десең сүттакты!

– Гүлү!

– Не?

– Сүттактын сайраганын, жүрөктү өйүп.

– Түнкү бакта сүттак сайраса корком.

– Азырчы, коркуп атасыңбы?

– Жок, сен барсың да.

Түнкү ээн бак оголе сыйкырлуу. Айлуу түн ак туман өрүкзарда түнөмөкчү, Сулуулукка мас болгон өрүкзардын тынчын сүттак гана алып жатты.

"Сүт-так!", "Сүт-так!", "Сүт-так!"

Сайраганы муңдуу. Кайрыгы армандуу. Мүмкүн сүүттактын зарлана сайрап атканы, экөөбүздөн түнкү бакты кызганып атканы бекен? Күйүнгөнү бекен? Же Гүлү экөөбүздүн бири-бирибизге жеткире албай аткан ички кайрыктарыбызды сайрап, бак ичиндеги кемчилди толуктап атты бекен? Жүрөк сыздатат муңдуу сайран.

"Сүт-так!", "Сүт-так!", "Сүт-так!"

– Тим кой, сайрай берсин. Көрдүңбү, Акпар. Жалгыздык, айрылуу кандай азап, жүрөк муздаткан. Айтмакчы, сүттак тууралу эл айткан аңызды билесиңби?

– Билем, бирок чала, кана айтчы.

Сүттак илгери-илгери бир мал-мүлкү жер бетине батпаган байдын жалгыз баласы болуптур. Өңдүү, түстүү, акылы жетик жигит болуп жети-

липтир. Анан атасынын койчусу болуп жүргөн кедейдин жалгыз кызы аны сүйүп калыптыр. Кыз жигитке жактырганын көпкө айталбай жүрүп, бир күнү кечке жуук жыгач аякка толтура сүт куюп келип, ага сунуптур. Ошондо көпкөн жигиттин акылынын тездиги жеңип кетип, колундагы сүт мелт-калт толтура жыгач аякты бир тээптир. Сүт этегине жабыла төгүлгөн бечара кыз ошол түнү көзүнөн жашын көл-шал кыла ыйлап чыгыптыр. А, жигит сүттакка айланып, түнкү ээн бакта "Сүт-так!", "Сүттак!" деп сайрап калыптыр. Кыздын зары теңирге жеткен белем, ошол күндөн ушул күн сайрап келатат сүттак. Түнү бою сайрап, тамагы кургаган сүттактын тамагына таң алды асмандан бир тамчы сүт тамат экен. Ушундай Акпар, сүттактын баяны.

– Бечарага кыйын эле болгон экен.

– Кыздын сүйүүсүн тепкен ноомарт жигиттерге түбөлүк эскертме го мунусу...

Түнкү айдарым жел жүрүп, өрүк гүлү жаады. Экөөбүздүн үстүбүзгө жаады ак гүлдөр. Сүттактын тынчы кетип, бирде бактын тереңинде, бирде биздин үстүбүздө сайрап атты.

– Акпар! Кеттик!

– Кеттик!

Экөөбүздүн велосипедибиз кайрадан зымырады айлуу, ак туман гүл каптаган , аппак түндө зымырык куштай каалгып... өрүкзар артта калып, түнкү айылдын сансыз оттуу терезелери көрүндү.

* * *

Ошол бактылуу кечтен баштап мага жаңы бир дүйнө ачылды. Ал сен деген дүйнө эле. Сени көз алдымдан, эртели-кеч велосипедиме учкаштырып жүрүп бой тартканынды ошол айлуу кечте, өрүкзарда билдим.

Эртеси сабактан кайтышта балдар-кыздар алиги чоң өрүктүн түбүндө кечке ойнодук. "Ак-терек, көк-теректи" ойнодук. Өрүкзар ичин ызы-чууга толтурган балдар-кыздар шатыра-шатман.

– Ак-терек, көк-терек! Бизден сизге ким керек?

– Седеп керек!

– Майрам керек!

– Айша керек!

– Гүлү керек!

– Керек!

– Керек!

Кыздар турнадай болуп бир катар, балдар шырыктай тизилип бир катар. Кыздар бир тарап. Балдар күү менен чуркап барып, кыздар катарын жарып өтүшсө, бирден кызды "энчиге" ээрчите келишет. Кыздар шырыктай тизилген балдардын катарын жарып өтө албай калышса, "туткун" болуп кала беришет. Кокус балдардын бирди-жарымы кыздардын турна

катарын жарып өтө албай калса барбы, ошол баланы баары жаалай "келин болду" Колукту болду!" дешет

Балдар-кыздар оюнга мас. Бир жан менен иштери жок. Бакты түп көтөрө баштарына кийип алышкан. Көз албай көпкө карап турдум алардын оюнун. Тунарып кетти көздөрүм. Ана! Бактын тереңинен эки караан каалгый келатышат, тобунан калып калган апапак көпөлөктөрчө. Бири-бала, экинчиси-кыз. Кол кармашып алышкан. Чоң-чоң ачып алдым көздөрүмдү, көрүп турганыма ишене бербей. Эки караан балдар-кыздарга жакын келише, аларга кошула албай туруп калышты. Таанидым аларды. Экөөбүзлүн өрүкзарда калган жаштыгыбыз экен! Экөөбүздүн балалыгыбыз жалтакташа, ойноп аткандарга кошула албай турушту. Балдар-кыздар чуркаса чуркашып, тегерене беришти. Апаң чыйбаркыттан күрмөп берген китеп кабың колумда. А сен аппак жоолугуңду колуңа кармап алгансың. Чуркасаң жоолугуң жер чийип, өрүк гүлүн шыпырып жүрөт. Саамайың саксайып, балдар-кыздарды жалт-жалт карайсың.

Күн батып, балдар-кыздар велосипеддерине минип-минип зымырай жөнөп беришти. Ырдап баратышты. Өрүкзарда үчөөбүз калдык. Силерди кеткендердин эч кимиси кылчайып карап, коштошуп да койгон жок, велосипеддерине учкашкаштырбады да... Узап кеткендердин артынан ооздорун ача, зарыга карап калышты экөөбүздүн жаштыгыбыз. Анан сенин жаштыгың мени көрө койду. Боюн менин жаштыгыма ыктай, тартынчыктай түштү. Мени таанибады, ээн бакта менин кайдан-жайдан чыга калганым чоочутту окшойт, бактын тереңине чуркашты экөө кол кармашкан бойдон. Жоолугуң гүл шыпырып, ак көйнөгүң желпилдеп, менин жаштыгым менен жанаша бактын тереңине жүгүрүп бараттың. Бир аздан соң бактын тереңине сиңип көрүнбөй ... Гүл тумандын койнуна шумгуп кеттиңер... Дагы баягы экөөбүз өткөргөн кечтегидей өрүкзар үстүндө толгон Ай турду. Ылдам басып айылга жөнөдүм. Кез-кез артыма кылчайып коём, экөөбүздүн жаштыгыбыз артымдан карап турабы деген таризде.Көрүнбөдү караанынар. Дагы сайрады түнкү ээн бактын кожоюну-сүттак.

"Сүт-так!", "Сүт-так!"

Ээн бакта сүттак сайрап, оголе ээндик өкүмүнө кирди. Денем белгисиз нерседен үркө, сүттактын мундуу сайраны сиңип аткан бактын туш тарабына чочуркай карап барам.

"Сүт-так!", "Сүт-так!"

Сүттактын сайраны мынчалык мундуу экенин ошондо бир сездим. Бечара сүттак жалгыздыктын кушу экен. Сары зил сагынычтын үнү экен. Анан баягы окуп жүргөн күндөрүбүздөгү чоң өрүктүн түбүндө сен менин көкүрөгүмө башың жаздай сүттак жөнүндөгү аңызды айтып бергенин кулагыма жаңырды: "...Ошентип, байдын эрке баласы кедейдин кызы жыгач аякта сунган сүттү тээп жиберген экен.

Кыздын махабатынын коруна калган экен жигит суттакка айланып кетип, ошол күндөн ушул күн түнкү бакта аппак сүттөй сүйүүсүнө зар боло сайрап келатат имиш...” Назик, эрке үнү кулагыма жаңырып баратты. Түнкү айлуу, тыптынч бакта сүттак муңкана, зарыга сайрап атты, сайрап атты. Таң атканча сайрап тамагы кургаса, кедейдин кызы тамагына бир тамчы сүт тамызып коёт шордуунун.

“Сүт-так!”, “Сүт-так!”, “Сүт-так!”

...Кийин-кийин, “өрүкзардын ээси бар экен” деше эл-журт сөз чыгарышты. Өрүк гүлдөгөн маалда, сүттак муңкана сайраган кезде бак ичинде бир бала менен бир кыз кол кармаша чапкылап ойношот имиш. Кыз жоолугу өрүк гүлүн шыпырып, чачтары саксая баланы ээрчип жүрөт экен. Адамдарга жакын келбей качышат имиш. Ага ишенгендер да, ишенбегендер да болду. Мен сөз кылгандарга бул окуянын чын же жалган экенин айткым келбеди.

Азыр деле өрүкзарга кез-кез барып турам. Бөтөнчө өрүк ак туман болуп гүлдөгөндө. Бактан эл толук кетип, ээн калганда экөөң жетелешип ойнойсуңар. Силердин оюнуңарга тоскоол болбой жашырынып карай мын. Жыл санап эскирип, карып баратсам да, экөөңдү көрүп канагат алам. Махабаттын, адамдын өлбөстүгү ушу белем. Бу жарык дүйнөгө ким келип, бир ирет жашап өтсө мезгилге сиңет белем. Өлбөстүк ушу тура. Бардан жок болбойт деген ушудур...



## КУРБАНАЛЫ САБЫР УУЛУ

1942-жылы 17-апрель күнү Ош областынын Лейлек районунундагы Гордой айылында туулган.

1959-жылы орто мектепти бүтүргөн. 1959—1966-жылы Бишкек шаарындагы мамлекеттик университетинин студенти болгон.

1966-жылы Баткен районундагы Коргон орто мектебинде мугалим болуп иштеген.

1966–1969-жылдары Баткен районунда "Кызыл-Туу" гезитинде кабарчы.

1969–1974-жылдары Ош областтык телерадио уктуруусунун редактору, башкы редакторунун орун басары кызматтарында иштеген.

1974-жылы КСЭде редактор.

1975-жылы "Кыргызстан пионери" гезитинде кабарчы.

1975–1981-жылдары "Кыргызстан" басмасында редактор болуп иштеген.

1980-жылы СССР Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1981-жылы дүйнөдөн кайткан.

1992-жылы Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты болгон.

*Жарык көргөн китептери:*

1. "Козу-Баглан", Фрунзе."Мектеп",1973-ж.
2. "Нур булак", Фрунзе. "Кыргызстан",1978-ж.
3. "Өрүкзар", Фрунзе. "Кыргызстан",1980-ж.
4. "Жүрөктөгү күн", Фрунзе. "Кыргызстан", 1984-ж.
5. "Керээз", Фрунзе."Адабият", 1990-ж.
6. "Орто жаш" Бишкек. "Адабият", 1992-ж.
7. Акын Курбаналы Сабыр уулу 50 жашта. "Мектеп", 1992-ж.
8. "Козу-Баглан", Бишкек. "Сабыр", 1999-ж. 2-басылышы.
9. "Өрүкзар", Бишкек. "Сабыр", 2001-ж.2-басылышы.
10. »Нур булак», Бишкек. «Сабыр», 2002-ж. 2-басылышы.
11. »Тандалма» ырлар, котормолор. Бишкек. "Сабыр", 2002-ж.
12. Акын Курбаналы Сабыр уулу 60 жашта. "Сабыр" 2002-ж.

*Котормолору:*

1. Украина жаш акындарынын антологиясы: Щегельский Пабло,Тарасюк Галина – ырлар. Фрунзе. "Кыргызстан", 1979-ж.
2. Давид Кугультинов. "Апрель айдыны"/ырлар/, "Шахматист"/поэма/. "Кыргызстан", 1981-ж.52-66,77-89-беттер.
3. Генрих Гейне. Лирика. Ырлар, "Түндүк деңизи" /ырлар түрмөктөрү/. "Кыргызстан",1981-ж.

4. Гете. Лирика. /ырлар/ “Кыргызстан”, 1981-ж.
5. Ирина Токмакова “Шейшембиде таң эрте” балдар үчүн,/поэма/, ”Мектеп”, 1981-ж.
6. Вьетнам жазуучусу “Бай шаолук аял”, повесть. “Кыргызстан” 1980-ж.
7. Киносценарий. 1981-ж.
8. Пастернак Б. Ырлар. Жазма түрүндө.

*Акын жана анын чыгармалары жөнүндө:*

1. Эрматов Э. Өрүктүү өрөөндү эңсеп, “Мурас”–1991-ж. №3, б.18.
2. Турдукулова Б. Өрүкзардан оргуп чыккан, нур булак . Акын К. Сабыровду эскерүү “Алга” Лейлек –1991-ж. 26-сент.
3. Ташмаматов А. Поэзия мухитинде сүзүп... Акын К. Сабыров 50 жашта. “Алга” Лейлек-1991-ж. 4 апрель.
4. Сайдуллаев Н. Акын эле ыр жазуудан талбаган. Акын К. Сабыровдун 50-жылдыгына карата.”Алга” Лейлек –1991-ж. 26-сентябрь.
5. Көчкөнов О. Маркумдун 50-жылдыгына карата. ”Алга” Лейлек – 1991-ж.12–14-декабрь.
6. Калбектегин С. Айтыла элек сөздөр көп. Акын К. Сабыровду эскерүү. ”Алга” Лейлек –1991-ж. 26-сентябрь.
7. Жапаров А. Ыр жандуу инсан эле. Акын К. Сабыровду эскерүү. ”Жаштык жарчысы” 1991-ж. 20-июнь. 14б.
8. Жапаров А. Ыр жазылган тагдыр. Акын К. Сабыровду эскерүү. ”Алга” Лейлек –1991-ж. 12-февраль.
9. Жакып уулу Атакул. Өрүкзар акыны. Акын К. Сабыровду эскерүү. ”Алга” Лейлек –1991-ж. 5-январь.
10. Дооров А. Ай апа, аяй жылдыз. Акын К. Сабыровду эскерүү. ”Алга” Лейлек – 1991-ж. 11-май.
11. Тургунбаев С. “Өзүм нурдай жаркырап жүргүм келет”. Акын К. Сабыровду эскерүү. “Кыргыз Туусу” 1992-ж. 10-апрель.
12. Тургунбаев С. “ Күн жүрөктүү акын” . К. Сабыров жөнүндө. “Ала-Тоо” –1992-ж. №8,9.67б.
13. Сексенбаев Б. Жылдыздуу жигит эле. Акын К. Сабыровду эскерүү. “Бишкек шамы” 1992-ж. 8-июль.
14. Өмүрканов А. Комуздун кылындай эрте үзүлгөн өмүр. Акын К.Сабыровго 50-жыл. “Бишкек шамы”, 1992-ж. 11-апрель.
15. Өмүрканов А. Комуздун кылындай эле. “Кыргызстан маданияты” –1992-ж. 23-апрель,№16,17.
16. Мамазаирова М. “Эч өлгүм келбейт, эч өлгүм”. Акын К. Сабыров жөнүндө. “Асаба”-1992-ж. №39 22-октябрь.
17. Маамова Г. Элеси эсибизде. Акын К. Сабыровду эскерүү. “Бишкек шамы”, 1992-ж. 8-июль.

18. Жусуев Сооронбай. Акын жана өрүкзар. К. Сабыровго 50 жыл. "Асаба" 1992-ж. №13. 26-март.

19. Жусуев С. Өмүрлүү поэзия. Акын К. Сабыровго 50-жыл. "Кыргыз Туусу" – 1993-ж. 7-январь.

20. Жороев Т. К. Сабыров жана Козу Баглан. Ыр. Акын К. Сабыр уулу. Б.,1993-ж.18б.

21. Шүкүров Ш. "Кайда учат Лейлектин турналары". Акын К. Сабыровду эскерүү. "Кыргыз Туусу" –1998-ж. 2,4-июнь.

22. Жусуев С. Отту талант: Баш сөз. Акын К. Сабыровдун чыгармачылыгы жөнүндө. Акын Курбаналы Сабыр уулу.Б. 1993-ж. 4,5б.

23. Сабыров К. Күн, жер жөнүндө жүрөктүн ырлары. /Т. Кожомбердиевдин жыйнагы / рецензия "Ленин жолу", 1971, 23-ноябрь, №230.

24.Калдаров Эсенбай. Поэзия өрүкзарын аралап... /Жаш акын Курбаналы Сабыровдун ырлары жөнүндө/. –"Кыргызстан маданияты". 1981-ж. 4-июнь.№23, 2б.

25. Калматов Н. Акындын "Керээзи", "Лейлектик акын К. Сабыров жөнүндө. "Алга" Лейлек –1990-ж.20-декабрь.

* * *

Тоолор, тоолор – жашыл тоолор, көк тоолор!
Толкун болуп толкуп жатып катышкан.
Эпопея – жашыл томдор, көк томдор,
Кылымдардын сырын катып жатышкан.

Сырлар катып кыргыз ата-бабалар,
Ырлар тогуп жашап өткөн убактар...
Ошол сырлар – көк тиреген аскалар,
Ошол ырлар – тунук аккан булактар.

Ошондуктан,
                көп барамын аскага.
Көп күзөтөм арасында ай, күндү:
Агыламын кылымдарга санаада,
Аска, аска – талкаланбас таш күзгү!

Ошондуктан,
                булактарды көп тыңшап,
Дайралардын жээгинде көп басам:
А күндөрдүн кыйынына көп сыздап,
А күндөрдүн арасында ыр жазам!...

* * *

Лейлек жергем – өрүкзардын мекени,
Көп сагынып, көп эңсеймин мен сени.
Көргөнүмдөн артыгы жок өмүрдө
Өрүкзарың гүллөп турган кездеги!

Лейлек жергем – баа жеткис жер, деги,
Асылдардын эң асылы мендеги.
Келгенимден артыгы жок өмүрдө
Өрүктөрүң бышып турган кездеги!

Лейлек жергем – өрүкзарлуу аймагым,
Өрүгүндүн ширесине канганмын.

Өмүр бою жаза турган ырыма
Өрүгүндөн шириндикти алгамын.

АНДА БИЗ...

Эсиндеби экөөбүз таанышкан кеч,
Эң биринчи көрүшүп,
кузүндөгү,
Турганыбыз карашып кеталбай эч,
Калаанын кайыңынын түбүндөгү?

Тааныштык, коозздодук мүнөттөрдү...
Көрүшкөнчө шашылып жүрдүк дайым.
Билишип болсок дагы жүрөктөрдү,
Негедир болбой жүрдү бир сөз дайын.

Ошол сөз түбөлүккө ичте калды.
Ошол сөз төрөлбөдү наристедей,
Ошол сөз бизди кошчу тагдыр беле?
Биз ага жүрдүк неге маани бербей?

Ойлоном...
Эстей берем унуталбай
Кечтерди...
өткөн кайың түбүндөгү:
Анда биз гүлдөсөк да жаздагыдай,
Калыппыз сүйүү болуп кузүндөгү...

## НУРЛАР

Нурларды жакшы көрөм өмүрүмдө,
Өзүм нурдай жаркырап жүргүм келет.
Жаш баладай
бүлдүркөн жемиш терген,
мен нурларды дүйнөдөн тергим келет.

Ай төккөн алтын нурдан
бир сындырым,
күн төккөн күмүш нурдан
бир сындырым
сындырып,
өлгөнүмдө ажал жетип,
түбөлүк түн дүйнөнүн тереңине
кучактап жаткым келет
ала кетип...

* * *

Таңга маал көрдүм жигитти
Шарт чыгып кеткен бир үйдөн.
Көздөрү дароо билинди
Уйкудан калып үлүйгөн.
Кошунанын үйүндө,
Көп болду да, бир кыз жүргөн.
Албырып нуру жүзүндө,
Жаңы эле бышкан бүлдүркөн.
Кетишкен эже, жездеси
Отпуска алып айылга
Жалгыз калган кыз өзү,
Эч кими жок жанында.
Ойлогонмун: жашырак,
Билбейт го деп мындайды.
А көрсө... бу жубармак
Жүдө билет турбайбы...



НУУМАН СААДИ

Жазуучу, акын, драматург, журналист 1949-жылы 1-январда Лейлек районундагы Катыраңабад кыштагында туулган. Айылдан 10-классты аяктагандан соң СССРдин 50-жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине кирип, анын филология факультетин бүтүргөн.

Эмгек жолун "Кулунду" колхозунда колхозчу болуудан баштаган. Андан райондук статистика башкармасында ага инспектор, райондук "Алга" газетасынын редакциясында адабий кызматкер, бөлүм башчы болуп иштеп туруп, Советтик Армиянын катарында кызмат өтөйт. Армиядан келгенден кийин 1973-жылга чейин кайрадан "Алгада" иштеп туруп, анан Ош облустук "Ленин жолу" газетасына ишке өтөт. Анда 1976-жылга чейин иштеп, 1976-1991-жылдарда Ош облустук теле көрсөтүү жана радио уктуруу комитетинде ага инспектор, бөлүм башчы, башкы редактордун орун басары, "Толкун" студиясында башкы редакторлук милдетти аткарат.

1991-жылы өзү туулуп өскөн Катыраңабадка барып, анда "Өрөм" аттуу чакан ишкана уюштуруп өзү жетектейт. 1995-жылы жаңыдан түзүлгөн "Хан Шырдак" аттуу дыйкан чарбасынын төрагалыгына жана Катыраң айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайланат. Катыраң айылдык кеңешинин эки жолку чакырылышынын депутаты.

Нууман Саадинин чыгармачылыгы мектеп жашында башталып, 1965-жылы анын биринчи "Жазгы ыр"деген ыры Лейлек райондук "Алга" газетасына басылган. Андан кийин анын ырлары, аңгемелери, повесттери мезгилдүү басмаларда, журнал, альманахтарда кез-кези менен басылып келди. Ал роман, повесттерден, аңгемелерден турган төрт китептин автору. "Кызыл уул" деген романын жазып бүтүрдү. "Накылмакамдар" аттуу ыр жыйнагын даярдап, басмага сунуш кылды. "Ыйман" драмасын жазып бүттү. 1990-жылы анын "Ый" аттуу трагикомедиясы Ош кыргыз драма театрында коюлган. Анын бир топ ырларына Салимбай Айдаров, Эгем Талипов, Ибрагим Жунусов, Болот Токтобаев, Абыт Шамурзаев сыяктуу обончулар обон жазган.

Нууман Саади 1982-жылдан бери журналисттер Кошунунун , 1990-жылдан бери жазуучулар Кошунунун мүчөсү.

*Жарык көргөн китептери:*

1. "Коломто" аңгемелер. Бишкек, 1982-жыл.
2. "Күн башбакты" повесть, аңгемелер. Бишкек, 1991-жыл.
3. "Жоголгон күн" роман жана повесть, Ош 1995-жыл.
4. "Хан Шырдак" роман-дастан. Ош 2000-жыл.

*Анын чыгармалары жөнүндө:*

1. Каныбек Эдилбаев: "Тоо булагына баш сөз" Бишкек, 1979-жыл,1-4 б.

2. Атакул Жакыпов: "Коломтонун жарыгы" Лейлек райондук "Алга" газетасы 12.03.1983-жыл.

3. Самсак Станалиев: "Тайбуурул да тай болгон", Бишкек, "Ала-Тоо" журналы, №1, 1987-жыл.

4. Кадыркул Даутов: "Жаштар чыгармачылыгы: бүгүнкү күндүн прозасы" "Ленинчил жаш", 13—08, 1989-жыл.

5. Эргешбай Жороев: "Чакан чыгармадагы чыйрак ойлор" "Ленин жолу" 11.02.1989-жыл.

6. Уран Ботобеков "Азыркы аңгемелер", "Кыргызстан маданияты" 12.08.1990.

7. Кантөрө Касмалиев "Повесттин жумшак тили" "Ала-Тоо" №4, 1989.

8. Жусуп Айдартеги "Өлөңдөр" , "Кызыл Туу" 29.07.2002.

## НАКЫЛМАКАМДАР

Кутурма жуктурбайын десең, айбандын заар тишинен сак бол,
Бузукунун азгырылма бузуку акылынан, ыплас ишинен сак бол.
Койнуна котур ташын салып жүргөн дайыма пас ой менен –
Жыландай жыйрылма мүнөздүү жылмандаган кишиден сак бол!

Тиштин кадырын тишиң түшүп, ишиң мүлккө калганда билесиң,
Көзүндүн кадырын көрө албай талыкшып талыганда билесиң.
Ишенген адамың ишбалдаңды чыгарып, сатып кеткенде сени,
Ишенимиң кадырын бармак тиштеп күйгөн – арманда билесиң!

Ат кармадыңбы, анда алкынтып, таптаган эле дурус,
Алкынтып таптай албагандан соң аны бакпаган эле дурус.
Жаман адамдын жаман кылыгын бетине айта албагандан кийин –
Артынан жамандагандан көрө бетинче мактаган эле дурус.

Асыл максат үчүн көнбөгөндү көндүргөн дурус.
Эки жүздүү болуп мүдөөгө жеткенче жөн жүргөн эле дурус.
Өң таанышка өпкөдөн айтып тил жоорутканча –
Өнбөгөн карызды не кылсаң да өндүргөн дурус.

Митайым киши өз айыбын көрбөй, өзгөнүкүн көргөнү менен өзгөчө.
Ачкөз киши өзүнө көп, өзгөгө аз бөлгөнү менен өзгөчө.
Боорукер киши бирөөнүн кайгы-кубанычын өзүнүкүндөй кабыл алса –
Март киши сураганга ашын да аянбай бергени менен өзгөчө.

Жакшы болуу укмуштуудай кыйын экенин унутпа,
Жаман болуу – колдон түшкөн тыйын экенин унутпа,
Дилдеги арзуу, өтө назик кыслат – сүйүүң экенин унутпа,
Өмүр өтөөр эң ыйык кутман жай – үйүң экенин унутпа.

Иренжиткен ушак-айынды ылажы болсо укпаганга тырыш,
Уксаң аныгына жеткенче анын бетин тытпаганга тырыш,
Ишенимге кирүү деген адамдагы улуу бир касиет –
Ишенимге кирдиңби, кайра андан чыкпаганга тырыш!

Дос-душманды ажыратып, иргеген артык,
Чакырбаган үйгө киргенден-кирбеген артык.
Ишенимсиз айыңга азгырылгандан көрө –
Ушактан чындыкты билгенден билбеген артык.

Тантыраган чечендиктен-сүйлөбөгөн артык,
Тайрандап бийлегенден – бийлебеген артык.
Арак ичип доңуздай оонагандан көрө –
Ооруу болуп, ойдолоктоп "иий" дебеген артык.

Жалган айтып максатка жеткенден-жетпеген артык.
Жүрөгүндөн сүйбөй туруп өпкөндөн –өппөгөн артык.
Жалган мактоону билип туруп, ага семсөөсүп –
Сөөлөт күтүп, чылымды чеккенден-чекпеген артык.

Чын сырдашың сыр айтса-жайбаган артык,
Чындык сөздөн тайгандан-тайбаган артык.
Битин сыгып, канын жеп сараң болуп –
Кайрымы жок байыгандан-байыбаган артык.

Окубаган китепти жыйгандан-жыйбаган артык,
Бугунду буктурмада кармагандан-ыйлаган артык.
Өлгөнүндө өксүп ыйлап, урматтагандан көрө –
Тирүүсүндө аз да болсо ызааттап – сыйлаган артык!

Бирөөгө жакшылык кыл, кайтат деп үмүт этпе,
Алсызды алы жок деп кодулап күндө теппе.
Иш кылсаң ийгиликке жетейин деп өзүңдү ишендире бил –
Теңирден берекет, пендеден аракет дейт элдик кепте.

Майдачыл жетекчи мансабынын наркын төмөндөтөт,
Мартабасын, баасын – баркын төмөндөтөт,

Адамдагы жакшы жосунду сук менен алкы бузса –
Ач көздүн пейилин дүйнө-мүлк, алтын төмөндөтөт.

Оттун кадырын, азыр эмес, жаштыгың кеткенде билесиң,
Жаштыктын кадырын, азыр эмес, жаштыгың кеткенде билесиң.
Өрт кезинде өлбөстөй дуулдап, алганыңды кордосоң –
Аялыңдын кадырын азыр эмес, карылыкка жеткенде билесиң.

Сарандыктан качып, март болууну үйрөнүүнү унутпа.
Туура сөзгө моюн сунуп, улуулуктан ийменүүнү унутпа.
Арам иштин болорун алдынан токтото албасаң –
Анда аралашпоо үчүн какастап күймөнүүнү унутпа.

Бийликке көтөрүлсөң бир күн бошорунду унутпа.
Бошогондон соң ошол эл ичинде жашарыңды унутпа.
Эгерде мансапка манчыркап, калыссыз кадам таштап –
Адилетсиз бийлеген болсоң, ыза ашын ашарыңды унутпа.

Өз сөзүңө тура албасаң – мактанып бакылдабаган дурус,
Убаданы аткарууга көзүң жетпесе, алдын ала макулдабаган дурус.
Кийин өкүнүп, бармак тиштеп, баш оорутуп, убайма тартканча –
Жамандын жамандыгын билсең эң жакшысы жакындабаган дурус.

Терс аяк адам кесел болот дейт тейтейип тетири баспаса,
Аалым адам кесел болот дейт айтарлык бир жаңылык ачпаса.
Ушакчы адам кесел болот дейт, кулагы каныл бир ушак айтпаса –
Жалганчы адам кесел болот дейт, жазылып бир жалган айтпаса!

Аалам-жерди жараткан азирети ыйык теңирден корк,
Андоостон мүрт кыйган өмүрдү арам күйүт өлүмдөн корк.
Ойлонбой сүйлөп, сары убаймага кириптенген жаныңды –
Беймаани, бейнарк, бейбаа, бейбарк сөзүндөн корк!

Байлыгыңа маарыба, байлыгың колдун кири эгер билсең,
Бийлигиңе чиренбе, бийлигиң сүрдүн түрү эгер билсең.
Көөнөрбөс касиет бул – жакшыга жанаштыраар эң бир асыл –
Адамгерчилик, Адилдик, Жөнөкөйлүк – пенде Пири эгер билсең.

Бийликтеги жаркын маанай, жылдыздай сезимде кал,
Өтөр-кетер дүйнөдө жакшы иш жасап элдин эсинде кал.
Муюбаган, жешилбеген, өчпөгөн эскирбес эстелигиң –
Тамшантып урпактарга жомоктоор бир нуска сөзүңдө кал!

Айтканыңдын адилдигине ишенсең ийилбегин эсиң болсо,
Ботондордун байлыгына коз артып, куйунбогун эсиң болсо,
Чоң бийликтен абийир менен түшкөнүнө сүйүнгүн да –
Зор мансапка жеткенде эч качан сүйүнбөгүн эсиң болсо.

Байысаң бир күн кембагалдыкты көрөрүңдү унутпа,
Кембагал болсоң бир күн байлыкка төнөрүңдү унутпа,
Бакубат, бакылдак күнүңө дайыма тооба кыл да –
Анан да сөзсүз акыры бир күн өлөрүңдү унутпа!



## АЙСУЛУУ СААТ КЫЗЫ

1958-жылы 20-августта Лейлек районундагы Коргон айылында төрөлгөн. 1965-жылы Коргон (азыркы К. Сабыров ) атындагы орто мектебинен окуй баштаган. Сүлүктүдөгү А.С. Макаренко аьындагы №3 орто мектептен орто билимге ээ болот. Андан соң Жалал-Абаддагы А.С.Пушкин атындагы педокуу жайын бүтүрүп Р. Жолбаев атындагы №4 орто мектепте башталгыч класстар мугалими болуп эмгектенет. ОшМУ ну сырттан бүтүрүп азыркы учурда кыргыз тили, адабияты мугалими болуп иштейт. "Дайра шоокуму" аттуу китебин басмага даярдаган.

### ТАНКЫ ДАЙРА ЖЭЭГИНДЕ

Дайра жээги, нур төгүлөт,
Мен сагынып энсеген
Шоокумуна кулак түрөм
Таңкы салкын жел менен.

Сансыз куштар сайрайт тынбай,
Шаңга бөлөп суу жээгин
Жазгы баардын жарчысындай,
Көркү белен бул жердин.

Түгөй чымчык, жаны тынбай,
Кайкып-кайкып канатын.
Суу үстүндө пыр-пырылдай,
Тынбай ырдайт санатын.

Балким, ага жакты бекен,
Суунун үстү күлүндөк,
Же түспөлү жакты бекен,
Канаттары дирилдек...

## КОЗУ-БАГЛАН – НУР ДАЙРАМ

Козу-Баглан, мөлтүр кашка агымың,
Күн нуруна миң кубулуп өрүлөт,
Жүрөгүмө өскөн лира тамырын.
Сенин демиң жараткандай көрүнөт.

Балалык кез кумга түшүп издерим,
Даалай ирет агымыңа киргемин.
Көккө чачып күмүш тамчы шарыңды,
Кыздар менен кубалашып, күлгөнмүн.

Кусалыкка толуп-ташып жүрөгүм,
Сагынычтан араң чыдап жүрөмүн,
Суу жээгинде энем жалгыз муңайып,
Отургансыйт, суугa чайып билегин.

Ооба, энемдин алда качан көзү өткөн,
Күлкү сустап көп күтүүлөр, жүдөткөн,
Энекемдин сагынгында элесин,
Агымыңа ысык-ысык жаш төккөм.

Муң көлүнө чөгүп кетээр кезимде,
Миң кубулган күүлөрдү уктум шарыңдан
Кайкып учар канат берип сезимге.
Жүрөгүмдү жууп салдың кайгымдан.

## ДҮЙШӨНДҮН ТЕРЕКТЕРИ

Шыбыр, шыбыр, шыбыр айтып ааламга,
Тымый калып аяр ар бир кадамга.
Кош теректер тээ алыска телмирет,
Күтүү арнап бир тагдырлаш адамга.

Секелек кыз серендетип өрүмдөрүн,
Сездирбей серпип өткөн көз ирмемин.
Сагыныч саргайтты го бариктерин,
Шуулда, ырга айлансын дирилдеген.

Теректер улам өсүп коомай четте,
Термелип жолду күтө жалдырады.
Учуруп улуу тоого, калдың бетте
Таштактан таап алган асыл жанды.



## ӨМҮРЗАК САТТАР

1955-жылы 10-ноябрда Баткен облусунун Лейлек районундагы Маргун айылында туулган. Айылдагы "Коминтерн" орто мектебинде окуп, 1972-жылы аны ийгиликтүү бүтүргөн. 1973-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыка-педагогика факультетине кирип, 1977-жылы музыка мугалими адистигине ээ болгон. 1978-1980-жылдары Куралдуу Күчтөрдүн катарында кызмат өтөп келгенден бери өзү туулуп өскөн айылдагы М. Баетов атындагы орто мектепте музыка мугалими катары иштеп жүрөт.

Балалык кезинен бери поэзияга кызыгып, ырлары райондук, облустук жана республикалык газеталарга жарыяланып келе жатат.

2001-жылы Лейлек районунда өткөрүлгөн "Ата журтту данктаймын"деген конкурста "Илек-илек мекендеген жерим бар" деген ыры биринчи орунду ээлеген. Ушул эле жылы Республикалык Р. Абдыкадыров атындагы телефестивалга катышып, анын ырларын аткаруу боюнча ийгиликтерге жетишкен.

### ТОРГОЙ ЖАНА МЕН

Көктө учкан үнүн угуп торгойдун
Жерде туруп мына-минтип ойлоймун
Ал деген бир чымчык болсо безенген,
Мен эмнеге торгойчолук болбоймун.

Түнү менен жаттап ырдаар ырыны
Таң каламын жоктугуна тынымы
Жер бетинде канча торгой болсо эгер
Баардыгынын бирдей окшойт чымыны.

Учуп чыгып кээде бирден-экиден
Ырын баштайт чыгарбастан эсинен
Кана тууган сен да ырдачы дейби деп
Комсоо жерге мен алардан бекинем.

Эркин учуп ыр ырдашы алардын
Мен ойлоймун торгойлордун бакты да
Ырдашам деп уят болуп калганча
Ыр билбеймин деп койгонум жакшы да.

Булбул менен ырдашамын дегенче
Чындык сөздү, айтсам ырас мен эмне

Булбул менен ырдашамын дегенче
Чындык сөздү, айтсам ырас мен эмне
Булбулду кой, сен экөөбүз эң алгыч
Боз торгойдун деңгээлине жетсек ээ.

## ЭНЕКЕНДЕЙ СУЛУУ ТАБЫЛБАС

Бирөө айтат жер бетинде сен сулуу
Бирөө айтат жер астында кен сулуу
Бирөө айтат бардык жагым келишкен
Бул дүйнөдө жалгыз гана мен сулуу.

Бирөө айтат үйүм сулуу деп жайнаган
Бирөө ойлойт күн сулуу деп кайнаган
Бирөө мүмкүн булбул сулуу деп ойлоор
Түнү бою тилин безеп сайраган.

Гүлдү мейли сулуу десин жайнаган
Гүлүн төксө анын кимге керегит!
Күндү мейли сулуу десин кайнаган
Кыш чилдеде жылуулугун береби?

Булбул кушту сулуу дейсиң сайраган
Сен суктанып угуп жүргөн күнүнө
Алыс жакка учуп кетсе кайрадан
Сагынычың артаар анын үнүнө.

Булбул куштай алыс жакка кетпеген
Уйкусуну сен деп бөлгөн түндөсүн
Бизге күйүп, бизди дайым эстеген
Энекебиз сулуу болуп жүрбөсүн.

Мээрими бар таразада ченегиз
Кубаты бар Опол-тоого теңегиз
Энелердин жарым тамчы сүтүнөн
Эмдигиче кубат алып келебиз.

Жер бетинде жаак болбос жаңылбас,
Бөөдө бирөө бул сөзүмө таарынбас.
Жер жүзүнү жети жолу кезип чык,
Энекендей бир да сулуу табылбас.

## ТАБЫШМАК БОЛДУ ТАГДЫРЫ

Бир сулууну жолуктурдум жолдогу
Билдейм неге бир жерде эмес ойлору
Сырдуу тиктейт, мундуу тиктейт негедир
Куш сыяктуу капастагы, тордогу.

Анын сырын билүүгө мен ашыктым
Ага азыр жарым сөзүм ашык чын
Неге ойлуу турасың деп сурап мен
Ал сулууну келбеди ырас жашыткым.

Балким турмуш кыйнагандыр кыстаган
Балким гүлү соолгондур жыттаган
Мына ушундай толгон-токой суроолор
Баш мээме келе берди жык маган.

Же сүйгөнү, сүйбөймүн деп айттыбы?
Же бирөөсү жаман айтыпактыбы?
Мен угузбай тилеп жаттым ичимден
Ал сулуу кыз тапса экен деп бактыны.

Же бир жери ооруп анын жатабы?
Ачуу жашты эч кимге айтпай татабы?
Кары болсо, анын жөнү башка эле
Жап-жаш туруп чексиз ойго батабы?

Неге мынча капалуусуң деп андан
Сураймын деп сурабадым тартынып
Айласыздан кете бердим жолума
Чиелешкен эчен ойду артынып.

Эми ал кыз кайда жүрдү болду экен
Кайсыл жерге, кимге барып конду экен
Ошол кыздын тагдырын көп ойлонуп
Ашып келем, басып келем жолду эчен.

Анын оюн биле албай мен аныктап
Тагдыры анын жүрөгүмө салып так
Анын сырдуу, анын мундуу көздөрү
Али күнгө табылбаган табышмак.

Жумуш экен өйдө төмөн жүрөмүн
Жанагы кыз тапса экен дейм түгөйүн
Ойлуу сулуу турган жерди көргөндө
Ошол замат тыз дей түшөт жүрөгүм.

## АЖАЛГА

Ажал билбейт сараңсыңбы? Мартсыңбы?
Ажал билбейт жашсыңбы же картсыңбы
Ажал деген өң-түсүңө карабайт
Карасыңбы? Сарысыңбы? Аксыңбы?

Ажал билбейт акынсыңбы, башкабы?
Ажал билбейт токсуңбу же ачканы
Көп талантты алып кетти шум ажал
Калган кезде элүү жаштан ашканы.

Ажал айтпайт кайсы күнү келээрин
Ажал айтпайт келгенинин себебин
Бул дүйнөдө андан өткөн шумдук жок
Ажал менен азил курам дебегин.

Сөздөрдүн ал тандап ачуу, ширинин
Көп акынга берип кешик, жилигин
Сайрап жүрүп шум ажалга туш болду
Сатиранын алп атасы-Мидиниң.

Ажал билсе Алыкулдай акынга
Өмүр берип, кечигирээк келбейби?
Ойлоп туруп таразалап акылга
Жарымын бербей, жетимишти бербейби?

Ажал билсе Жолон менен Турарды
Жакшы акындар жаза берсин дебейби?
Жок жегенде он жыл коюп буларды
Келээр ажал андан кийин келбейби?

Эки акындын талантыны ойлосо
Шум ажалдын жабык болмок эшиги
Бул экөөн бүгүн алып койбосо,
Жакшы ырларды жаза берет дедиби?

Курбанаалы кандай акын керемет
Ажал алды аны дагы тебелеп
Анын өзүн женсе дагы шум ажал
Ырларынын жеңе албайт, жеңелек.

Ажал билсе тийбес эле деп кетем
Бирге жүргөн Айдараалы досума
Ойлоп кээде кайгы-капа жеп кетем
Жылынганда ырларынын отуна.

Ырыспайдын ажалга не кереги
Ырыспайсыз ажал алып толбойбу?
Ырыспайды ажал алып тынгыча
Ырларыны угуп жүрсө болбойбу?

Ырыспайды алаар ажал алган соң
Албай койсо болмок Асан ырчыны
Алыкулдун "Сулууга" сын ырдаган
Асанды да ажал алып тынчыды.

Ажал эгер жакшы ырларга түшүнсө
Бул таланттар бизде алиге жашамак
Өткөн ушул көп жылдардын ичинде
Не бир сонун укмушту жасамак.



## АЛТЫНАЙ БАТЫР КЫЗЫ

Баткен районунун Кара-Бак айылында 1961-жылы 7-августта кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1968-78 жылдары С. Ордженикидзе (азыркы Бото Нарматов) атындагы орто мектепте окуган.

1984-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн аяктап, Кадамжай районунун "Бүргөндү" №22 орто мектебинен мугалимдик кесипте эмгек жолун баштаган. 2001-жылга чейинБаткен районундагы "Апкан"орто мектебинде өз адистиги боюнча иштеп келди. 1984-жылы Кадамжай райондук "Ильич Нуру" газетасында "Эскерет эне", "Кеч күз" аттуу чыгармалары алгачкы жолу жарыяланган.

1985-жылдан бүгүнкү күнгө чейин республикалык, областтык, райондук газеталарда чыгармалары жарыяланып келет. Котормо ишине да аракеттенип, Өткүр Рашиддин "Тааныш-билиш"деген миниатюрасын кыргыз тилине которуп "Ильич Нуру " газетасына жарыялаган.

Азыркы учурда Баткен мамлекеттик Университетинде иштеп жатат.

### ӨРҮКЗАР – БАТКЕН ГҮЛ БАГЫМ

Жетинин бири кең шаарым,
Кыдырым колдоп кут даарым.
Күнөстүү кыргыз журт атым,
Өрүкзар Баткен гүл багым.

Ала-Тоо аймагында куттуу элим,
Ыйыгым ырыс кешик Баткен жерим.
Башаты өмүрлөрдүн даркан талаан,
Кылымдап бата тилейт улуу калаам.

Бай элесим Баткен аймагым,
Желбиресин дубан байрагың.
Жалын чачып улуу урпагым.
Ыйык сактап келет ата мурасын.

Арашандуу мөңгү зоолуу жайларын,
Алкап келген Манас бабам, кабыланым.
Дартка даба даңктууЖылуу-сууларың,
Дем-Күч берет Умай-эне урпагым.

Дүйнө уккун Айгүл Мекенин,
Сурма, сымап, көмүр кендерим.

Оомат кутуп Алтын Жылга элеси.
Ооргуйт озгуп, берекенин желеси.

Ымыркайдай өсүп дубаным,
Ынтымактан болсун дубалың,
Ырыскылуу Баткен аймагым,
Ыр күлкүдөн тынчтык урааның.

Берекелүү Баткен таңдары,
Дан`жыттанган талаа шаңдары.
Эмгек менен тердеп маңдайы,
Элим бейкут жаша, жайдары.

Бийик максат элиме улуу ураан,
Турпатыңды жүрөктө бекем тутам,
Сан кылымдык жүрөктө бекем тутам,
Урпактарга узатам, билгин Адам!

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим-эр жүрөктүү баатыр тил,
Эне-тилим –бабам Манас ураандаган улуу тил,
Эне-тилим –достукка бек түмөн тил,
Эне-тилим-өмүр шерик башат тил.

## МЕНИН ЖАНЫМ АТА ЖУРТТУН КЫРЫНДА

Мейли, мезгил мени алда, алдала,
Мен өткүнчү ыр булагым канымда
Менин жаным ата Журттун кынында,
Жалын чачып өтөм мүлдө кылымга.

Мейли, тагдыр, мени алда, алдала,
Мен жолоочу ыр түйүнчөк башымда
Барар жерим конокмун мен жазмышка,
Түнөп өтөм жылдыздарга? Айга да

Мейли, мени көр тирилик алдала,
Тартсам азап ыр куралым курчтана
Көөнү кине көрө албастан оо кудай,
Ата журттун эл жүрөгүн далдала

Мейли тагдыр мени алда, алдала,
Суук көздөн эл тагдырын далдала!

## БАРКТАГЫН БААТЫР ЭЛДИН КЫРГЫЗ ТИЛИН

Байыртадан конуштаган калааларда,
Калаа конуштаган каоааоарда,
Тарыхын, тилин, дилин ырдайтанда
Ыйыгым, жаныбарым бугу эне турган жайда.

Сактагын улутундун улуу тилин,
Барктагын баатыр элдин эне тилин.
Байрагың баш калаанда желбтресиң,
Ыйманым, ырымсың (Эне тилим-эне сүтүм)

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Эзелтеден эне сүтүн бийик туткан,
Оо, кыргыз Аоа-Тоону Мекен кылган.
Эчактан Манас бабам сүйлөп турган
Сүйүктүү тилим ушул улуу дастан!

## БОЛГУМ КЕЛЕТ...

Болсо эгер Байдылда акын жаман сары,
Болгум келет анда мен.
Ууртунан бал тамган асал аары,
Кыргызга,Чыңгызга, Жылдызга
Катылгандын катыгын,
Калкып алып заматта,
Балын алып элге бекерге
А заарынчы дегенде?
Калтырбаймын...
Ата-Журттуу Алтын Туур Мекенге!



## САЙДИМАР СУЛТАНМУРАТ

1959-жылы 2-майда Баткен районуна караштуу Базар-Башы айылында төрөлгөн. Райондогу В.И.Ленин атындагы орто мектебин бүтүргөн. Балалык чагынан эле анын көркөм өнөргө болгон табити артып, Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайынан келип окуйт.Кесиби боюнча сүрөтчү, бирок тарткан сүрөттөрүнө кандайдыр бир күч ээ, жаа бербей, ышкысын козгоп ыр жаратууга түрткү берет.

Уяң мүнөзүнөнбү же тартынчактыгынанбы ал жазган ырларын көмүскөдө алып жүргөн. Бирок кийинки жылдары анын ырларын жергиликтүү гезиттер жарыялай баштады.

Азыркы мезгилде Баткен мамлекеттик университетинин акыркы курсун аяктоо алдында турат.

Учурда Баткен облаттык гимназия мектеп-интеогатында сүрөт мугалими болуп үзүрлүү эмгектегүүдө.

*Жарык көргөн китептери жана жарыяланган чыгармалары:*

1. С.Султанмуратов “Сезчи”. “Баткен-Таңы” гезити. 2002-жыл, 30-сентябрь.
2. “Алыкулга”, “Алтын-Бешик” гезити 2002-жыл, 25-апрель.

*Чыгармачылыгы жөнүндө:*

1. Ж. Айдартеги: “Күн болуп турамын жайып кучак” , “Кызыл Туу” гезити, 2002-жыл,30-апрель.
2. Ж. Айдартеги “Ак-Жол”, “Кызыл Туу” гезити 2001-жыл, 1-январь.
3. Ж. Айдартеги “Сайдимардин Сапары”, “Кызыл Туу” гезити, 2002-жыл,30-апрель.

### АЛЫКУЛГА

Күү угулса бир керемет кыяктуу,
Көктө күнүм өчүп калган сыяктуу,
Жоктоп келем, кеткен акын,
Кырды ашып,
Минип алып, боз атын,
Ырдан бүткөн туяктуу.

Кыр артынан күнүм кайра ойгонуп,
Ыры угулса, көөдөнүмдү толгонтуп,
Кайталаймын кайрыктарын,
Миң ирет, Ысык-Көлдүн, акын сүйгөн,
Толкунундай октолуп.

## КУЧАГЫНАН АК ТАҢ СҮРӨТ

Кандайдыр назик сезим бойго тарап,
Жүрөктү не бир мукам күүгө салам.
Жаштыктын бүл-бүл жанган шам чырагы ,
Көөдөндөн анча-мынча жанып калат.
Көргөндө саамай чачтуу кыздуу "бурак".

Жаз алды, өрүк баары текши гүлдөп,
Жадырап чарбагында жаштык жүрөт,
Ак көйнөк, ак жоолукчан желбиреген,
Ар күнү кучагынан ак таң сүрөт,
Калсамбы чарбагында бир күн түнөп.

Өрүкзар жалбырагын текши төгүп,
Саргайып, жаз өмүрлөр күзгө көчүп.
Салынган сары жоолук, көйнөк сары,
Желбирейт этегинен мезгил өтүп,
Желине шам чырагым барат өчүп...

## БАКТЫСЫН КЕТПЕГЕН

Алоолоп отун болуп кайра жанам,
Турган эле сенде оюм, сенде санаам.
Ашыглык жиреп өтүп жүрөгүмдү,
Асылым, сендей жанды кайдан табам.

Сапырып санаа, ойду жалбырактай,
Шамалын айдап алган жай алдырбай,
Ордосуна сүйүүнүн келип түштүм,
Жанайын, сарайында шам чырактай.

Арылтып, жан кейиткен ой санаадан,
Үмүтүм көктө сызып, канат каккан.
Чаңкап бир, сүйүүнө турганымда,
Суу болдуң, кан тамырда шылдар аккан.

Саматып, сан жылдаздар арасында,
Карегиң, нурун төгүп карайт улам,
Өчүрбөй, сүйүү отун тутандырып,
Ай нурун, мен өзүнө тартуу кылам,

Ак тандай, алкымына сугум артып,
Жүрөмүн махабаттын жүгүн тартып,
Токтоого чамасы жок убакыттай,
Чамынам өзүң көздөй, жүрөк балкып.

Көктөмү жан-дүйнөмдүн өзүң болуп,
Жалжалым, сен өзүңсүн кызыл жоолук.
Табийгат, жалгыз мага энчиленген,
Бактымсың, кетпеген башка конуп.

## ОЙЛОРУМА АК ЖОЛ

Ой чаргытам, ойлор кылым түгөнгүс,
Кыялдарым: ал карматпайт, жүгөнсүз,
Үлүштөрүм: ак кагаздын беттери,
Быйыл сеппей калып калды, үрөнсүз.

Ой кербени, алыс сапар жолго чык,
Чиркештирип сезимдерди жибине.
Чөлдү кезип, көлдү кечип, тоо ашып,
Жердин баргын, жети кабат түбүнө.



## ДААБЕК ТУРДУ

1942-жылы Баткен районундагы Рават кыштагында, колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1957-жылы Раваттагы айылдык мектептен 7-классты бүтүп, 1957-58-жылдары Өзгөн районунун Куршаб айылындагы кесипчилик-техникалык окуу жайында окуган. Эмгек жолун тракторист болуп баштап, кийин көп жыл мектепте мугалимдик кесипте иштеген. Алгачкы адабиятка кызыгуусу 1957-жылдан башталып, райондук "Алга" гезитине алгачкы ыры жарык көргөн, 1970-жылдардан баштап "Кыргызстан маданияты" ,"Кыргызстан пионери", Баткен райондук "Кызыл туу" гезитине ырлары жарыялана баштаган.

*Жарык көргөн китептери:*

1. "Ата-журт ышкысы", ырлар жыйнагы, Баткен, 2000-жыл.

*Чыгармалары жөнүндө ой-пикирлер:*

1. Айдаров Ж. "Кызыл туу" гезити, 2001-жыл.
2. Жакыпов А. "Үмүттүү дүбүрт", "Ата журт ышкысы"-2000ж.
3. Эрназарова А. Таза поэзия же "Ата-журт ышкысы", "Кызыл туу" гезити 2001 жыл.
4. Эшбаев И. "Ата-журт ышкысына " ак жол, "Кызыл туу" гезити 2001-жыл.

## АЗАПТУУ ЖОЛ

Ыр деп жүрүп, ыр деп жанып,
Мен өзүмдү чын азапка салдымбы?
Эң бир ыйык ата журттун милдетин,
Чындап эле өз мойнума алдымбы.

Бүгүн ырдын босогосун мен аттап.
Көр оокат деп убайымын тарттымбы?
Акындыктын кимге керек пайдасы,
Ак милдетин өз мойнума арттымбы?

Ушул жолдун кеңдиги бар, тары бар,
Ушул жолдун шамалы бар, шары бар.
Туура, сүйлөп тууганыңа жакпаган,
Ушул жолдун ашуусу бар, кары бар.

Сырын ачып асыл дүйнө ааламдын,
Асыл парзын аткара алсам каламдын,

Азабыңды жолдо тартып күнү-түн,
Арманыңа жетемби ички санаамдын.

## ТАҢДАНУУ

Ташкындай бер, ырлар окуп, Жусуке,
Ата Журттун бактысына бөлөнүп.
Нойгут элдин авазасын көтөргөн,
Сендей уул калганын көр төрөлүп?

Кыштутуңа куш кайкыган кырдайсың,
Зоолоруңдай бийик, бекем ыр жаздың.
Тоодон чыгып жарык чачкан айга окшоп.
Ырларыңда, ойноок кыял, сырларың.

Көк дайраның шоокумундай күүлөнүп,
Күчкө толуп, эргип аткан убагың.
Ыр окусаң Жолон менен Мухтардай,
Кыргыз, казак угат түрүп кулагын.

Күрпүлдөй бер, күүгө келип күүлөнүп,
Ата-Журттун айдыңына бөлөнүп.
Кыргыздардын авазасын ашырган,
Сендей уул калганын көр төрөлүп?

## ТҮШҮНГӨНДӨР ЭЛ АДАМЫ ДЕП КОЙСО

Тамшандырып, таң калтырып бер жактан
Өмүр тилейм, бакыт тилейм талантка.
Бейкут заман мемиретип ааламды
Даабек дагы силерге окшоп, шар акса.

Оордукка, кыйындыкка карабай,
Тынч жатканым калат окшойт жарабай,
Акын деген доор жүгүн көтөрүп,
Чымын жанын чокко салат аябай.

Карап көрсөм Алыкулду,Барпыны,
Жан дилинен сүйгөн экен калкыны .
Майыптыкка,ооруусуна карабай,
Акындыктын ашырыптыр баркыны.

А мен толкуп, чымырканып жазарда,
Көр оокат деп, себет сатам базарда.
Түшүнгөндөр эл адамы Даабек деп,
Түшүнбөгөн албайт мени назарга…

Издегендер табат мени үйүмдөн,
Бечарамын ыр бактыма жүгүргөн.
Улгайганда улуу отко кактанып,
Ата Журттун эртеңине сүйүнгөн…

Ыр деген бул акындардын дарманы,
Күйгөндөрдүн күйүттүү ыйы, арманы,
Өтүп келген кылымдардан кылымга,
Орду толбос бул жашоонун жалганы.

Ыр деген бул ыза менен өкүнүч,
Жетпегенге сураныч да өтүнүч.
Кубанычты талкан кылган кайгыны,
Башкалардын ааламынан көчүрүш.

Ыр деген бул толуп ташуу, толкундоо,
Магма болуп коргошундай мөлтүлдөө.
Көөдөн жарган жакшы ойлорго жол салып,
Махабатты өлбөс кылуу, өлтүрбөө.

Ыр  деген бул даяр оомат, күтпөстүк,
Токтобогон күрөш, жүрүш, бүтпөстүк,
Башкалардын жеңишине кубанып,
Кайгысына чыдабастык, түтпөстүк.

Ыр деген бул Ата журттун камында,
Тууган элдин намысында, арында.
Туудай тутуп ак тилекти, максатты
Өлбөстүккө баруучу жол, жалында!



## АНАРА НАЗАРАЛИ КЫЗЫ

1965-жылы 20-декабрда Баткен районунун Согмент айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1987-жылы Токмоктогу маданият техникумун китепканачы адистиги боюнча бүткөн. Райондук "Кызыл Туу" гезитинде кабарчы болуп иштеген. Баткен мамлекеттик университетин бүтүргөн. Ишкер аялдардын "Баял" кредиттик союзунун төрайымы.

1979-жылы райондук "Кызыл Туу" гезитине алгачкы жолу "Ыймандай сыр" деген ой толгоосу жарыяланган. Ошондон бери, дил кайрыктары, аңгемелери, очерктери басма сөздө жарыяланып келе жатат.

1999 – 2000-жылдары облустук "Алтын калем – 1999", "Алтын калем – 2000" сынактарынын акчалай сыйлыктарын, дипломдорун жеңип алган. 2001-жылы Баткен облустук "Ата Журттун патриоту бол" сынагынын жеңүүчүсү болгон. 1999-жылы Кыргызстан журналисттер Кошунунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

## УЛУУ ТООГО ТААЗИМ

*(Новелла)*

Эртең Жаңы-жыл...

Айлана апакай карга оронгон. Шаардын четиндеги көчөдө аста басып, тээ алыста калган балалыгымды ойлоп, аяз ата жасап, кар кечип балдар менен кечке ойноп жүргөн кезимди эстеп келаттым...

Капыстан көчөнүн четинде кичинекей баланы ойнотуп жаткан караанды көрүп, чочуп кеттим...

– Чын эле ошолбу? –деген суроону өзүмө-өзүм бердим.

– Ооба, ошол, кантип эле тааныбай калдың? – дейт ички сезимим.

– Карачы, картайып кеткен го, байкуш...

Ички ойлор менен алпурушуп, анын жанына келип калыптырмын. Ооба, сен экенсиң го. Эмнегедир, сүйлөгүм келди. Бирок сен менден жүзүңдү жашырып, баланды бетине тосуп, ары карап отура кеттиң...

Ошол мезгилде бүткүл денеме бирөө суу чачкандай, өтө бердим...

Ары-бери өткөн адамдар көзүмө көрүнбөй, өз оюм менен өзүм алек болуп бараттым, сен экөөбүзгө досторубуз да, кошуналар да суктанып карашчу эмес беле?

Кайда барсак эгиз козудай ээрчишип барчубуз.

Эсиңдеби, ошол жылы кар тоого өтө көп жаабадыбы. Эртең Жаңы – жыл деген күнү болчу, жумуштан шашып келдиң да:

– Карлыгачым, жаңы жылды тоодо тособуз, макулбу?-деп жылмайдың.

– Ой, кандай сонун болоор эле!– деп кубандым.

Ошентип тоого карай бет алдык.

Кубанычым койнума батпай, менден өткөн бактылуу адам жоктой се-

зилип бараттым. Тоодогу майрамдын өзүнчө кереметы бар турбайбы. Буттарына лыжа байлаган жигит-кыздар чогулуп алып, ырдап-бийлеген адамдар. Бийик тоонун арчалуу бет мандай жагына экөөбүз чыгып бардык.

Ошондогу жаратылыштын коздугу ай!

Кыш мезгмлинмн кереметы кандай сонун. Экөөбүз жанаша көпкө кол кармашып, бири-бирибизден көз албай турдук. Ошол кезде экөөбүз да бактылуу элек. Эч ким бизге тоскоолдук кылбайт деген кыялда болчубуз.

Мени бекем кучактап жүзүмдөн сүйүп:

– Карлыгачым, сен менин жашоомсун, эч кимге сени бербейм, угуп жатасыңбы? – деп жалоорудуң.

– Ооба, угуп жатам,- дедим уялыңкы, жүзүмдү буруп.

– Мага карачы, эмнеге уяласың. Сен менин өмүрлүк жубайымсың да.

– Жаным, мага кулак төшөчү. Мен көптөн бери бир максат кылып жүрөм.

– Кандай экен, мага да айтсаң?

Кандай экен, мага да айтсаң?

– Жаңы жылдын алдынан оюмду ушул ыйык тоо чокусунда айтайын деген максатта сени алып келдим.

– Экөөбүз уулдуу болсок, ушул тоо чокусуна алып келип, "Көрдүңөрбү, менин уулум силерге таазим кылып, таанышканы келди!"– деп кыйкырып жар салып кетем. Ошондуктан эң тунгуч наристебиз эркек болуусу керек – дедиң да, мени жерден так көтөрүп, кар кечип жөнөдүң.

– Койсоңчу эми, кыйналбай, мен өзүм эле.

– Жок, карлыгачым, "уул" төрөп берем деген сөзүңдү уксам гана түшөсүң,-деп тердеп, мандай чачтарың суу болуп, ылдый көздөй келаттың.

"Эмне десем, айтсам уят го. Кантип айтат элем",– деген ой менен сенин мойнуңан бекем кучактап, чачыңдан жыттап келе бердим.

Ары-бери өткөн адамдар: "Оп, бали азамат!" – деп өтүп кетишет.

– Болду эми чарчадың,– дейм улам-улам.

– Жок-жок, сөзүңдү уккум келет. Айт!

Өзүмчө кызарып, беттерим чымырап, аран дегенде:

– Макул,– дедим.

– Жакшы уккан жокмун,– дедиң, токтой калып, жалоорудуң.

Айтайын дейм, уяламын, айтпайын десем, сен аябай чарчадың. Акырында сенин жалооруган көздөрүңдү, апакай таза пейилинди аядымбы, ким билет.

– Макул, сага эркек төрөп берейинчи?! – деп жүзүмдү көкүрөгүңө жөлөдүм. Жаш балача кубандың. Көздөрүмдөн, жүзүмдөн, колдорумдан сүйүп, ыраазы болдуң.

Ошол күнү ак карлуу улуу тоодо аруу тилектер айтылып, чексиз бактылуулук бизге гана мээрим төккөндөй, бүгүн же эртең эле бардык максатыбыз орундалчу кейиптенип кайттык...

Аттиң дүйнө ай! Ошол Жаңы жылдагы аруу тилек-максатыбызды ким талкалады?!...

Ошондогу сүрөткө карап отуруп, бардык сөздөрүң кулагыма кайрадан жаңырат...

Кимдин бал сөзүнө , кимдин азгырыгына кирдиң, билбейм. Ушул күнгө чейин мен үчүн табышмак. Менден кандай айып таптың. Жан дилим менен сүйүп бүткүл жан дүйнөмдү арнаганымды билбей, адаштың го…

Жалындаган жаз күндөрүндө башка чоочун түнөк таптың да, менин тореңүмдү да күтпөй, айткан тилек максатыңды унутуп, таштап кеттиң…

Ошондогу менин абалымды эч ким түшүнбөсө керек эле.

Жүрөгүм бир гана “сени”деп сокконун өзүм гана сезет болчумун. Ичимдеги бала чоңойгон сайын, түшүмө экөөбүз барган касиеттүү тоо кирет…

Айлар өтүп, сен тоо чокусунда суранган “эркек” бала да төрөлдү…

Мезгил, учкан куш сыяктуу деген сөз чын турбайбы!

Уулуң чоңоюп, жигит болуп калды. А сен ата болуп, бир ирет келип көзүңө жарабадың. Мейли, сага да түшүнөм. Турмушта адаштың. Кайра-кайра үй-бүлө күтүп, ар бир аялыңда бирден-экиден бала кетип, кыйналып калганыңды досторуң мага жолукканда айтып калышат.

Мейли, тагдыр экен, арга жок.

Бир гана өкүнгөнүм – уулуң ата мээримине зар болуп чоңоюуда. Эч нерседен кем болгон жок. Менин бактыма акылдуу,эстүү, намыскөй, мээримдүү. Ылайым өмүрүң берсин жараткан!

Бирок “Ата” – деген ыйык сөздү айтып эркелеп, чоңойбоду деп өзүмчө капаланам.

Кайсы бир күнү хадистерден окуганым эсиме түштү:

Бир акылман карыя көчөдөн, буркурап ыйлап келген небересине кошулуп, кадимкидей көздөрүнөн жаш чубуруп ыйлады дейт.

Сырттан кирип келген уулу, эмне болду сизге, тынчылыкпы? – Көз жашын сүрткөн карыя оор улутунуп:


– Ооба, уулум тынчылык эле. Өзүмдүн армандуу балалыгым эсиме түшүп жашып кеттим. Анткени, мени жалгыз апам чоңойткон болчу. Атам мен төрөлө элек кезде башка аялга кетип калган экен. Өмүр бою мен “Ата”деген ыйык сөзгө зар болуп, кусаланып, апама көрүнбөй ыйлап алчу элем. Неберем ыйлап “Атаке”,-деп мага келди. А мен болсо эч кимге көрүнбөй дубалга жөлөнүп, ыйлачумун. Бул менин түгөнбөгөн, айтылып бүтпөгөн арманым, уулум… Эч ким ыйык “Ата”– деген сөздөн айрылбасын…”– дейт оор улутуна. Ошол акылман карыянын тагдыры менин көңүлүмө уюду…

Билесиңби, сен менден эмнеге жүзүңдү алып качтың. Кайра ордуңан туруп саламдашып, уулуңду сурасаң деле болот эле го…

Мен сенин көңүлүңдү калтырган сөз сүйлөгөн эмес элем. Аз убакыт чогуу жашасак да, эң ынтымактуу, таттуу күндөрдү өткөргөнүбүз эсиңдеби? Сен ар дайым мени “карлыгачым”– деп эркелетчү эмес белең?

Ошол качандыр бир кезде касиеттүү тоо чокусунда, кар кечип, колуңа көтөрүп баратып айткан аруу тилек, максаттарыңды ошол сенин “Карлыгачың”жылдар өтүп мезгили келгенде орундатаар. Ак мөңгүлүү Улуу тоонун бийик чокусуна уулуңду жетелеп барып, Улуу тоого таазим этип, ошол жерде калган экөөбүздүн жаштыгыбыз менен жолугушуп, Уулуң менен чогуу сүрөткө тартылып келээр…

## МУРЗАПАР ҮСӨН



1948-жылы 8-сентябрда мурдагы Ош облусуна караштуу Баткен районунун Кара-Булак айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Эмгек жолун Советтик Армиянын катарынан келгенден кийин 1970-жылы мектепте сүрөт мугалими болуудан баштайт. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда сырттан окуп, филология факультетин 1981-жылы аяктаган.

Алгачкы чыгармасын драма жанрынан баштаган. "Кызыл топу" тарыхый драмасы көп актылуу пьесалардын конкурсунда "Бөрү уюк" пьесасы актуалдуу маселени көтөргөндүгү үчүн акчалай сыйлыкка татып, элдик театрларга сунуш кылынган. "Ош 3000" элдик театрлардын фестивалында да Баткен элдик театры "Бөрү уюк" пьесасын коюп, экинчи орунду ээлеген.

Мурзапар Үсөн художник, скульптор, актер, режиссер, ырчы катары да белгилүү. "Манас-1000" маарекесинде өрүктөрдөн жасалган "Манас", "Алманбет" скульптуралары менен Таласта өткөн тойго катышып келди. "Эгер сен байыгың келсе, же ийгиликтин сыры эмнеде" деген философиялык баяны "Соростун" конкурсунда акчалай сыйлыкка ээ болду. Кийинки 1997-жылы жазуучу Дастанбек Бердиев менен биргеликте жазышкан «Кызыл аскада термелген алтын бешиктин эли-жери» аттуу публистикалык жыйнагынын, ага удаа "Кан Манастын бейитин издеп..." даректүү повестинин жарык көрүшү жалпы окурман журтчулугун өзүнө бурду.

"Ааламдар алкагында ", "Сакылар жери" романдары "Сабыр" басмасынан жарык көрүшү жалпы окурман журтчулугун дагы бир жолу чоң үмүткө ынандырып, деми сууп бараткан кыргыз жазма адабиятына өз салымын кошуп жатканынан дарек берет.

Бүгүнкү күндөрү жазуучу-драматургдун өнөрканасында "Менин философиям" аттуу роман-эссеси, анан "Уулдарыма кат" аттуу көп жылдык педагогикалык эмгеги, «Ыйманым, саламат бол!» ырлар топтому басылууга даяр турат.

*Чыккан китептери:*

1. "Улуу талаанын урпактары" *(эссе), Бишкек, 1993-жыл.
2. "Исседондор" (тарыхый эссе), Ош, 1996-жыл.
3. "Мекенге арзуу" (ой толгоолор) Баткен, 1997-жыл.
4. "Эгер сен байыгың келсе же ийгиликтин сыры эмнеде", (философиялык ой толгоолор) Баткен, 1997-жыл.
5. "Кан Манастын бейитин издеп" (повесть), Ош,1998-жыл.
6. "Ааламдар алкагында" (роман) Бишкек, 2001-жыл.
7. "Сакылар жери" (тарыхый роман), Бишкек, 2002-жыл.

# ПЕРЗЕНТ ПАРЗЫ

*(Аңгеме)*

Саратандын чызыраган ысыгында базарлап түшүп калдым. Үп тарткан абада чабалактаган эле адам. Андижандын жыты бурукусуган базарды аралап баратсам, бирөө желкемден таптап калды. Карай салсам, узун бойлуу, кубакай, өңү күлмүңдөгөн аксакал киши.

Бүшүркөй түшүп көрүшкөнүмдө колумду коё бербей: – Мени тааныдыңбы, уулум? – деп калды.

Акылымды пештегичем болбой: – Каратал деген аяшатаң бар деп уккан белең атаңдан?

– Уккам. Анжияндык дешчү.

– Ошо мен болом.– Кайрадан кучакташып көрүштүк.– Өмүрүңө берекет, уулум! Атаңа куюп койгондой окшоштугуңдан тааныдым. Болбосо… Мен келгенде сен жаш болчусуң.

– Улардын сүрөтүн тартып бергениңиз эсимде. Кыштын түнүндө ат менен келгенсиз.

– Унутпапсың. Ошондо эле сүрөтчү болом дечү элең.

– Ондой болбой калдык, аяшата. Азыр мугалиммин.

– А жакшы, жакшы. Анаң энең кандай, демдүү жатабы? Кышлактагы эл журтуң тынчпы?

– Шүгүр, баары тынч. Энем болсо былтыр кайтыш болгон.

– О, бу кандай?! Кабар жөнөтүп коюшпаптырлар да, туугандар. А майли, майли. Барды-келди үзүлсө эле шундай болот. Патаа деген карыбайт, балам. Жүр ондо, чайканага, аяштын арбагына багыштап куран окуп коёлу. – Аяшатам чайканага өзү баштады.

– Аяшата, Карабулакка ала кетейин да, келиниңиздин сыйын көрүң?

– Майли, уулум, Лейлек тарапка зарыл иш менен жол алгам. Барсам жакшы болот эле. Кайыр, өлбөсөм дагы жолум түшүп калаар. Досумду кантип, унутайын. Сени көргөндө Калдар тирилгендей жүрөгүм эзилип кетти. – О, бала кезде эсимде элес калган аяшатамды "Үйгө барбасаңыз шу жерде эле" деп, Баткендин назы-нааматын алдына жайнатып "аяшата алың",– деп отурдум.

– А баракалла уулум, Калдар өлбөптүр!– Көзү жашылданып көкүрөгүнө буккан сагыныч-кусасынан өзүнө-өзү ээ боло албадыбы жашып кетти.- Ыраазымын, балам! Ата-энеңдин кадырына шүгүр жеткендирсиң да. Көрө турган чактарында ызат – урматыңды көрүшсө эле болбойбу. Өлгөн менен жер тойобу. Мына мен жүрбөйүмбү өлөм деп өлалбай…

– Коюң, аяшата, балдарыңыздын күнүн көрүң.

– А карыганда берсин экен озурду. Балдар да өз күндөрүнө эсен болсун, акыл эси менен ата-энеге күйүмдүү болсун. Биздин силерден күткөнүбүз ошо. – Аяшатамын ачык айтпаса да балдарына болгон тарыныч –ызасын сезип калдым. Эртеден бери сурайын деп отургам. "Балдарыңыз навап чыккан экен да" – деп, аяшатамдын үмүт кыла жашаган күндөрүн аяп кеттим.

– Аяшэнең болсо өткөн. бечара.

Менин ыман-таклибим менен а кишиге да патаа кылдык. Кемпиринин "Баткен тарапка бир апарсаң" деп жүрүп келалбай, шунчалык зарыктырганына өкүнүп, өзүн жемелеп отурду.

– Аяшата, мен дагы шондой болдум. Энемди "Мекке-Мадинага апарам!",– деп жүрүп баралбадым. Шо сөз мойнумда карыз бойдон калды.

– А, рахматылык, Гүлбадам аяш жанга бергис зайып эле. Көңүлүн калтырбадыңбы?

– Айтканын эки кылбадым, аяшата.

– Ондо эне ыраазы болгону шо.

– Шондой болсо да көңүлдө дак калат экен.

– Майли, балам, мунуң жакшы ниет. Бирок ата өткөндө энеге, эне өткөндө атага баланын бар карыз парзы болот, билесиңби?

– Жок, билбейт экем.

– Ондо угуп тур, уулум. Куду сага окшогон жигит атасынан эрте ажырап, эне тарбиясында эр жетет. "Бечара энем мени не такилетте (абалда) жүрүп эл катарына кошту",– деп аялы экөө шунчалык парвайиш кылышчу экен. Бирок кантсе да кемпирдин көңүлүн таппаптырлар. Жигит кантерин билбей жүргөндө тең курлары менен тойго барып аксакалдардын катарында аш жеп калышат. Шо жерде кептен-кеп уланып «Кимде-ким» энесин Мекке-Мединага көтөрүп барса ак сүтүн актаган болот» – деп коюптур тамашасыбы, чыныбы, аксакалдардын бирөө.

– Шо кеп жигиттин басса турса оюнан кетпей жүрүп акыры бир күн жолго арбын даярдык көрүп энесин көтөргөн бойдон жөнөй бериптир. Айдан ай өтүп, эне-бала ысык-суукта жол азабын тартышат. "Кайталы, балам, менин ак сүтүмдү актадың!-десе да көшөрүп болбоптур уулу. Шөнтүп кеч күздүн суугуна энеси сыркоолоп, кум учурган чөлдө калышат, жигитти дагы ташпиш басып. Нарыдан-бери алачык жасап, оозуна алоолонто от жагып, энесинин ар жак-бер жагын кымтылайт. Бүрүшө муздаган кемпир алакандарын отко кактап, магдырап баратып үргүлөп кеткенби"жан от, жан эр"деп жиберет. Табы качкан энесине сүкүт сала карап отурган жигит дароо баамдап калганбы, шо жерден эле айылына кайтат. Келгендин эртеси сөз айттырып жүргөн жалгыз бой чалдардын бирине энесин «кой-айына» карабай баш ээлүү кылып перзенттик парзынан шөнтүп кутулган экен. Ушуга сен канттиң? Карыз гапти айтып башындан сакыт кылдыңбы дегеним?

– Жок, айтканга оозум барбады. Бирөөлөр аркалуу айттырсам көнбөдү.

– Бир сапар айтышың керек болчу. Али биз "адамдар өнтөт, мунтөт, күлөт" дегенибиз менен тирүү пендесине дүйнө шундай экен, балам. Кана энди, эрди-катын тең карып, балдарынын күнүн тең көрүшсө буга не жетсин. Кудай пендем десе, жуп жашатканы чын болсо бири-биринен ажырагылык кылбасын. Баарынан да эркек кишиге жүдө кыйын болот экен. Раматылык атам "кемпир мени алдыңа алсын, сенен калган күнүм кор

болом" – десе, "бу биз туруп кантип эле" – деп атама нараазы боло калчумун. Көрсө, бала деген ата-энеге сырткы тон болуп, бири-биринин ысык-суугун көтөргөн өмүр шерик экөө гана турбайбы.

Аяшатам мени көргөнүнө кушубак чери жазыла тала багжандап сүйлөп отурду. Көк чайдан кайра-кайра демдеттирем. Ата кеби түгөнчүдөй эмес. "Көкүрөктөгү атаны уккан сезимтал перзент жок турбайбы" деп кейип калдым ичимен. Балдары жөнүндө сурашка оозум барбады, өзү айтпады. Ата-энени кадырлаганыбыз менен алардын көкүрөк көксөөсү менен эсептешпейт экенбиз да, аттиң! Аяшатамдын "муну билер бала болсо канаке" деген кебинен перзент парзын мен ушундай түшүндүм.

Али бизде бирөө чалга тийсе, же бирөө кемпир алса, бирөөлөргө эле оор келгенине кайылсың. "Э эрге тийбей, жерге тийсин, карыганда" дешет. А бу тирүүлүктө жашпы, карыбы ошо адамдын көкүрөгү эмне деп жашайт, билбейт экенбиз да.

О, жашымда мынабу ырды жазып алып энеме окуп берсем жашыганы эсимде:

Жаным апам…
Өмүрүндүн ар бир күнүн гүлгө оросом,
Атамдын жытын сезип уктаар белең?
Мен дагы бир жыттоого кумар элем.

Жаным апам…
Жалгыз мөмө бышырган дарак болуп,
Жаздык менен сырдашып кантип түгүн?
Кереметиң билерсиң мындай күчтүн?

Жаным апам…

Удургуган ойлор деңизинде чайпалып, аяшатамды Ысманынын автобусуна салып коштоштум. «Асли кем болбо, балам! Өлбөсөм келем!» – деп кайта-кайта дубасын берип алкайт жарыктык. Жүрөгүмдү кыя ала кеткендей, көкүрөк жылдызымды жагып кеткендей, болду аяшатам.

"Аттиң, бу көкүрөктүү кишини билээр перзент болсо!" – деп эңшерилип турдум.



## ЖАННАТ ТААБАЛДЫ КЫЗЫ

1963-жылы 15-июлда Ош областына караштуу Ноокат районундагы Салиева колхозунда туулган. 1980-жылы Уркия Салиева атындагы орто мектепти бүтүргөн. Адабиятка кызыгуусу 1990-жылдары ойгонгон.

"Мезгил жарчысы", "За уголь", "Ноокат таңы" газеталарында ырлары жарык көрүп жүрөт.

Жакынкы аралыкта алгачкы ыр жыйнагын чыгаруунун түйшүгүндө алектенет.

### КАЙРА ЖАНАР БЕЛЕН...

Жыргал, жашоо кызгалдактай көрүнүп,
Ичте сырлар чечилишип, төгүлүп.
Жылдыз санап олтурдук суу боюнда,
Бирибиз ай, бирибиз күн көрүнүп,

Бир адамдай бейпил түндүн койнунан,
Назик сылап, жыттагылап мойнунан,
Суулар кечип, көк шиберге оронуп,
Шашылчубуз күндү күтүп той кылган.

Кол кармашып бутка турсак экөөлөп,
Кайра жанар беле ошол түрүбүз...
Неге азыр көңүл сумсак,түн узун,
Өтөр беле билинбестен күнүбүз?...

### ЖАЗ

Жаңы жаз жүзү жарык,
Мээримдүү сылайт баарын.
Айтчудай бир жаңылык,
Жүзүнөн кылат дайын.

Чымчыктар чурукташып,
Булуттар урук таштайт.
Байчечек айтып каалоо,
Кызгалдак ырын баштайт.

Көпөлөк учат, конот,
Козу-улак, музоо, ойнойт.
Талааны көркке бөлөп,
Эмгекти баары коштойт.

Уктатып мээрим көзү,
Толтура таттуу сөзү.
Баламын, апам жыты –
Карасам жаздын өзү.

## ӨМҮР ТИЛЕП

Эл оозунда эп айтылып жүргөндөй,
Эсен болсун, көзүн ачып көргөнү.
Үмүт менен өстүргөн уул-кызыны,
Экөө бирдей көрсүн өсүп-өнгөнүн.

Жалгыздыкты башка салса көнөсүң,
Сен сураба айтпайым жүрөк күйгөнүн.
Туткасы жок куруп койгон эшиктей,
Жалгыздыкты көрүп көзүм үйрөнүү.

Кош жылдыздай ээрчишкен карыларды,
Көрсөм кетет арман жашым тамылып.
Жүрөм, кантем жазганы экен тагдырдын,
Калганынын күнүн тилеп зарыгып.



## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Жаңыдан түзүлгөн Баткен облусу кандай болсо, Кыргызстан Жазуучулар Кошунунун Баткен облустук бөлүмү дагы ошондой жаш. Жаңыдан түзүлүп, өсүп-өнүгүүгө багыт алып келе жаткан облустун чыгармачыл инсандарын моралдык жактан колдоо максатында Кыргызстан жазуучулар Кошуну 2001-жылдын 6-мартында кошундун Баткен облустук бөлүмүнүн түзүү жөнүндө чечим алган. Ошол эле жылдын 16-апрелинде Кыргызстан жазуучулар Кошунунун жана Баткен облустук мамлекеттик администрациясынын демилгеси жана колдоосу астында, жазуучулардын облустук бөлүмүнүн уюштуруу чогулушу болуп, анда бөлүмдүн төрагалыгына жазуучу-драматург Мурзапар Үсөн, орун басарлыгына Жусуп Айдартеги, катчылыгына Тургунбай Жума шайланышкан.

Азыркы учурда облустук бөлүмдө 31 жазуучу катталган, булардын ичинен он беши Кыргызстан жазуучулар Кошунунун мүчөлөрү Түпкүлүгүндө көрөңгөлүү элдин катарынан көркөм чыгармачылыктын сыры терең дүйнөсүнө кызыгып, жазмакерлик менен алектенип жүрүшкөн таланттар, асыресе жаштар да арбын. Жаңы облусттагы жаңы көркөм дүбүрт өзүнүн келечегинен үмүттөндүрбөй койбойт. Көркөм чыгармачылыктын абалына, облустун аймагындагы жазуучулардын жана жаш жазмакерлердин өмүр таржымалына, чыгармачылык жолуна кызыгышкан окурмандардын катары дагы улам көбөйүп барат. Колунуздардагы сиздер таанышып чыккан био-библиографиялык - көркөм жыйнакты түзүү зарылчылыгы да мына ушундай себептен келип чыкты.

Жыйнактагы материалдар 2002-жылдын 1-июнуна карата жыйналып, Кыргыз республикасынын жазуучулар Кошунунун Баткен облустук бөлүмүндө катталган жазуучунун жана келечегинен үмүттөндүргөн талантты н өмүр баяны, көркөм чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар менен кошо көркөм чыгармаларынан да берилди. Жыйнакта жазуучулар жана жаш таланттар жөнүндө маалымат менен кошо көркөм чыгармалардын дагы камтылышындагы негизги максат-авторлордун көркөм даремети менен окурмандарды тааныштыра кетүү да болуп саналат. Мунун өзү жыйнактын биографиялык, библиографиялык жана көркөм деңгээлин арттырат деген ойдобуз.

Бирок, жыйнакта облуста жашап жана эмгектенип жаткан таланттардын өмүр таржымалы, чыгармачылыгынын көркөмдүк деңгээли, стилдик

өзгөчөлүгү жөнүндө толук маалымат камтылды дегенден алыспыз. Жыйнакты түзүүгө жазуучулардын өздөрү же жакындары жазып берген материалдар негиз болгону менен, бул али толук камтуу маалымат камтылды дегендикке жатпайт. Биз билбеген, жетишпей калган авторлор да бар чыгар. Толуктоо, тактоо, кемчиликтерин оңдоо келечектин иши. Анын үстүнө кыргыз жазма адабиятынын баштоочусу катары саналган Молдо Нияздын Баткен чөлкөмүнө аттын кашкасындай таанымал болсо да, жазылып калбагандыктан чыгармалары эл оозунда гана жашап жаткан Акмат ырчы, Шоорук ырчы, Абдрахман Шама сыяктуу жаркын таланттардын чыгармаларын жыйнап, элге жеткирүү, жыйнактын кийинки чыгарылышында кошо камтуу, келечектеги ыйык парзыбыз деп эсептейбиз.

Демек, жыйнактын деңгээли жөнүндө ой-пикириңиздерди, толуктоолорду жана сунуштарды Кыргызстан жазуучулар Кошунунун Баткен облустук бөлүмүнө жөнөтсөңүздөр, жыйнактын кийинки басылышынын сапатын жана мазмунун жакшыртууга өз салымыңыздарды кошкон болот элеңиздер.

*Тургунбай Жумаев,*  
*Акын, Кыргызстан жазуучулар*  
*Кошунунун мүчөсү.*

# МАЗМУНУ

ШАГДАМ КАДАМ ........ 5
АБДИЛЛАБЕК АВАЗ ........ 7
Көпүрө ........ 8
Жарыкка жетемин деп... ........ 8
ГЫЛАМИДИН АБДРАХМАН ........ 9
Тажиктер баяны ........ 9
АБДИБАИТ АБДИВАЛИ ........ 15
Уктап жаткан уулума ........ 15
Жакшы акын ........ 16
Душмандарыма ........ 16
Айылдагы тегирмен ........ 17
Атаганат, болбойт эле арманым... ........ 17
Акак тишти ак маралдар салганбы. ........ 17
Барга шүгүр кылалы ........ 18
ЖУСУП АЙДАРТЕГИ ........ 19
Кыштугум ........ 20
Желгиртпечи, Кош-Кечүү ........ 20
Аскар Ражабалиге ........ 20
Кыш сүрөтү ........ 21
Көзүң тойбойт ........ 21
Азабыңа кайылмын ........ 21
Көк дайрадай мүнөзүм ........ 22
Аялыма желгирүү ........ 22
Бар болгула, Аялзат ........ 23
Генерал Абжалил Жамаловго ........ 23
Террор – адамзат азабы ........ 23
Жазуучу Апызалы Кочкоровго ........ 24
Баары керек: ........ 24
АЙИПХАН АХМАТ ........ 25
Жакшылык ........ 25
ХАЙИТАЛИ АТАБАЙ ........ 29
Ooган элине ........ 29
"Унутулгус жоокерге" ........ 30
Ажал болсо жеңемин деп жакалайт. ........ 31
Баткен коогалаңы ........ 31
Азиздин махабаты ........ 32

СЫРАЖИДИН БУРХАН ........ 33
Көрүшүп турсак дагы ........ 33
Ах, жамгыр ........ 34
Саламат Садыковага ........ 34
АБДИНАБИ ДААБЕК ........ 35
Асылым тоолор... ........ 35
ТОКСЕЙИТ ДЫЙКАН ........ 39
Кайберен болуп кеттиңби? ........ 39
Каникулда түн узак ........ 40
Кантип сени унутам ........ 40
"Үзүлбөгөн үмүттөр" ........ 41
"Каркыралар кайтар бир күн" ........ 41
"Поэзияга" ........ 42
Келчи мага ........ 43
Сырын айткан сулууга ........ 43
АЙДАРАЛИ ЖАПАР ........ 44
Бийик туруп... ........ 45
Учат мезгил ........ 46
Айлыма ........ 47
АТАКУЛ ЖАКЫП ........ 49
Кайдасың, Бегимайы махабаттын? ........ 52
Кат күткөн күндөр ........ 53
Балалыктын сүрөтүнө ........ 54
АБДЫМАННАН ЖАЛИЛ ........ 54
Энеке, тосподуң ........ 55
Күзгү этюд ........ 55
Алыкул менен жолугуу ........ 56
РАЗИЯ ЖОЛДОШ КЫЗЫ – ........ 57
Айдеркеним ........ 57
Кызыма ........ 57
Акро ыр же Алимжан ........ 57
ТУРГУНБАЙ ЖУМА ........ 58
Мен жана бакыраң көз балдар ........ 59
Биринчи апрель ........ 59
Өткөндү эстеп ........ 60
Ырга айлантып өзүндү ........ 60
Сүйүүнүн келиши ........ 61
Кумар көзгө ........ 62
Жылдызың качан жанат? ........ 63
Сенин жылуу элесиң ........ 63
Карап кой ........ 64

УРПИЯ БАЛТАБАЙ КЫЗЫ ........ 65
Тилек ........ 65
Туулган жерге ........ 66
Мөлтүр булак ........ 66
Апама ........ 66
Эне болуу кандай бакыт! ........ 67
Кызыма ........ 67
Улуу сезим ........ 68
Жашоону сүйө билген акын эле. ........ 68
Мугалимдер ........ 69
Элдин кызы ........ 69
МАХАММАТЖАН ИБРАГИМ ........ 71
Жааган карды карап турдум ........ 71
Асмандын көз карашы ........ 71
ТУРДАЛИ ИМАТ ........ 72
Козу Баглан ........ 73
Айгүл тоого ........ 74
Аппак кар ........ 74
Мендеги махабат ........ 75
Таарынба ........ 75
Ыр жаратуу ........ 75
Жүрөк жалыны ........ 76
Поэзия ........ 77
Сен неге... ........ 77
Гүлсүн Кимсан кызы ........ 78
Өмүр күзү ........ 78
Эмне себеп? ........ 79
Кездешүү ........ 79
АПЫЗАЛИ КОЧКОРОВ ........ 80
Жазыксыз өлүм ........ 80
САМИДИН КУРМУШУ ........ 87
Мен ........ 87
Досума кат ........ 88
Элегия ........ 89
Ошол менмин ........ 90
Кайрылуу ........ 91
Талант өксүгү ........ 91
МАНСУР ПАРПИ ........ 93
Таалай издеген индустар ........ 93
КУРСАН ПАХЫР (ЧАНДЕКИ) ........ 95
Тагдырлар ........ 95
Жок дебе ........ 95
Элесим ........ 96

АСКАР РАЖАБАЛИ ........ 97
Сагыныч кушу ........ 98
КУРБАНАЛЫ САБЫР УУЛУ ........ 104
Анда биз... ........ 107
Нурлар ........ 107
НУУМАН СААДИ ........ 100
Накылмакамдар ........ 110
АЙСУЛУУ СААТ КЫЗЫ ........ 113
Таңкы дайра жээгинде ........ 113
Козу-Баглан – нур дайрам ........ 114
Дүйшөндүн теректери ........ 114
ӨМҮРЗАК САТТАР ........ 115
Торгой жана мен ........ 115
Энекендей сулуу табылбас ........ 116
Табышмак болду тагдыры ........ 117
Ажалга ........ 118
АЛТЫНАЙ БАТЫР КЫЗЫ ........ 120
Орүкзар-Баткен гүл багым ........ 120
Эне тилим ........ 121
Менин жаным ата Журттун кырында ........ 121
Барктагын бааатыр элдин кыргыз тилин ........ 122
Кыргыз тилим ........ 122
Болгум келет... ........ 122
САЙДИМАР СУЛТАНМУРАТ ........ 123
Алыкулга ........ 123
Кучагынан ак таң сүрөт ........ 124
Бактысын кетпеген ........ 124
Ойлорума ак жол ........ 125
АЛАБЕК ТУРДУ ........ 125
Азаптуу жол ........ 126
Таңлануу ........ 127
Түшүнгөндөр эл адамы деп койсо ........ 127
АНАРА НАЗАРАЛИ КЫЗЫ ........ 128
Улуу тоого таазим ........ 129
МУРЗАПАР ҮСӨН ........ 132
Перзент парзы ........ 133
ЖАННАТ ТААБАЛДЫ КЫЗЫ ........ 136
Кайра жанар белең... ........ 136
Жаз ........ 136
Өмүр тилеп ........ 137
ТҮЗҮҮЧҮДӨН ........ 138

Адабий көркөм чыгарма

ЖАҢЫ ДҮБҮРТ

Баткен жазуучуларынын өмүр таржымалы
жана чыгармалары камтылган
жыйнак

Түзүүчү *Тургунбай ЖУМА*
Редактору *Жусуп АЙДАРТЕГИ*
Техн. редактору *Гүлчакан САДЫКОВА*
Компьютерде көркөмдөгөн *Гүлчакан САДЫКОВА*

Терүүгө 25.07.2002. берилди. Басууга 10.10.2002
кол коюлду. №1 офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84/16.
Жөнөкөй ыкма менен басылды. 9,0 физ. басма табак.
Нускасы 1000. Келишим баада.

ОсОО «Сабыр», С. Ибраимов көчөсү, 24
АООТ «Кантская типография».